# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. № 6-7 (7-8) чыгарылышы. Июнь-Июль, 2012-ж.


*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*


Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**

***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;

***электрондук*** – dpi.office.kg@gmail.com
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08



Журналда
Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053



## Мыйзамдагы жаңылыктар

Жергиликтүү бюджеттин кирешелери тууралуу ........ 2
Катуу тиричилик калдыктарын башкаруу тууралуу ........ 2
ЖӨБ жөнүндө мыйзамдагы өзгөрүүлөр тууралуу ........ 3
Административдик-аймактык реформа тууралуу ........ 3

## ӨСИ жана «Эл үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) жаңылыктары

Жергиликтүү кеңешке шайлоолор: биздин шайлануу укугубузду ким чектейин деп жатат? ........ 4
Жай-2012 опузасы: мектептеги билим берүү реформасын үзгүлтүккө учуратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын бүлдүрүү ........ 4
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Жалал-Абад жана Каракол шаарларындагы расмий бет ачары ........ 5
Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар тууралуу парламенттик угуулар ........ 6
Айылдык муниципалитеттер 2013-жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоору боюнча коомдук угуулар өнөктүгүнө кошулушту ........ 6
Пилоттук айыл өкмөттөр гранттык макулдашууларга кол коюшту ........ 7
Пилоттук айыл өкмөттөр жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тендерге даярдык көрүү жана аны өткөрүүнүн жол-жоболору боюнча иш Планын иштеп чыгышты ........ 8
Пилоттук айылдык аймактардын эки адиси КР Каржы министрлигинде окуудан өтүштү ........ 8

## Актуалдуу тема

Сен партияга өттүңбү? Эксперттердин пикирлери ........ 9
КР Президентине кайрылуу ........ 12
ЖӨБ жана мамлекеттик башкаруу: «сур зонанын» чек арасы ........ 13
«ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө» КР мыйзам долбоору боюнча парламенттик угуулар ........ 17

## ЖӨБ ресурстары

Айыл чарбадагы ийгилик жерлерди рационалдуу башкаруудан көз каранды ........ 20
Мамкаттоо жана ЖӨБ: диалог мүмкүн ........ 26

## ЖӨБ фонундагы портрет

Самыйбек Эсенбеков, Логвиненко АА башчысы: «Өз айылына кайдыгер болбоо» ........ 29

## Юридикалык кеңеш

ЖӨБнун Каржы министрлиги жана текшерүүчү органдары менен мамилелери; аскер кызматкерлерин каттоо жана альтернативдик кызмат өтөө үчүн төлөмдөр; текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгү жана Мамэкотехинспекция тууралуу ........ 33

## Үч «Э» - экономика, экология, энергетика

«Жашыл» салыктарды киргизүү потенциалы ........ 43

## Жарандык катышуу

Жашасын жарык! Ивановканын тургундары караңгылыкты кантип жеңгендиги тууралуу баян ........ 46
Үч-Коргон айыл аймагындагы бала бакча коопсуз болуп калды ........ 48

## • Жергиликтүү бюджеттин кирешелери тууралуу

### «Салыктык эмес төлөмдөр» жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 20-июнундагы Мыйзамы

Мыйзамдын 2-беренесине жаңы түшүнүк киргизилген: «Жыйым — бул жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармоого жер казынасын колдонуучу тарабынан милдеттүү тартипте киргизилген мамлекет тарабынан аныкталган төлөмдүн түрү». Ошондой эле III-1 жаңы бөлүгү пайда болду, андагы 19-2-берене жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармоого жыйымды төлөөнүн тартибин аныктады. Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармоого жыйымдарды төлөөчү пайдалуу кендердин (курулуш материалдары катары, анын ичинде курулуш материалдарын өндүрүүдө сырье катары колдонулган пайдалуу кендерден тышкары) кен чыккан жерин иштеткен (кен казган) жана катталган жерине карабастан кен чыккан жер боюнча жергиликтүү бюджетке жыйым которгон физикалык же юридикалык жак болот. Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармоого жыйымдар жергиликтүү бюджетке пайдалуу кендерди иштетүүдөн алынган кыйыр салыктарды эсептебестен пайдадан 2 пайыз өлчөмүндө отчеттуктан кийинки айдын 20сына чейин киргизилет. Кен чыкчу жердин орун алган жери боюнча жергиликтүү бюджетке каражаттарды которуу тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

### «Үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтом

2012-жылдын 29-июнунда Кыргызстандын премьер-министри Өмүрбек Бабанов «Үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» №462 Токтомго кол койду. Бул токтомго КРда үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо механизмин өркүндөтүү максатында жана республиканын эки деңгээлдүү бюджетке өтүүсүнө байланыштуу «Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык кол коюлду. КР Каржы министрлигине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары менен биргеликте үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо механизмин киргизүү боюнча иштерди жүргүзүү тапшырылды. «Муниципалитет» журналынын кийинки санында биз жобого өз серебибизди сунуштап, үлүштүк гранттарды алуу боюнча кеңештерди беребиз.

## • Катуу тиричилик калдыктарын башкаруу тууралуу

### «Кыргыз Республикасында катуу тиричилик калдыктарын башкаруу системасын өркүндөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-июнундагы № 415 токтому

Калдыктарды коопсуз колдонуу жагындагы башкаруу системасын өркүндөтүү жана экономикалык жактан натыйжалуу институттук, уюштуруучулук шарттарды түзүү, аз калдыктуу технологияларды өнүктүрүү, калдыктарды чарбалык жүгүртүүгө максималдуу түрдө тартуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана региондук өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экология жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция менен бирдикте:

- Кыргыз Республикасынын аймагында бардык санкцияланган жана санкцияланбаган катуу тиричилик калдыктарынын таштандыларына инвентаризация жүргүзсүн;
- санитардык-коргоочу зоналарды милдеттүү түзүү менен республиканын бардык калктуу конуштарында (анын ичинде айылдык аймактарда) катуу тиричилик калдыктарынын жана уулуу калдыктар полигондорун уюштурууну жана санкцияланган таштандыларды (анын ичинде муниципалитет аралык) тариздөөнү камсыз кылсын;
- мамлекеттик - жекече өнөктөштүк механизмдерин колдонуу менен республиканын бардык калктуу конуштарында катуу тиричилик калдыктарын, экинчи ресурстарды чогултуу жана ташып чыгуу системасын оптималдаштырууну камсыз кылсын;
- катуу тиричилик калдыктарын жана экинчи ресурстарды чогултуу жана ташып чыгуу боюнча сапаттуу кызмат көрсөтүүлөр үчүн контейнерлердин жана адистештирилген автотранспорттун зарыл болгон санын камсыз кылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экология жана техникалык коопсуздук боюнча

мамлекеттик инспекция катуу тиричилик калдыктары жана экинчи ресурстарды колдонуу чөйрөсүндөгү жаратылышты коргоо мыйзамдарынын аткарылышына контролду жана көзөмөлдү күчөтсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги, облус губернаторлору, райондук мамлекеттик администрациялардын башчылары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары бир айлык мөөнөттүн ичинде:

- полиэтилен баштыктарын колдонууну бара-бара ордуна иштетүү үчүн кагаз калдыктарынын негизинде кагаз баштыктарын өндүрүүнү уюштуруу боюнча сунуш киргизсин;
- бизнес-структураларын тартуу менен полиэтилен калдыктарын чогултуу жана кайра иштетүү пункттарын уюштуруу (Бишкек жана Ош шаарлары) боюнча чара көрсүн;
- мамлекеттик-жекече өнөктөштүк принциптерин колдонуу менен жарандар эс алган жайларда, улуттук жаратылыш сейил бактарында жана башка өзгөчө корголгон аймактарда катуу тиричилик калдыктарын жана экинчи ресурстарды чогултуу жана ташып чыгуу системасын жөнгө салуу боюнча экономикалык механизмдерди киргизүү тууралуу сунуштарды берүү.

4. Облустук, райондук мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана жумуштуулук министрлиги, Кыргыз Республикасынын Маданият жана туризм министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги жана Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы менен биргеликте массалык маалымат каражаттарында туруктуу негизде катуу тиричилик калдыктарды колдонуу жана полиэтилен баштыктарын көп жолу колдонуучу сумка жана кагаз баштыктарына алмаштыруу маселелерин маалыматта чагылдырууну камсыздоо.

5. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөлдү Кыргыз Республикасынын Биринчи вице-премьер-министри жүргүзсүн.

## • Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдагы өзгөрүүлөр тууралуу

### «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 19-июнундагы мыйзамы

Мындан ары 9-беренедеги өзгөрүүлөргө ылайык, жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарына тиешелүү болгон маселелерге даярдык көрүүдө жана чечим кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары консультацияларды гана эмес, ошону менен бирге мыйзамда бекитилген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары жана жергиликтүү жамааттардын биримдиктери менен талкууларды да жүргүзүш керек. 18-беренеде көрсөтүлгөн жергиликтүү маанидеги маселелердин биринин түшүнүгү өзгөртүлдү – мындан ары бул тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо гана эмес, ошону менен бирге инвестицияларды жана гранттарды тартуу. 37-беренеде жергиликтүү кеңештин төрагасын мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу чечим кабыл алуунун тартиби өзгөртүлдү жана чыгармачыл ишмердүүлүк менен алектенүүгө укук берилди: «Өзүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда жергиликтүү кеңештин төрагасы ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын же фракциялардын үчтөн биринин демилгеси боюнча шайланган депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүк добушу менен бошотулушу мүмкүн. Шаарлардын жана райондук кеңештердин төрагалары илимий, педагогикалык жана башка чыгармачыл ишмердүүлүктөн сырткары акы төлөнүүчү башка кызмат ордун ээлөөгө укугу жок».

## • Административдик-аймактык реформа тууралуу

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-майындагы № 237-р Буйругу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 198 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында Административдик-аймактык реформанын Концепциясын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңештин курамын бекитүү тууралуу

Координациялык кеңеш бир айлык мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасында Административдик-аймактын реформасынын Концепциясын аткаруу боюнча иш-чаралардын Планын иштеп чыгыш керек жана бекитиш керек. Координациялык кеңештин курамына Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖБП долбоорунун жетекчиси Б. Ж. Бекиев кошулду.

# ӨСИ жана «Эл үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ долбоору) жаңылыктары

## Жергиликтүү кеңешке шайлоолор: биздин шайлануу укугубузду ким чектейин деп жатат?

Жогорку Кеңеш шайлоо тууралуу мыйзамга өзгөртүү киргизип, саясий партияларга кирбегендерди шайлоого катышуу укугунан ажыратканы тууралуу жаңылык коомдо кеңири талкууну жаратты. Бир топ эксперттер жана коомдук уюмдар бул кадамды жарандардын демократиялык укуктарынын бузулушу катары баалашты. 2012-жылдын 5-июнунда өткөн пресс-сессиянын жүрүшүндө буга байланыштуу өз серептерин жарандык коомдун өкүлдөрү айтышты. Пресс-сессияны Өнүктүрүү саясат институту уюштуруп, аны ЭҮЖӨБОЖ долбоору колдоду. Өз комментарийлери менен төмөнкүлөр бөлүшүштү: Надежда Добрецова, Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы, Бекболот Бекиев, ӨСИ улук өнөктөшү, ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун жетекчиси, Жалалбек Балтагулов, КР ЖӨБ биримдигинин директору жана Динара Ошурахунова, «Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы» КУ президенти. Толугу менен «М» журналынын ушул санындагы 9-13 бетинен окуңуз.



## Жай-2012 опузасы: мектептеги билим берүү реформасын үзгүлтүккө учуратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын бүлдүрүү



2012-жылдын 14-июнунда Өнүктүрүү саясат институту Борбордук Азия университети менен өнөктөштүктө «Жай-2012 опузасы: мектептеги билим берүү реформасын үзгүлтүккө учуратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын бүлдүрүү» темасына пресс-сессияны өткөрдү. ӨСИ эксперттери – Бекболот Бекиев, Асылбек Чекиров жана Надежда Добрецова, ошондой эле КР Жогорку Кеңешинин депутаты Курманбек Дыйканбаев сөз сүйлөштү. Пресс-сессиянын жүрүшүндө окуучулардын каржы ресурстарына бирдей ээ болуу декларациясынын алкагында мектептеги билим берүү реформасынын натыйжасында пайда болгон реалдуу опузалар жана коркунучтар каралып чыкты. Бирок мында реформага каражат жок деген айтылган эмес. Натыйжада жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы бүлүнүшү ыктымал деген чыныгы коркунуч пайда болду, анткени реформа үчүн каржы жоопкерчилигинин бир бөлүгү анын мойнуна жүктөлүп жатат. Толугу менен «М» журналынын апрель жана август сандарында окуңуз.

# «Эл үнү жана ЖӨБоргандарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун Жалал-Абад жана Каракол шаарларындагы расмий бет ачары





2012-жылдын 12-июнунда Жалал-Абад шаарында жана 15-июнда Каракол шаарында «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун расмий бет ачары өттү. Бет ачарга эки жүздөн ашуун адам катышып, алардын арасында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айыл өкмөт башчылары, райондук жана облустук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү жана эл аралык уюмдардын, ММК өкүлдөрү, жамааттардын лидерлери жана башка кызыкдар тараптар болду. Долбоор менен ийгиликтүү кызматташуу боюнча тажрыйбасы менен эки пилоттук айылдык аймактын – Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин АА жана Ысык-Көл облусунун Тоң районунда Төрт-Күл АА башчылары бөлүштү.

**Канат Арпачиев, Төрт-Күл АА башчысы:** «ЭҮЖӨБОЖ долбоору менен иштешип келаткан 6 ай ичинде биз көп жаңы нерсени үйрөндүк жана конкреттүү натыйжаларга жеттик. Мисалы, биз жергиликтүү калк менен биргелешип, жергиликтүү көйгөйлөрдү аныктоону жана алардын артыкчылыктуусун тандоону үйрөндүк. Бир топ иш-чаралар өттү: коомдук угуулар, айылдык жыйындар, фокус-топтор жана тренингдер. Эң башкы жетишкендик – биз жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү пландаштыруу жана башкаруу боюнча калк менен биргелешип иштешүүнүн реалдуу натыйжалуулугун жон терибиз менен сездик».

**Чолпонбек Мурзаканов, Ленин АА башчысы:** «Эң кызыгы – ушунчалык чукул мөөнөттө, 2011-жылдын декабрь айынын ортосунан 2012-жылдын март айына чейин, биз 25 иш-чара өткөргөн экенбиз. Аларга 1300дөн ашуун адам катышып, алардын дээрлик жарымы аялдар болду. Биз өз көйгөйлөрүбүздү аныктаганды жана аларды артыкчылыктуусуна карата ирээтке келтирүүнү жана мунун баарын айыл тургундары менен чогуу жасаганды үйрөндүк! Айыл өкмөттүн кызматкерлери ЖӨБ бардык ишмердүүлүгү ачык жана айкын болгондо, жарандар жергиликтүү бюджеттин кирешелери жана чыгашалары тууралуу кеңири отчет алып турганда, калк чоо-жайды түшүнө баштаганда ЖӨБ аракеттерин баалай турганын жана колдоорун түшүнүштүк. Эми бизде ички ресурстарыбыз бар болгонун жана аларды аймактын жашоо сапатын жакшыртуу үчүн кантип колдонуу керектигин билебиз».

Бет ачардын жүрүшүндө катышуучуларга долбоордун концепциясы, максаттары жана тапшырмалары, ошондой эле ишке ашырылышы пландалып жаткан гранттык программалар жана сынактар тууралуу маалыматтар берилди. Буга кошумча катышуучулар долбоордун материалдары менен басма жана электрондук түрүндө да камсыздалышты. Бет ачарда долбоорго катышуу үчүн пилоттук муниципалитеттерди тандоо тартиби ачыкталды. Тандоонун жыйынтыгы июлдун ортосунда белгилүү болот.







## Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар жана ЖӨБнын башка актуалдуу маселелери тууралуу парламенттик угуулар

2012-жылдын 19-июнунда «ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө» КР мыйзам долбоору боюнча коомдук угуулар өттү. Иш-чарага Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эксперттердин жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты. ЖӨБ актуалдуу маселелери катары төмөнкү темалар козголду: мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелери; жергиликтүү бюджеттерге карата бюджеттик саясатты жакшыртуу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер ресурстарын натыйжалуу башкаруусуна тоскоол болгон көйгөйлөр, тосмолор жана чектөөлөр жана аларды чечүү жолдору; жергиликтүү маанидеги иштердин курамын өзгөртүү аракети. Сунушталган мыйзам долбоору ыйгарым укуктарды мыйзамдын же келишимдин негизинде өткөрүп берүүнү карайт жана өткөрүп берүү зарылдыгынын негиздемесин жана анын практикалык максаттуулугун камтыйт. Мындан тышкары иш-чаранын катышуучулары мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелерин, жергиликтүү бюджеттерге карата бюджеттик саясатты жакшыртуу жана жер ресурстарын натыйжалуу башкаруу маселелерин талкуулашты. Талкуунун натыйжасында катышуучулар мыйзам долбоору боюнча бир катар сунуштарды жана кеңештерди беришти.

Коомдук угуулар ЕККУ Бишкектеги Борбору, Өнүктүрүү саясат институту, Укук жана ишкердикти өнүктүрүү Фонду, ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун колдоосу менен өткөрүлдү. Толук маалыматты жана сунуштарды «Муниципалитет» журналынын ушул санындагы 17-бетинен окуңуз.

## Айылдык муниципалитеттер 2013-жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоору боюнча коомдук угуулар өнөктүгүнө кошулушту

Бюджеттик календарга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жай мезгилинин ичинде жамааттар менен биргеликте кийинки жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоорун түзүп, талкуулаш керек. Андыктан июнда бюджеттердин долбоорлору боюнча угуулар КРнын бир топ айылдык аймактарында өттү. Айрым жерлерде талкуу өлкөдө 1999-жылдан бери иштеп келаткан жакшы белгилүү схема боюнча өттү. Анткен менен ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун үч пилоттук ЖӨБ угуулар жогорку активдүүлүгү жана жаңы инструменттерди колдонулуп өткөнү менен айырмаланды. Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин АА угуулар тууралуу толугураак «М» журналынын кийинки санынан окуңуз.



# Пилоттук айыл өкмөттөрү гранттык макулдашууларга кол коюшту




2-июнда Жалал-Абад шаарында, 14-июнда Ивановка айылында жана 15-июнда Каракол шаарында үч гранттык макулдашууга кол коюлду. Ага ылайык, ушул муниципалитеттердин ар бири миллион сомго жакын грант алышат. Ошол эле учурда долбоорду колдоо үчүн жамааттын салымы же жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттын үлүшү долбоордун жалпы баасынан 10% кем эмес болуш керек.

Эске сала кетсек, пилоттук муниципалитеттердин үчөө тең – Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактары – ушул жылдын жаз айында жамааттын муктаждыктарын аныктоо боюнча бир катар иш-чараларды өткөрүп, арткычылыктуу көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү үчүн аракет планын жана долбоорлорду иштеп чыгышты. Ар бир жамаатта долбоорлордун сынактары өткөрүлүп, алардын мыктылары каржылоого сунушталды. Ивановка АА айылдык жыйын өтүп, «Айыл – биздин үй, аны тартипке келтирели» долбоору калк арасында колдоого ээ болду (таштанды чыгаруу үчүн трактор сатып алуу). Ленин АА жыйынында «Айылдын тазалыгы – калктын ден соолугу» КТК чыгарууну уюштуруу боюнча Долбоор үчүн добуш беришти. Төрт-Күл АА тургундары жыйында көрсөтүлгөн жети долбоордун ичинен «Жергиликтүү жолдорду калыбына келтирүү» Долбоорун тандап алышты.

Ошондой эле долбоордук максаттардын жетишкендиктерин кепилдөө үчүн пилоттук муниципалитеттер бир катар шарттарды аткарууга милдеттеме алышат. Анын ичинде айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлерин товарларды, жумуштарды жана/же кызматтарды мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна үйрөтүү; жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жана гранттык каражаттарды жергиликтүү бюджеттин кирешелерине кошуу тууралуу маселени карoo; долбоорду ишке ашыруунун бардык тепкичтеринде жамаат тарабынан мониторинг жүргүзүү; гранттык долбоорду ишке ашыруунун жыйынтыктары тууралуу айылдык аймактын тургундарынын жана жергиликтүү айылдык кеңештин алдында отчет берип туруу.

Өз тарабынын ЭҮЖӨБОЖ долбоору КР мыйзамдарына ылайык товарларды, жумуштарды жана кызматтарды мамлекеттик сатып алуу жол-жоболору боюнча зарыл болгон бардык окутуучу иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө; консультацияларды камсыздап, техникалык жардам көрсөтүүгө; жеринде гранттык долбоорду ишке ашыруунун мониторингине катышууга милдеттеме алат.





# Пилоттук айыл өкмөттөр жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тендерге даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча иш Планын иштеп чыгуунун жана тендердик сатып алуулардын жол-жоболорун үйрөнүштү

Бюджеттик каражаттын эсебинен сатып алууларды өткөрүүдө ЖӨБ органдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруусун камсыздоо максатында 2012-жылдын июнь айында Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактарында «Товарларды, жумуштарды жана кызматтарды мамлекеттик сатып алууларды башкаруу» аттуу тренингдер өттү. Бул тренингдерди өткөрүү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун грантын алуу үчүн милдеттүү шарт болчу. Тренингдин катышуучулары – айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана демилгелүү топтун өкүлдөрү - «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР мыйзамы, тендерди өткөрүү тартибине талаптар менен таанышып, тендердик документтерди даярдоо жана түзүү жөндөмүнө ээ болушту. Эки күндүк тренингдин жүрүшүндө катышуучулар өз аймактарында тендерге даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча иш Планын иштеп чыгышты жана Тендердик комиссиянын курамын шайлашты.





# Пилоттук айылдык аймактардын эки адиси КР Каржы министрлигинде мамлекеттик сатып алууларды башкаруу боюнча окутуу курсунан өтүштү


ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун гранттык программасын ишке ашыруунун алкагында пилоттук Ивановка, Төрт-Күл жана Ленин айылдык аймактары атайын техниканы сатып алууга тендер өткөрүшү керек. «Кыргыз Республикасында мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, тендерге тиешелүү сертификатка ээ болгон сатып алуулар боюнча адис катышыш керек. Пилоттук айылдык аймактарда сертификатка ээ болгон адистин жоктугуна байланыштуу ЭҮЖӨБОЖ долбоору Ленин АА адиси Эмил Абдуллаевге жана Төрт-Күл АА адиси Алмазбек Шаршебаевге тиешелүү окуудан өтүп, сатып алуучу сертификатын алууга жардам берди. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин окуу борборунда «Товарларды, жумуштарды жана кызматтарды мамлекеттик сатып алууларды башкаруу» темасы боюнча апталык курсту ийгиликтүү аякташты жана ылайык келген сертификатка ээ болушту.

# Сен партияга өттүңбү?

Баш атка чыгарылган бул суроону жакын арада бардык кыргызстандыктар бири-бирине узата баштайт. Анткени мүчөлүк билет шайлоо өнөктүгүнө уруксаттын бир түрү болуп калмакчы. Ал эми партияга мүчө болбогондорду шайлоо үчүн үкөктөргө да жолотушпайт.

Иштеп жаткан мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү менен Жогорку Кеңештин депутаттары өз шайлоочуларына мына ушундай укмуштуудай белекти даярдашты. Чындыгында, президент азырынча ага кол коюудан карманып турат, бирок бул тиреш дагы канчага чейин созулары белгисиз. Бирок башка нерсе белгилүү болуп калды – бийлик майданында катаал күрөш жүрүүдө жана мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу айыпсыз курмандыкка чалынып жатат. Депутаттар элдик демилгени мамлекеттин жаңы тарыхынын бир бурчунда гана калтырууга даярданып жаткан өңдүү.

Эскерте кетсек, ЖӨБ олуттуу чыгымдарга дуушар болсо да борбордон алыстатуунун эки толкунун башынан өткөрө алды. Бул жылы үчүнчү толкун каптап келаткандай жана ал бийликтин ушул институтун түп-тамыры менен жок кылат өңдүү. Эзелки мезгилдерде калктын улуу муунуна жашыруун жалпы шайлоого кыңк этпестен үкөккө жакындоого уруксат берилчү. Анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоолор түз өтчү. Андан соң шаарларда жана айылдарда лидерлерди тандоо укугу кеңештерге өткөрүлүп берилди. Жергиликтүү шайлоочулардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катары аймактардагы депутаттар элдин атынан жана эл үчүн чечим кабыл алчу. Бул белгилүү бир деңгээлде Кыргызстан жарандарынын конституциялык укуктарын басмырлоо деп эсептелет. Бирок анда жок дегенде шаардык же райондук масштабдагы жогорку кызматка талапкерди тургундардан түзүлгөн топ көрсөтө алчу. Ал талапкерлердин арасында өзүн өзү көрсөткөндөр да бар болчу. Бир сөз менен айтканда, кандай болсо да кызматты ээлөө мүмкүнчүлүгү бар эле.



Ал арада жакында эле өткөн шайлоо өнөктүгү ылдыйкы парламенттердеги орундарга саясий күчтөрдүн буга чейин болбогондой кызыгуусун көрсөттү. 13 айылдык кеңеште эле депутаттыкка 546 талапкер – бир мандатка үч адамдан – ат салышканын айтуу гана жетиштүү болоор. Ал эми Ошто, Караколдо жана Токмокто атаандаштык бардык жоромолдордон да ашып түштү. Мында 150дөн ашуун депутаттык мандат үчүн талапкерлердин рекорддук саны ат салышты – эки миңден ашуун адам болду, бул болсо бир орунга 15 адам ат салышты дегенди билдирет.

Жакынкы жылдары эле элет тургундарын шайлоо процессине катышууга көңдүрүп келген заманды эске алганда, мындай активдүүлүктү албетте оң көрүнүш катары бааласа болот. Тажрыйба жөн эле жоголгон эмес экен. Эми саясий партиялардын лидерлери жетишкендиктерин арттырып, аймактардагы жашоону толугу менен өз эркине баш ийдирүү үчүн бардык аракеттерди көрүүдө. Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү менен Жогорку Кеңештин депутаттары мындан ары бийлик толугу менен саясий партиялардын гана колунда болушу керектигине жетише алды. Эгерде мүчөлүк китепчеге ээ болсоң, анда эч нерседен коркпостон шайлоо участогуна бара берсең болот. Эгерде партиянын тышында калсаң, анда сага эшик жабык. Тырмакчадагы демократия деп мына ушуну айт! Мындай көрүнүш атүгүл КПСС катаал башкаруусу маалында да болгон эмес!

Жарандык коом жанынын болушунча каршылык көрсөтүп жатат. Өнүктүрүү саясат институту, «Демократия жана жарандык коом үчүн» коомдук бирикмеси, башка бейөкмөт уюмдар бул көйгөйлүү теманы талкуулап, ушул сандырак кырдаалдан чыгуунун татыктуу жолун сунуштоо үчүн жолугушууларды жана тегерек үстөл талкууларын уюштуруп келатат. Анткен менен коомчулуктун үнүн башкаруучу коалициядагы саясий партиялардын лидерлеринин амбициялары басып кетүүдө.

Ушул күндөрү назардын баары президент Алмазбек Атамбаевге кадалып турат. Кызык, ушундай абалда Конституциянын гаранты кандай чечим кабыл алаар экен? Эгерде ал чындап эле бардык жарандардын укуктарын жана эркиндигин туу тутса, анда мыйзамга каршы келген өзгөртүүлөргө жол бербейт, башкача айтканда эч кимди шайлоого жана шайланууга болгон укугунан ажыратпайт. Же ал үчүн саясий партиялардын, анын ичинде өзүнүн партиясынын кызыкчылыктары баарынан да жогору турабы?

**Зинаида Сорокина,**
«Вечерний Бишкек», 11-июнь, 2012-жыл
http://members.vb.kg/2012/06/11/vlast/1.html

Сүрөттү тарткан **Шарабидин Орозалиев** - «Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде» сүрөттөр жана плакаттар сынагынын катышуучус (БУУӨП, ӨСИ, КСФ).



# Жергиликтүү кеңештердин депутаттары жеке жоопкерчиликке ээ болуш керек

**Бекболот БЕКИЕВ,** «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун жетекчиси:

Саясий партиялар аркылуу гана шайлоонун тарапкерлери аларда идеялык платформа, демек эл алдында, өлкө алдында жоопкерчилик да бар болгонун ырасташат. Белгилеп койсом: бул өтө эле шектүү тезис. Арабыздан көптөр эле бир партия экинчисинен эмнеси менен принципиалдуу түрдө айырмаланарын жакшы билеби? Же алардын жок дегенде бири коом жана адамдар үчүн анчалык маанилүү эмне жасап берди болду экен? Жооп жок.

Партияларда калган башка жарандардай эле адамдар отурат, алардын да көнүмүш адаттары жана кемчиликтери бар. Ушундан улам алардын жоопкерчилиги башкалардыкынан ашып деле кетпейт. Болгону партбашчылар өздөрү жана өз тарапкерлери үчүн аймактарда мүмкүн болушунча ыңгайлуу шарттарды түзүп берейин деп жатат. Бирок жергиликтүү элге бул керек эмес. Алар түшүнүп турат: партиядан шайланган жетекчи тургундардын алдында эмес, партиялаштарынын алдында жооп берет. Дагы бир жүйөнү келтирсе болот: эгерде адамдардын тобуна шайлоо укугун берсе, аларды кылмыштуу элементтер колдонуп кетиши мүмкүн дешет. Кооптуу. Бирок партиядан көрсөтүлгөн талапкерди эч ким колдонбойт деп ким кепилдик бере алат? Эки кырдаалда тең натыйжасы өтө оор болуп калышы ыктымал. Эң жакшысы, менимче, түз шайлоого кайтып келгенибиз дурус болот. Айыл өкмөт башчылыгына, же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайлоочулар кимди көрсөтсө, мына ошол болуш керек. Мында эч кимди күнөөлөй алышпайт жана кийинки шайлоого мындан да жоопкерчиликтүү мамиле жасашат.



# Мурдагы лидер, азыр четте

***Жалалбек* БАЛТАГУЛОВ,**
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу биримдигинин директору:

Бир жолу Караколдо өткөн жолугушууда тиги же бул партиянын буйругу менен шайланган жетекчилер жана депутаттар түпкүрүндө партсистеманын туткундары болуп калганын айтып арызданышты. Адамдар нааразы жана күзүндө шайлоо өнөктүгү кантип уюштурулар экен деп тынчсызданууда.

Тилекке каршы бүгүн бизде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун стратегиялык элеси жокко эсе. Мурдагы документ өзүн 2010-жылы жок кылып бүткөн. Мындан ары ЖӨБ органдары кантип өнүгүшү керектиги беймаалым. Өзүнчө башкаруучу структура – Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттик бар эле. Аны жоюшту. ЖӨБУА алектенген маселелердин бир бөлүгү Курулуш жана аймакты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин карамагына өттү. Айрым бир маанилүү функциялар башка структураларга өткөрүлүп берилди, же реформалоонун жүрүшүндө такыр эле жоголуп кетти.

Ушул тапта ЖӨБ карата өлкөдөгү саясат кандай? Жеке жоопкерчиликти ким алыш керек? Алдыга жылыш жок. Мына ушул өкүнүчтүү. Анткени Союз ыдырагандан кийин Кыргызстан биринчилерден болуп элдик демилгени өнүктүрүүгө киришкен эле. Начар эмес мыйзамдык база иштелип чыккан. Тажрыйбабызды үйрөнүү үчүн башка республикалардан келе башташты. Бизден кийин гана баштагандардын көбү өткөн жылдары бизден озуп кетишти. Эми биз алардан үйрөнүшүбүз керек болот. Айталы, Грузияда калкы болжол менен жүз миңге чукул Поти өңдүү төрт ири шаар толугу менен электрондук документ жүгүртүүгө өттү. Мен муну иш жүзүндө көрө алдым. Ар бир арыз берүүчү маалымат банкына киргизилген 250 түрдүү каалаган кызматты чындап эле бир сааттан аз убакыт ичинде ала алат. Бул үй-бүлөнүн курамы тууралуу маалымат, же талаштуу мүлккө байланыштуу кырдаал болушу мүмкүн. Супер ыкчам жана адамдык фактордун кийлигишүүсү жок эле. Мына ушинтип сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө коррупция менен күрөшүүдө. Дагы бир мисал – Эстония. Бул өлкөдө жакында эле калкты каттоо электрондук жол менен жүрдү.

Прогресс көзгө урунат. Бирок мамлекет тарабынан кызыгуу болгон жерде гана. Биз болсо ушул нерселерди алыстан гана байкап, сөздүн жакшы маанисинде ичибиз күйүп турат. Ойлонбостон мыйзамдарды алмаштырабыз, бирок эмнегедир жакшы жагына эмес, жаман жагына өзгөртөбүз. Азыркы өзгөртүүлөр болсо саясий партиялардын таптакыр эле алысты мээлеген максаттарын көздөйт. Алар Конституцияга карама-каршы келет, катардагы жарандардын укуктарын бузат, аларды партияга мүчө болгондорго салыштырмалуу теңсиз абалга койот.

# Бир көчөдө үч партбашчы



**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы

Биздин институт партиялык курулушка каршы чыкпайт, бирок биз партиялардын жалгыз жана талашсыз авторитет болушуна каршыбыз. Анткени тиги же бул партиянын катарына өтпөгөндөрдүн бардыгы жөнөкөй тил менен айтканда мамлекеттин коомдук-саясий турмушунан четтетилип калат экен да. Демократиялык мамлекетте мындай нерселерге жол берилбейт. Өлкөгө саясий партиялардын бийликти бир колго топтоп алганы керек эмес. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табиятына каршы келет. Партиялар ар кандай болот – солчулдар жана оңчулдар, экологиялык жана гендердик теңдик, центристтер жана лейбористтер, жашылдар жана эркин базардын тарапкерлери... Партиялык платформанын негизинде жаткан мындай идеялар аларды парламентте коргоо, мыйзамдын негизинде ишке ашыруу үчүн адамдардын башын бириктирип турат. Бирок, мисалы, алыскы айылда таза сууга муктаждыкта, асфальт төшөлгөн жолдо, канализациялык түйүндөрдө кандай глобалдуу идея жатсын? Же бала бакча партиялык принцип боюнча курула алабы? Же жаңы конушта түтүк колонканын партиялык тийиштиги кандай? Мунун бардыгы мындайча айтканда жергиликтүү маанидеги маселелер. Алар конкреттүү жергиликтүү жамааттын тургундары үчүн артыкчылыктуу деп эсептелет. Аларды чечүү укугуна кеңештер ээ. Бирок партиялар эмес. Анткен менен партиялар өз артыкчылыктуу маселелерин аралаштыргысы келип турат. Мунун натыйжасы кандай болорун Оштун мисалында көрсө болот: ал жакта бир көчөнүн тургундары жакында эле өткөн шаардык кеңешке шайлоо учурунда шаардык бюджеттин ресурстарын бөлүштүрүүдө ошол көчөнүн кызыкчылыктарын коргой турган жалпы талапкерди чыгаруунун ордуна партиялык тийиштиги боюнча бөлүнүп алып, бири-бири менен тирешти. Анткени кайсы гана партияга мүчө болбосун, жергиликтүү тургундардын бардыгы аймак таза болушун, суу түтүгү иштеп, муниципалдык автотранспорт жүрүп турушун каалайт эмеспи. Мында жашоо шартын жана сапатын жакшыртуудан башка эч кандай саясий максаттар эсепке алынбайт. Оштуктарга бирдиктүү максат үчүн биригүүгө партиялык принцип тоскоол болду. Бирок алар партиянын Бишкектеги саясий кеңешине алардын турак жай кварталына мамказынадан каражат бөлүнгөн жок жана ал жашылдандырылган жок деп даттана алышпайт да. Борбордо алардын көйгөйүн уккан эч ким жок. Ооба, бул түштүк баш калаанын тургундарынын көйгөйү. Бирок эми парламентарийлер республикада күчтөрдүн ушундай болушун нормага айландырганы жатышпайбы. Бул болсо аймактарды өнүгүү дагы бир топ мөөнөткө калтырылганынан кабар берет.

# Бөтөн каталарсыз



**Динара ОШУРАХУНОВА,**
«Демократия жана жарандык коом үчүн» КБ президенти

Партиялык курулуш эч кандай жагдайда жергиликтүү өз алдынча башкарууга кедергесин тийгизбеш керек. Тилекке каршы парламенттеги беш партиянын лидерлери мыйзамдарды өздөрү үчүн эле кабыл алып жаткандай элес калат.

Украинанын кейиштүү тажрыйбасы эске түшөт экен. Ал жакта да парламенттик республика болуп, жогору жактан төмөн карай башкаруу пирамидасын партиялык тизмелер боюнча түзүп чыгышкан. ЖӨБ маселелери менен эч ким алектенген эмес. Бул сыноо эмне менен аяктады? Украин эли кайрадан күчтүү президенттик бийликти самашууда. Биз бөтөндүн каталарын кайталабашыбыз керек деп эсептейм.

Бүгүн мамлекет ЖӨБ органдарын демилгесинен ажыратып, аларды колуна алууда. Жакында эле Аламүдүн районунун четинде кыжырды кайнаткан окуя болду. Арашан айылында жергиликтүү кеңештин сессиясында айыл өкмөт башчысын шайлашты. Депутаттар кезексиз сессияга дээрлик толук курамда чогулушту жана тирештер байкалган эмес. Анткен менен Борбордук шайлоо комиссиясы кичи парламенттин чечимин бекитүүдөн баш тартты. Болгондо да ойдон чыгарылган шылтоо менен: райондук шайлоо комиссиясынын жыйынында кворум чогулбай калган имиш. Бирок айыл өкмөт башчысын алар эмес, депутаттар шайлады да. Ортодо жаңжал чыгып кете жаздап, иш соттук териштирүүгө чейин жетти. Бирок БШК кийлигишүүсү, жумшак айтканда, мыйзамга каршы келет. Бул окуяда депутаттар шайланбаш керек болгон талапкерди шайлап алган болуш керек деген гана божомол бар. Мына ошон үчүн аларга ушундай бут тосуулар болуп жаткандыр. Өкүнүчтүү, бирок мындай окуялар күнүмдүк турмуштун бир көрүнүшү болуп калды.

Аймактарда калк партиядагылардын дарегине нааразычылыгын билдирүүдө. Адамдар аларга жогору жактан кысым жасалышына каршы чыгууда. Алар ЖӨБ органына өздөрү тааныбаган партия мүчөлөрүн эмес, алардын жанында жашаган жана иштеген, алар жакшы тааныган жана ишенген адамдарды шайлагысы келет.

# Жарандардын жергиликтүү кеңештерге депутат болуп шайланууга конституциялык укугу жөнүндө маселе боюнча
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ А.Ш.АТАМБАЕВге КАЙРЫЛУУ

Президент мырза, Кыргыз Республикасынын шаарларындагы жергиликтүү кеңештерге депутат болуп шайланууга конституциялык укугун коргоп бериүүңүздү өтүнүп, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ар түрдүү катмарларынын жана топторунун өкүлдөрүнөн турган жарандык коомдун уюмдары Сизге кайрылуу жолдоп жатышат. Конституцияга ылайык, Кыргызстандын жарандары бирдей укукка ээ жана бийликтин бир дагы бутагы ушул укуктарды адамдын жынысына, улуттук, партиялык же кандайдыр бир башка белгилерине карап чектей албайт. Болбосо өлкөдө демократиялык башкаруунун негиздери кыйрашы мумкүн жана Кыргызстан жарандарынын жана эл аралык майданда республиканын өнөктөштөрүнүн ишеними жоголушу ыктымал.

Ушул тапта бийликте турган саясий партиялардын Кыргыз Республикасынын шаарларындагы тургундардын жергиликтүү кеңештерге депутат болуп шайланууга укуктарын партиялык белгилери боюнча чектөө демилгесин тилекке каршы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары колдоп берди. Жогорку Кеңеш «Жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорун кабыл алды жана Сиздин карооңузга жиберди. Биз партиялык парламент жарандардын партиялык тийиштүүлүгүнө карабастан алардын укуктарына жана кызыкчылыктарына доо кетирүү менен партиялык системаны өнүктүрүүнү, саясий партияларды курууну артыкчылыктуу маселе деп эсептей турганын көрдүк.

Эми биздин акыркы үмүтүбүз – Сиз, жалпы эл тарабынан шайланган Президент. Сиз бул мыйзам долбоорунун тагдырына байланыштуу чечим кабыл аласыз. Сиз тандашыңыз керек болот: Сиз кимдин кызыкчылыктарын артыкчылыктуу деп эсептейсиз – бардык жарандардын кызыкчылыгынбы, же саясий партиялардынбы. Кандайдыр бир саясий уюмга мүчө болгусу келбеген, бирок жергиликтүү өз алдынча башкарууга аралашып, өз жамаатына пайда алып келүүнү каалаган жарандардын, бейформал жергиликтүү лидерлердин конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук шарттар сакталабы – мына ушул нерсе Сиз кабыл ала турган чечимге жараша болот.  Сиз кабыл алган чечим Сизди же мамлекет башчысы катары, же бийликчил партиянын лидери катары кабыл алууга жол ачат.

Жарандык коом Сиздин бул мыйзамга кол койбой туруу жөнүндө алгачкы чечимиңизди кубаттады жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызы болгон демократиялык принциптердин бузулушуна мындан ары да бөгөт коёсуз деп Сизге үмүт артты.

Сиздин бул мыйзам долбооруна каршылыгыңызды киргизгениңизге байланыштуу түзүлгөн Макулдаштыруучу комиссия кеңири коомчулуктун пикирин эсепке алган жок жана, тилекке каршы, мыйзам долбоорунун демилгечилеринин жүйөлөрүнө макул болуп, элдин кызыкчылыгын жана демократияны коргоо милдетин обочодо таштап койду. Ошол эле учурда шаардык кеңештин депутаты болуп шайлануу укугуна "партиялык монополиянын" киргизилишине каршы олуттуу жүйөлөр көңүл тышында калды. Бул жүйөлөр кыскача төмөнкүлөрдө камтылган:

Партиялык курулуштун максаты ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табиятына карама-каршы келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызы адамдарды кандайдыр бир принциптер боюнча бөлүүдө жатпайт. Ал жергиликтүү маанидеги маселелерди (таза суу менен камсыздоо, коомдук транспорттун иштеп турушу, канализация системасы, жергиликтүү жолдорду салуу жана оңдоо ж.б.) биргелешип, өз алдынча жана өз жоопкерчилиги алдында чечүү максатында адамдарды бириктирүүдө жатат. Жергиликтүү маанидеги маселелерде саясий платформа болбойт. Адамдар өз аймагын башкарууга катышыш керек жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн ЖӨБ органдары менен бирге жоопкерчиликти кошо алууну үйрөнүүшү абзел (Бишкекке келип, жогорудагы маселелердин чечилбей жатканынан улам ыңкылап уюштургандын ордуна).

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү улуттук коопсуздукка жана өлкөнүн аймактын бүтүндүгүнө коркунуч туудурбайт, айрым аймактардын автономиясын күчөтпөйт жана алардын борбордук бийликке баш ийбөөсүнө алып келбейт. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн жергиликтүү маанидеги маселелер – булар тиешелүү аймактагы калктын турмуш ишмердүүлүгүн камсыздоо маселелери, алар улуттук коопсуздукту же өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн камсыздоо маселелерине эч кандай таасирин тийгизе албайт.

Саясий контексти, коомдун өтө саясатташып кеткени жергиликтүү кеңешке күзгү шайлоо өнөктүгү маалында жаңжалдардын толкунун козгошу мүмкүн (Ошто партиялардын аракетинин айынан окуялар-

дын ушул өңдүү өнүгүүсүнүн белгилери байкалган: анда бир эле көчөнүн тургундары биригип алып, тиешелүү аймактагы жалпы көйгөйлөрдү чечкендин ордуна партиялык тийиштүүлүгү боюнча өз ара бөлүнүшкөн).

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жеке жоопкерчилиги бүгүн айылдын жана шаардын тургундары үчүн аларга жетүүдө кыйналганга жана партиялардын борбордук башкаруу органдарынан талап кылганга караганда дагы да маанилүү болуп турат (бул натыйжалуураак, анткени алардан түз эле сураса болот). Партиялык тизме боюнча шайланган депутаттар өз партиясы алдында жооптуу болоору турган иш. Жергиликтүү жамаат болсо мындай депутаттын иш жыйынтыгына оңой менен таасирин тийгизе албайт (суу менен камсыздоо системасынын же канализациянын иштебей жатканына байланыштуу адамдардын партиянын Бишкектеги борбордук комитетине, же саясий кеңешине кайрылып жаткан кырдаалды элестетүү кыйын). Мында айрым саясатчылардын партияларда саясий жоопкерчилик бар экенин жана алардан талап кылса болоорун айткан сөздөрү далилсиз.

Эл аралык укук саясий тийиштүүлүгүнө карабастан жергиликтүү шайлоолордо депутаттык мандаттарга акыйкат жетүүсүн талап кылат (ЕККУнун Копенгаген документи, Адам Укуктары боюнча БУУнун Комиссариаты, Европа Кеңешинин Венеция Комиссиясы, ЕККУнун демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча Бюросу). Жогоруда көрсөтүлгөн эл аралык документтерден үзүндүлөр кошо тиркелди.

Иш жүзүндө 2012-жылдын жаз айларында башталып, күз мезгилинде соңуна чыга турган шайлоо өнөктүгү маалында шайлоо мыйзамдарына өзгөртүү киргизүүгө жол берилбеш керек. Болбосо Ош, Каракол, Балыкчы жана Токмоктон сырткаркы шаарлардын тургундарынын укуктары бузулуп жатат. Анткени өлкөдө макамы боюнча бирдей шаарлардын жергиликтүү кеңештери түрдүү принциптер боюнча түзүлө тургандай кырдаал жаралат.

## Урматтуу Президент мырза!

Биз партиялык курулуш ыраааты менен жүрүшүн колдойбуз жана саясий партияларды өлкөнү башкарууда прогрессивдүү системанын зарыл болгон элементи деп эсептейбиз.

Анткен менен биздин ынанымыбызда, ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлиндеги "партиялык монополия" ар бир демократиялык мамлекет үчүн маанилүү институт болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жашап кетүүсүнө коркунуч жаратууда. Бул болсо жарандардын муниципалдык кызматтарга жетүүсүнүн начарлашына, жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө, миграциялык агымдардын күчөшүнө жана жалпысынан социалдык чыңалуунун артышына алып келиши ыктымал.

Өлкөдө коомдук пикирди билүү үчүн сурамжылоо жүргүзүп, бул чечимди кабыл алуунун кесепеттерин иликтеп чыгып, калктын ушул маселеге карата өз мамилесин билдирүү мүмкүнчүлүгүн алганга чейин Сизден ушул мыйзам долбооруна кол койбой турууну жана аны талкуулоону кийинкиге калтырууну өтүнөбүз.

Кыргыз Республикасынын он миңдеген жарандарынын кызыкчылыгын чагылдырган жарандык коомдун уюмдарынын атынан:

**Өнүктүрүү саясат институту,**
**башкаруу төрайымы Н. Добрецова**

**КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу биримдиги, аткаруучу директор Ж.Балтагулов**

**"Демократия жана жарандык коом үчүн" алициясы, жетекчи Д. Ошурахунова**

**"Айыл демилгеси" КУ,**
**аткаруучу директор А. Мадраимова**

**Укукту жана бизнести өнүктүрүү фонду,**
**директор А. Мусабаев**

**"Коомдук анализ институту" КУ,**
**директор Р. Карасартова**

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик башкаруу: «сур зонанын» так чек арасы[1]

**Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө жана ЖӨБда жөн гана структуралык, айрым бир учурда ийгиликсиз кайта өзгөртүүлөрдөн тышкары 20 жылдан берки реформанын жүрүшүндө мамлекеттик башкаруу органдары менен ЖӨБ органдары ортосундагы функцияларды ажырымдоо олуттуу көйгөй бойдон калып келүүдө. Башкаруунун мамлекеттик деңгээли эмне үчүн, ал эми ЖӨБ деңгээли эмне үчүн жоопкерчиликти алыш керек деген суроо суверендүү болуп жашап келаткан Кыргыз Республикасынын 20 жылдык тарыхында дээрлик бардык саясатчыларды жана практиктерди түйшөлтүп келди. Бул суроого жооп берүү аракети жана мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелерин**

[1] «Сур зона» түшүнүгүн саясий жүгүртүүгө норвегиялык саясатчы Йенс Эвенсон киргизген. Ал башында Баренц деңизиндеги акваториянын талаштуу бөлүгүн түшүндүргөн. Заманбап саясий жана аскердик тексттерде бул сөз бир чектен экинчи чекке өтүүдө чордонунда турган диалогдун, процесстин, аскерий аракеттердин мейкиндигин; же болбосо максатка жарым-жартылай жетүү дегенди түшүндүрө баштады. Төмөнкү сайттан алсаңыз болот: http://www.norge.ru/evensen_jens/ жана http://dic.academic.ru/dic.nsf/eng_rus_apresyan/41745/grey

**жакшыртуу боюнча сунуштар жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган 2012-жылдагы Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладда көрсөтүлгөн (докладдын толук тексти кеңири коомчулукка 2012-жылдын күз айларында тартууланат).**

ЖӨБ негизги принциптери төмөнкүлөр:

1) маселелерди өз алдынча чечүү;

2) чыныгы мүмкүнчүлүк;

3) маселелерди чечүү үчүн мамлекет алдында эмес, калк алдында жоопкерчилик.

Өз алдынчалуулук – калк башкаруу көйгөйлөрүн ким чечерин (ЖӨБ органдарына шайлайт) өзү аныктайт жана өз башкаруучуларын көзөмөлдөйт (алардын жоопкерчилигин камсыздайт) дегенди түшүндүрөт. Мында жергиликтүү жамааттагы иштердин абалы үчүн кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги (моралдык, саясий жана юридикалык) – жергиликтүү жамаатка гана тиешелүү маселе. Мамлекет жоопкерчиликти камсыздоо процессине жергиликтүү жамааттын демилгеси менен гана киришет.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди иштиктүү жана натыйжалуу чечүү үчүн чыныгы мүмкүнчүлүк деп эмгек, каржы жана материалдык-техникалык ресурстардын колдо болгону дегенди түшүндүрөт. Ушундан улам ЖӨБ органдары чечиши керек болгон маселелер колдогу ресурстар менен шайкеш келиш керек. Жетишерлик деңгээлде ресурстар болгон шартта жергиликтүү өз алдынча башкарууга чоң чөйрөдөгү функцияларды ишенип берсе болот. Анткен менен ресурстар аз же алар өтө борбордоштурулган болсо (3.3. бөлүмүн караңыз), анда ЖӨБ күчү жете турган маселелердин чөйрөсү бир кыйла тартыла түшөт. Бул контекстте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жоопкерчилигинин болжолдуу контурларынын жалпысы кабыл алган түшүнүгү бар. Өзгөчө так бул Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа хартиясынын 3.1 жана 9-беренелеринде көрсөтүлгөн. Ага ылайык ЖӨБ органдары «коомдук иштердин бир кыйла бөлүгүн регламенттештирүүгө жана аны башкарууга» укугу болуш керек. Ошондой эле алар «эркин колдоно ала турган өзүнүн жетиштүү каржы ресурстарына ээ болуш керек».

Ушул принциптерден улам КР Конституциясы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында чечүүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү» (2010-жылдын 27-июнундагы КР Конституциянын 110-беренеси) деп аныктаган. Анткен менен Конституция «жергиликтүү маанидеги маселелер» деген эмне экенин тактаган эмес, ошондуктан маселелерди жергиликтүү жана мамлекеттик деп бөлүштүрүү маселеси курч бойдон калууда. «Жергиликтүү маанидеги маселелер» деген термин жөнөкөй көрүнгөнү менен, анын курамынан ЖӨБнун жүк көлөмү көз каранды. Иш жүзүндө коомдук жашоодогу ар бир маселе – бул мамлекеттик да, жергиликтүү да маанидеги маселеге кирет. Мисалы, саламаттык сактоо, же билим берүү маселелери – булар мамлекеттик маанидеги маселелер, бирок алар жергиликтүү жамаат үчүн да ошондой эле деңгээлде маанилүү. Атүгүл калк отурукташкан пункттагы аймактын телегейин текши кылуу өңдүү бир караганда жергиликтүүдөй көрүнгөн маселе жалпы мамлекеттик мааниге кирген башка маселелер менен айкалышып кетет: санитария, курулуш нормалары жана эрежелер, айлана чөйрөнү коргоо, жерди жана сууну колдонуу. Ал эми бул маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик бийликтин тиешелүү органдары жооптуу (саламаттыкты сактоо, курулушту көзөмөлдөө ж.б.). Эгерде аларды эки деңгээлдин тең карамагына өткөрүп берип койсо (ЖӨБ жана мамлекеттик орган), анда бирин-бири кайталоо коркунучу жаралат жана «жети эненин колунда бала каралбай калат» өңдүү кырдаал түзүлүшү ыктымал.

Көп убакыт бою жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеси ачык бойдон калып келген, башкача айтканда ЖӨБ тууралуу мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкарууга мыйзам тарабынан ортнотулган каалаган маселелерди жүктөө мүмкүнчүлүгүн берип турган. Бул болсо мамлекетке ЖӨБ органдарынын милдеттерин  кеңири чечмелөө мүмкүнчүлүгүн берип келген. Мыйзамдарга жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, ЖӨБ органдарына тиги же бул милдеттерди (функцияларды) жүктөгөн мыйзамдардын гана тизмеги (мыйзам алдындагы акттарды – КР Президентинин указдарын, КР Өкмөтүнүн токтомдорун – эсептебегенде) 30дан ашат. Ар кайсы мыйзамдарда жана мыйзам алдындагы акттарда жергиликтүү маанидеги маселелердин чачыранды болгону (ЖӨБ милдеттери) муниципалдык кызматкерлердин гана эмес, атүгүл профессионалдык юристтердин да ишин татаалдаштырган. Жада калса көрсөтүлгөн актылар да жергиликтүү жамааттардын аларга жүктөлүп жаткан кошумча функцияларды натыйжалуу чечүүдө чыныгы мүмкүнчүлүк принциптерин (каржылык, кадрдык жана техникалык) да эске алган эмес. Мисалы, ушул кезге чейин ЖӨБ органдарына жана жергиликтүү бюджеттерге билим берүүнү каржылоо милдети жүктөлүп келет.

ЖӨБ деңгээлинде чечилген жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоодо көрсөтүлгөн тенденция 2008-жылдын 29-майына чейин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» № 99 КР мыйзамы кабыл алынганга чейин сакталып келди. Бул мыйзам ЖӨБ органдары өз эли алдында жооптуу болгон маселелердин жабык тизмесин бекиткен.  Калган башка маселелер (функциялар) мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген функцияларды аткаруу тартибинде гана чечилиш керек болчу.

Анткен менен ЖӨБ бөтөнчө функцияларынын «жабык тизмесин» белгилөө башка (тармактык) мыйзам менен акылга сыярлык деңгээлде үндөшүп кеткен жок. Мындан тышкары ЖӨБ органдарында жетиштүү

каржы жана материалдык-техникалык ресурстардын болбогону алардын өз функцияларын аткаруусун татаалдаштырууда.

ЖӨБ функциялары тууралуу мыйзамдардагы үндөштүктүн жоктугу ушул мезгилге чейин сакталууда жана мыйзамдагы жаңжалдардан тышкары, мамлекеттин жана айрым тармактык ведомстволордун көзүн кызартууда. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз функцияларынын тизмесин кеңейтип, ал эми өздөрүнө ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн «көзөмөлдөө» жана ресурстарды кайра бөлүштүрүү укугун калтырууну көздөшүүдө. Ошол эле учурда кырдаал ЖӨБ органдарынын каршылыгын жаратып, алар өздөрүнө тиешелүү болбогон функциялардан арылууну каалашууда.

Мисалы, ЖӨБ шаардык органдарынын башчылары 22 функциянын тогузу гана аларга туура өткөрүлгөн деп эсептешет[1]. Муниципалитеттер өз милдети (өз юрисдикциясында) деп тааныган функциялар эки блокко тиешелүү – өз ресурстарын (жер, бюджет) башкаруу жана жергиликтүү маанидеги коммуналдык кызматтарды (суу менен камсыздоодон тышкары) көрсөтүү. Башкача айтканда өз ресурстарын бөлүштүрүүгө түздөн-түз байланыштуу функциялар шек туудурбайт, алар иш жүзүндө ЖӨБ органдарынын карамагында турат. ЖӨБ шаардык органдарында элдик чыгармачылыкты өнүктүрүү, көрүстөндөрдүн жана китепканалардын иштешин камсыздоо боюнча милдеттер өзгөчө күмөндү жаратты: шаар башчыларынын 13 пайызы бул функциялар жергиликтүү өз алдынча башкарууга туура эмес өткөрүлүп берилген деп эсептешет. Бул жамаат ушул функцияларды ЖӨБ органдарынын кийлигишүүсүз эле өз алдынча аткара алышы менен байланыштуу. Шаарлардын эле логикасына таянып, айылдык муниципалитеттер жетиштүү ресурстар менен гана камсыздалган функцияларды өзүнүкү деп эсептөөгө умтулушат. Анткен менен элеттик ЖӨБ ресурстар чакан, андыктан алар толугу менен өзүнүкү деп тааныган функциялар да аз эле. Эгерде шаарларда мындай функциялар тогуз болсо, элетте болгону алтоо. Ошол эле учурда элеттик муниципалитеттерде функциялардын бири да «100 % өз функциябыз» деп таанылган эмес. Андыктан шаардык кесиптештерине салыштырмалуу айылдык муниципалитеттердин башчылары арасында оптимисттердин саны 7 эсе аз болгону байкалат: ЖӨБ айылдык башчыларынын 2 пайызы гана аларда «көйгөй жараткан» функциялар жок десе, шаарларда мындайлар 13 пайызды түзөт[2].

Мыйзамдагы үндөштүктүн жоктугунан тышкары мамлекеттик ыйгарым функцияларды (укуктарды) өткөрүп берүү маселеси да курч бойдон калууда. Мисалы, ЖӨБ органдары мамлекет тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарууга жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарына залака келтирүү менен ЖӨБ бюджетиндеги каражатты аларды каржылоого бурууга мажбур. Бул мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жана каржылоо механизмдеринин ушул убакытка чейин аныкталбаганы менен байланыштуу. Башкача айтканда, мамлекет ЖӨБ органдарына өз функцияларын аткаруу милдетин «жүктөп» коюп, ошол эле учурда бул үчүн зарыл болгон каражатты бөлбөйт. Ошондой эле мындай өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын көлөмү азайбастан, тескерисинче көбөйүүдө, мамлекет ЖӨБ органдарына улам жаңы милдеттерди жана тапшырмаларды өткөрүп берүүдөн тартынбай келет. Мисалы, Ош облусундагы райондордун бириндe ЖӨБ органдарына... жолбун иттерди аттуу милдети жүктөлгөн, бирок бул үчүн ЖӨБ каражаты да, кадрлары да жок, ал эми тапшырманын өзү тиешелүү мамлекеттик кызматтардын милдетине кирет. Ошол эле учурда айылдык муниципалитеттер жергиликтүү жамааттардын муниципалдык менчигин аягына чейин түзүп бүтө элек, анткени аларда объекттерге жана жерлерге муниципалдык менчик укугун мамлекеттик каттоо процессин аягына чыгарууга каражат жетишпейт.

Чийки мыйзам көйгөйү, ошондой эле мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартибинин чечилбегени башкаруунун бардык деңгээлдеринде функциялардын бирин-бири кайталашын жана жоопкерчиликсиз мамилени пайда кылат. Мисалы, 2004-жылдын 24-январындагы «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» № 8 КР мыйзамы ЖӨБ органдарын Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунан ижарага алынган жерлер үчүн дыйкандардан камсыздандыруу салыгын төлөөчү деп аныктаган. Ошол эле учурда 2004-жылдын 2-августундагы «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» КР мыйзамы камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу ишин Социалдык фонддун функциясына киргизген.

Ушул Докладды даярдоонун жүрүшүндө өткөрүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары, ошондой эле буга чейин жүргүзүлгөн изилдөөлөр ЖӨБ жөнүндө мыйзамдардын функциясы жана макамы тууралуу мыйзамдарды чукул арада текшерип чыгуу зарылчылыгын көрсөттү.

## АӨУД автордук тобунун сунуштары

ЖӨБ деңгээлинде чечилген маселелердин чөйрөсүн ЖӨБ түрүнө жараша алмаштыруу зарыл: айылдык болобу, же шаардыкпы. Шаардык өз алдынча башкарууда чечиле турган маселелердин тизмеси кеңири жана кууш (шаардын көлөмүнө жараша) болуш керек, бирок ал айылдык муниципалитеттин маселелеринин тизмесинен сөзсүз айырмаланыш керек.

Жергиликтүү маанидеги маселелер милдеттүү

[1] Градваль С., Добрецова Н., Исмаилов А., Нарусбаева У. Саясатчыларга практиктерден билдирүү: биз кантип жашап жатабыз жана жеринде жашоо сапатын жакшыртуу үчүн ЖӨБ системасында эмнени өзгөртүш керек. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын ЖӨБ өз функцияларына карата субъективдүү мамилесин социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары тууралуу отчет. – Өнүктүрүү саясат институту, 2011. – 26-бет.

[2] Ошол эле жерде, 32-бет.

жана ыктыярдуу деп бөлүнө алат. Милдеттүү маселелер – бул жергиликтүү жамаат үчүн күн сайын зарыл болгонунан улам башка деңгээлде (мисалы, жамааттын жана бизнестин күчү менен же райондук деңгээлде) натыйжалуу жана арзан чечилбей турган маселелер. Ылайыгына карап, жергиликтүү маанидеги милдеттүү маселелер катары мисалы төмөнкүлөр болушу мүмкүн: таштанды чыгаруу, көчөнү жарыктандыруу, көрүстөндөрдү кармоо жана башкаруу, айрым маалыматтарды (справка) түзүү жана берүү, муниципалдык менчикти башкаруу. Кошумча (ыктыярдуу) маселелер – бул күн сайын аткарууну жана көзөмөлдү талап кылбаган маселелер: жарнакты жайгаштыруу, улуттук искусствону жана өнөрчүлүктү колдоо, ишкерликти өнүктүрүү ж.б. Маселелерди милдеттүү жана кошумча деп бөлүштүрүүдө биринчи баскычта ЖӨБ бөтөнчө карамагына өткөрүлүп берилген 22 маселенин учурдагы тизмесинен баштаса болот. Бул тизмени ЖӨБ түрүнө жараша – шаардыкпы же айылдыкпы – милдеттүү жана кошумча маселелерге бөлүү керек.

Мамлекет ЖӨБ органдарына өз функцияларын келишимдин негизинде өткөрүп бере алат. КР Конституциясына ылайык, ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, каржылык жана башка каражаттарды кошо берүү менен өткөрүлүп берилет. Мамлекеттик ыйгарым укуктар ЖӨБ органдарына мыйзамдын же келишимдин негизинде өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

ЖӨБ органдары финансы каражаттарынын жетишсиздигинен улам атүгүл өз функцияларын аткарууда да кыйналган учурлары болот. Ошол эле маалда алар көпчүлүк өткөрүлүп берилген мамлекеттик функцияларды биринчи кезекте жергиликтүү бюджеттердеги каражаттын эсебинен аткарууга мажбур. Балким ЖӨБ органдарынын башчылары өзгөчө акыркы жылдарда де-факто өлкөдө жүргүзүлүп жаткан бийликти борбордоштуруу саясатынын шарттарында артыкчылыктарды тандоодо жергиликтүү жамааттар үчүн маанилүү маселелерди эмес, адегенде мамлекеттик функцияларды жана оозеки буйруктарды аткаруу өңдүү жаман адатты өздөштүрүп алгандай. Артыкчылыктар маселеси чыныгы борбордон алыстатуу жагына кескин өзгөрүшү керек. Анын үстүнө 2010-жылкы Конституцияда ЖӨБ органдарынын башчылары борбордук бийлик тарабынан дайындалбастан, шайлоо аркылуу тандалат деп айтылган.

Өз функцияларын каржылык жактан кубат берүү жетишсиз болгону айкын. Бул болсо ЖӨБ каржы-экономикалык негиздеринин системасында мыйзамдык өзгөрүүлөр зарыл болгонунан кабар берет. Таза суу менен жабдуу, канализация жана тазалоочу курулуштар системасынын ишин камсыздоо, муниципалдык жолдордун иштеши өңдүү, ири финансы каражаттарын талап кылган ушундай өз функцияларын аткарууда чоң тоскоолдуктардын болгону ЖӨБнун каржы тармагында мыйзамдарга өзгөртүү зарылчылыгын тастыктап турат. Элет деңгээлинде ЖӨБ органдары үчүн таза сууну жеткирүү кызматы боюнча ЖӨБ органдары менен суу колдонуучулар бирикмесинин ортосунда жоопкерчилик чөйрөсүнүн так ажырымдалышы жана мыйзамда чагылдырылышы зарыл. Айыл жеринде сыяктуу эле шаарларда да сынактын негизинде муниципалдык буйрутма системасын дагы да натыйжалуу колдонуу мүмкүн. Ушул өңдүү ыкма ЖӨБ органдарынын башчыларынын пикиринде алардын иши үчүн өтө деле маанилүү болбогон функцияларга карата да колдонулса болот.

Тилекке каршы мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби 2011-жылдын 15-июлундагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» № 101 жаңы мыйзамда кеңири чагылдырылбай калган. Ал жерде ушул маселени катаал түрдө жөнгө салуу тапшырмасы өз чечимин тапкан эмес. Муниципалитеттерде адатта каржы жагынан камсыздалбаган өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар өзгөчө көбөйүп кетти. Натыйжада мамлекеттик органдар тармактык мыйзамдардын жардамы аркылуу муниципалитеттерге атайын тармактык маселелерди чечүү үчүн багытталган мамлекеттик органдардын бюджетинен эмес, ЖӨБ кирешесинин эсебинен чечүү милдетин жүктөп койду. Натыйжада муниципалитеттердин көпчүлүгү, өзгөчө элеттиктер, дотациялык, жөнөкөй тил менен айтканда тилемчи болуп калды. Анын үстүнө алар мындай абалда өз киреше дарамети жетишсиз болгон үчүн гана эмес, аны менен кошо жергиликтүү бюджеттеги каражаттын олуттуу бөлүгү республикалык бюджеттин эсебинен каржыланышы керек болгон мамлекеттик милдеттемелерди аткарууга багытталган үчүн да калышты. Аймактык саясатка жана жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө карата мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эсебинен «жол жүрүп келген» жана муну уланта берүүдө. Муну менен мамлекет жетиштүү каржылык камсыздоосуз деле ЖӨБО өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткара алат деген байоо сезимдердин кучагында калды. Андыктан өткөрүлүп берилген функцияларды каржылоо зарылчылыгы тууралуу декларативдик ченемдерди так механизмдер менен алмаштыруу керек. Эгерде өткөрүп берүү бул механизмдерди сактабастан ишке ашырылса, анда муниципалитет бул функцияны аткарууда баш тартууга укугу болуш керек. Эң жөнөкөй механизм – жекече мамиле, б.а. муниципалитеттин түзүлүшү тууралуу ченемдик актка (ар бир айылдык аймакта ушундай ченемдик акт бар) ушул муниципалитетке өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын тизмеги тиркелсе жакшы болмок. Бул болсо муниципалитетке мамлекеттен (КР Каржы министрлигинен, КР Өкмөтүнөн, КР Жогорку Кеңешинен) жергиликтүү бюджетти түзүүдө зарыл болгон каржы ресурстарын талап кылууда өз укугун дагы да натыйжалуу коргоо мүмкүнчүлүгүн бермек. Дагы бир вариант катары топтук мамиле каралса болот: мында мамлекет бирдей ыйгарым укуктардын жыйындысын бир типтүү муниципалитеттердин тобуна келишимдин негизде өткөрүп бермек.

**АӨУД-2012 автордук тобу**

# «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө» КР мыйзам долбоору боюнча парламенттик угуулар



**Асель Мамбетова,** ӨСИ ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун юристи

Тилекке каршы 2011-жылдын 15-июлунда кабыл алынган «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» жаңы № 101 КР мыйзамы мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн жана аларды каржылоонун так механизмдерин орнотуудан буйтап кетти. Натыйжада ЖӨБ органдары мурдагыдай эле бөтөн функцияларды бекер аткаруу менен мамлекеттик органдардын «кол баласы» бойдон калышы ыктымал: бүгүнкү күндө ЖӨБ органдары 22 жергиликтүү маанидеги өз маселелерден тышкары, 18 өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды да аткарышат. Бирок ошол өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын ар бири тиешелүү түрдө түзүлгөн эмес жана каржылоо так бөлүштүрүлбөй келет.

ЖӨБ органдары көрсөткөн кызматтардын натыйжалуулугун жана сапатын арттыруу үчүн «ЖӨБ органдарына айрым бир мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө» мыйзам долбоору иштелип чыкты. Мыйзамдын долбоору мамлекеттик ыйгарым укуктарды аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансы каражаттарын кошо бермейинче жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөөгө тыюу салат. Сунушталган мыйзам долбоору ыйгарым укуктарды мыйзамдын же келишимдин негизинде өткөрүүнү караштырган жана өткөрүп берүү зарылчылыгын жана анын практикалык максаттуулугун негиздеп берүүнү талап кылат. Документте өткөрүлүп берилип жаткан ыйгарым укуктар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн тоскоолдук жаратпашы керектиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аларды аткаруу үчүн чыныгы мүмкүнчүлүктөр болгондо гана берилиши керектиги айтылган. Долбоордо мамлекеттик бийлик органдары өз мамлекеттик ыйгарым укуктарын ар бир шаарга (айылдык аймакка) да, шаарлар тобуна да (айылдык аймактарга) бере ала турганы каралган. Мыйзам долбоорунда ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө жана аткарууда мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктары жана милдеттемелери, андан тышкары ыйгарым укуктарды ишке ашырууну токтотууга негиздеме жана анын тартиби өзүнчө жазылган.

Мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште биринчи окууда өттү жана 2012-жылдын 19-июнунда ЖӨБ органдарына өзүнчө мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө КР мыйзам долбоору жана ЖӨБ актуалдуу маселелери боюнча КР ЖК жыйындар залында өткөн Парламенттик угууларда талкууланды. ЖӨБ актуалдуу маселелери катары төмөнкү темалар козголду: 1) мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелери; 2) жергиликтүү бюджеттерге карата бюджеттик саясатты жакшыртуу; 3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жер ресурстарын натыйжалуу башкаруу жана аларды чечүү жолдорун табууга тоскоол болгон көйгөйлөр, тосмолор жана чектөөлөр; 4) жергиликтүү маанидеги иштердин курамын өзгөртүү аракеттери.

Угууларга 108 адам катышты – Жогорку Кеңештин депутаттары, өкмөттүн, Президенттик аппараттын өкүлдөрү, мэрлер жана шаар, АӨ башчылар, ошондой эле коомдук жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү.

Мыйзам долбоору тууралуу алгачкы докладды ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана ЖӨБ боюнча комитетинин төрага орун басары Кенжебек Бокоев тартуулады. Ал ушул ченемдик актты кабыл алуунун зарылчылыгын жана актуалдуулугун негиздеп берди. Бокоевдин сөзүнө жооп катары мыйзам долбooруна карата бир нече сунуштар түштү. Мисалы, мыйзам боюнча өткөрүлүп бериле турган жана келишим боюнча берилиши мүмкүн болгон ыйгарым укуктарды так аныктап алуу; ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууну токтотуу тартибин кайра карап чыгуу өңдүү сунуштар болду.

Андан ары мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ор-



**ЖК Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана ЖӨБ боюнча комитетинин төрага орун басары Кенжебек БОКОЕВ:**

«Мыйзамдын долбоору мамлекеттик ыйгарым укуктарды аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансы каражаттарын кошо бермейинче жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөөгө тыюу салат. Сунушталган мыйзам долбоору ыйгарым укуктарды мыйзамдын же келишимдин негизинде өткөрүүнү караштырган жана өткөрүп берүү зарылчылыгын жана анын практикалык максаттуулугун негиздеп берүүнү талап кылат. Документте өткөрүлүп берилип жаткан ыйгарым укуктар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн тоскоолдук жаратпашы керектиги, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аларды аткаруу үчүн чыныгы мүмкүнчүлүктөр болгондо гана берилиши керектиги айтылган».

тосундагы өз ара мамилелердин аспектисине карата өз көз карашын ЖӨБ Биримдигинин директору Жалалбек Балтагулов билдирди. Өз сөзүндө Балтагулов өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды тиешесиз жөнгө салуу маселеси козголуп, мунун айынан ушундай ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн каржылоонун жоктугу өңдүү көйгөй пайда болоорун айтты. Ж. Балтагулов ушундай ыйгарым укуктардын бир нече мисалын да келтирди: салыктарды жана камсыздандыруу төлөмдөрүн жыйноо, ЖӨБ органдарынын ижарага алгандардын ордуна жер салыгын жана камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө милдети, мектептеги билим берүү маселелери. Ошондой эле ЖӨБ Биримдигинин жетекчиси штаттык түзүмгө карата пилоттук киргизүүнүн натыйжасын карап чыгууну сунуштады. Ага ылайык, муниципалитет өзүнүн айлык акы фондунун чегинде тиешелүү адистердин маянасынын көлөмүн орното алат.

Андан кийин сөздү ЭУЖӨБОЖБП долбоорунун бюджеттер аралык мамилелер боюнча эксперти Асылбек Чекиров алды. Ал билим берүү системасын каржылоодогу көйгөйлөр тууралуу маалыматты сунуштады. 2011-жылдын 20-сентябрында «Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү уюмдарын киши башына каржылоо принцибине өткөрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 563 токтомунун кабыл алынганына байланыштуу категориалдык грантты эсептөө үчүн убактылуу методика жана формула киргизилип жатат. Бул методикага ылайык, бюджеттик каржылоо талап боюнча эки булактан – республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден ишке ашырылат. Мында жергиликтүү бюджеттердин үлүшүн каржылоо корголгон беренелер боюнча да (маяна), корголбогону боюнча да аныкталат. Жаңы схема боюнча мектептеги билим берүүнү каржылоонун эки булагын колдонуу өлкөдө мектептеги билим берүү боюнча реформанын үзгүлтүккө учуроо коркунучунун жаралышына алып келди. Аны менен кошо жергиликтүү өз алдынча башкарууга да сокку урулуп жатат. Ошондой эле № 563 токтомдун талаптарын аткаруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектептердин башкаруусуна өз бюджетинин 90 пайызын өткөрүп берип, ушунун айынан өз каржы ресурстарын өз алдынча башкара албай калышы ыктымал. СБФ толук көлөмдө каржылоо боюнча талаптарды аткарбай коюу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жамааттын өзгөчө активдүү бөлүгү саналган мектеп директорлору жана жамааты ортосундагы жаңжалга себепчи болот.

Андан соң ЖӨБ органдарына жер ресурстарын натыйжалуу башкарууга тоскоол болгон көйгөйлөр, тосмолор жана чектөөлөр тууралуу УБӨФ аткаруучу директору Талант Солтобеков айтып берди.

Программалык сөз сүйлөөлөрдү «Жергиликтүү маанидеги иштердин курамын өзгөртүү аракеттери: стратегия жана тактика» темасы менен Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда Добрецова аяктады. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары адамдын өнүгүүсү үчүн адекваттуу шарттарды түзүп берүү үчүн тиешелүү ресурстарга ээ болушу керек. Мындан улам адамдын өнүгүүсү үчүн адекваттуу шарттарды түзүү үчүн тиешелүү автономия болуш керек. 2012-жылы жергиликтүү өз алдынча башкарууну көңүл чордонуна коюу менен Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында ӨСИ Кыргызстанда алгачкы жолу Улуттук статистикалык комитет менен биргелешип, адамдын өнүгүүсүнүн индексинин аймактык картасын иштеп чыкты. Изилдөөдө адамдын өнүгүүсүнүн индекси менен ЖӨБга кызыгуунун ортосунда түздөн түз байланыш; адамдын өнүгүүсүнүн индекси менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көрсөткөн кызматтарга канааттануунун ортосунда; жергиликтүү бюджеттин киреше өсүшү менен адамдын өнүгүү деңгээлинин ортосундагы тескери так көз карандуулук көрсөтүлгөн. Адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрө катары ЖӨБ тууралуу айтканда жергиликтүү маанидеги маселелердин формалдуу, мыйзамда так белгиленген тизмеги менен гана чектелбеш керек. Иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бир катар башка, мыйзамда көрсөтүлбөгөн (өзгөчө кырдаалдар, жаңжалдарды алдын алуу, салттарды жана тиричиликти башкаруу) маселелер менен алектенүүгө да туура келет. Добрецованын сөзүндө теория жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары жана функциялары жамааттын керектөөлөрүнө жараша кеңейиши мүмкүн экени, бирок тактика жүзүндө ар бир конкреттүү ыйгарым укукка карата бул маселе ресурстарга байланышы керектиги белгиленди. Анткен менен ушул тапта бир топ маселелерди ЖӨБ органдарынын мойнуна мындайча айтканда «жоопкерчиликсиз» өткөрүп берүү көрүнүшү уланып жатат. Бул маселедеги сунуштар негизинен өткөрүп берүү жоопкерчиликтүү болуш керек дегенге кептелүүдө.

# КР Жогорку Кеңешинин агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу Комитетинин "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзам долбоору жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун актуалдуу маселелери боюнча парламенттик угуулардын РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

**Бишкек шаары, 2012-жылдын 19-июну**

Кыргыз Республикасында социалдык туруктуулукту сактоо, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо жана ЖӨБ органдарынын жарандарга көрсөтүп жаткан кызматтарынын сапатын жакшыртуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкарууну мындан ары да өнүктүрө берүүнүн объективдүү зарылчылыгын таануу менен, "ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө" мыйзам долбоорунун, ошондой эле ЖӨБ өнүктүрүүдө бир катар актуалдуу маселелердин өз убагындалуулугун жана маанилүүлүгүн талкуулап, КР Жогорку Кеңешинин депутаттары, ЖӨБ органдарынын, жергиликтүү кеңештердин жана жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрү төмөнкү чараларды ишке ашыруу зарылдыгын белгилешет:

1. Парламенттик угуулардын катышуучуларынан түшкөн сунуштарды жана пикирлерди эсепке алуу менен "ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө" мыйзам долбоорун кайрадан иштеп чыгуу.

2. КР Өкмөтү мамлекеттик башкарууну мындан ары борбордон алыстатууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө карата так мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу. Бул саясатты ЖӨБ Улуттук өнүктүрүү стратегиясы түрүндө түзүү. Ушул саясатты ишке ашыруу жана Улуттук стратегиянын аткарылышы үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу орган түзүү.

3. Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажырымдоо. ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүйөсүз жана каржылык жактан камсыздабастан өткөрүп берүү практикасын токтотуу. Өткөрүп берүү жана каржылоо, анын ичинде сүйлөшүү процессин жана келишим түзүү механизмдерин иштеп чыгуу жана жайылтуу. Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө КР Конституциясына ылайык, мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары Кыргыз Республикасынын башкаруу системасында тең укуктуу өнөктөш болгонун унутпоо.

4. Бюджеттик каржылоо стандарттары (БКС), анын ичинде коммуналдык чыгашалар, республикалык бюджет боюнча милдеттемелерди толук өлчөмдө өткөрүп берүү. Категориалдык грант боюнча эсепти учурдагы формула боюнча эмес, БКС керектөөсү боюнча жүргүзүү.

5. КР Өкмөтүнө 2011-жылдын 20-сентябрындагы "Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү уюмдарын киши башына каржылоо принцибине өткөрүү жөнүндө" № 563 токтому менен бекитилген билим берүүнү каржылоого жергиликтүү бюджеттерге категориалдык грантты аныктоонун Убактылуу методикасынын жана формуласынын күчү жок деп таануу жана БКС боюнча мамлекеттик милдеттемелерди аткаруунун жаңы тартибин иштеп чыгуу. Өткөөл учурда категориалдык грантты (БКС) бөлүштүрүүдө ЖӨБ органдарынын катышуусун сактап калуу. 2014-жылга БКС боюнча каржылоону КР Билим берүү жана илим министрлигине өткөрүп берүү үчүн шарт түзүү.

6. Укукту жана бизнести өнүктүрүү фондунун "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айыл чарба багытындагы жерлерди натыйжалуу башкарууга тоскоол болуп жаткан көйгөйлөр, тосмолор жана чектөөлөр" аттуу отчетун жана айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу чөйрөсүндө мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуштарын көңүлгө алуу. ЖӨБ органдарына айыл чарба багытындагы жерлерди натыйжалуу башкарууга тоскоол болуп жаткан көйгөйлөрдү, тосмолорду жана чектөөлөрдү жоюу.

7. Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарын жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча комитетинин алдында бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, көз карандысыз эксперттердин жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу менен жумушчу топ түзүү.

8. КР Жогорку Кеңешине "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренесинде каралган жергиликтүү маанидеги иштердин тизмегин андан ары кеңейтүүгө мораторий жарыялоону сунуштоо.

# Айыл чарбанын ийгилиги жерлерди рационалдуу башкаруудан көз каранды

## *Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлерин башкаруу боюнча сунуштар*

**Талант СОЛТОБЕКОВ,** Укук жана ишкердикти өнүктүрүү фондунун аткаруучу директору

**Айыл чарба багытындагы мамлекеттик жерлерди башкаруунун укуктук базасы – бул Кыргызстандын жер, жарандык, административдик мыйзамдарынын толук бир комплекси. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каржылык базасын бекемдөө максатында мамлекет айыл чарба багытындагы мамлекеттик жерлерди башкаруу жана колдонуу (менчиктүү мүлкүн алып коюу укугунан тышкары) боюнча өз ыйгарым укуктарын өткөрүп берген. Аларга айылдык жана поселкалык кеңештердин чек арасындагы Айыл чарба багытындагы жерлердин жана жайыттардын мамлекеттик фондунун жерлери кирет. Жер-агрардык реформанын жыйынтыктоочу баскычындагы маанилүү багыттардын бири болуп, жер ресурстарын натыйжалуу башкаруу системасын жакшыртуу эсептелет. Анткен менен ушул тапта айыл чарбасы кризистик абалда турат: кайра иштетүүчү ишканалардын өндүрүш потенциалы талкаланган; айыл чарба өндүрүшүндөгү айыл чарба техникасы жана инфраструктурасы эскирген; жүгүртүүдөгү каражаттар менен камсыздоо төмөн; жер ресурстарынын сапаттык курамы начарлап, мындан улам айыл чарба продукциясынын өндүрүшү жана сапаты түшүүдө. Айыл чарбада жер өндүрүштүн негизги каражаты жана эмгектин предмети деп эсептелгендиктен жер иштетүүнүн натыйжалуулугун бир аз эле арттыруу да киреше бөлүгүндө сезилерлик өсүшкө алып келет. Ушундан улам маанилүү тыянак жасаса болот: айыл чарбаны бекемдөөнүн чыныгы жолу жерди рационалдуу колдонууну камсыздоодо жатат.**

## АЖМФ бузулуп бараткан мамлекеттик жерлерин жана жайыттарын айыл чарба жүгүртүүсүнө кантип кошуш керек?

### *АЖМФ жеринин бир түрүнөн экинчисине өткөрүү*

Жерлерди үлүштөргө бөлүштүргөндөн кийин жана аларды жеке менчикке өткөргөн соң Айыл чарба багытындагы жерлердин мамлекеттик фондунда өтө жакшы эмес жер участоктору кала берди. Ошол эле учурда АЖМФ талап кылынбаган жерлери жылдап колдонулбайт, бул болсо алардын бузулушун ого бетер тездетүүдө. Жердин түшүмдүү катмарынын эрозиясынын масштабы улам кеңейип отуруп, ага 700 миң гектар жер кабылды[1]. АЖМФ жерлеринин жалпы аянтынан жерлердин 25% ашыгы бөлүштүрүлбөгөн бойдон калып жатканы тынчсыздандырат, анткени бул алардын биологиялык жана экономикалык өндүрүмдүүлүгүнүн азайуусун же жоголуусун билдирет. Мындай жерлерге суроо талаптын болбогонунун себеби адегенде төмөнкүлөр: топурактын ашыкча нымдуу болушу, үрүн, күйүүчү май, техника менен камсыздалбаганы, сугат системасынын бузулушу, суунун жетишсиздиги, алыс жакта жайгашканы, таштактуу болгону, суугарылбаган жерлер, бийик тоолуу аймакта орун алганы. Маселени чечүү үчүн эки тоскоолдукту жеңиш керек. Биринчиси, АЖМФ дагы да баалуу жерлеринен өтө деле баалуу болбогонуна өткөрүүнүн оор жол-жоболоруна жана АЖФМ өтө деле баалуу болбогон жерлерин баалуу дегенге которуунун критерийлеринин жана жол-жоболорунун жок болгонуна байланыштуу. Экинчиси, кызыкдар болгон жер колдонуучуларын стимулдаштыра турган факторлордун болбогону.

**Сунуштар:**

- АЖМФ дагы да баалуу жерлерден башкасына, дагы да баалуу болбогонуна өткөрүү боюнча критерийлердин негизинде илимий-негиздүү жана экономикалык көрсөткүчтөр жатышы керек;
- чечим кабыл алууда субъективдүүлүктү азайтуу үчүн "Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө" Жобого өткөрүүнүн так критерийлерин жана жол-жоболорун киргизүү зарыл.

[1] Ибралиев Ж. Борбор Азия жана Кыргызстандын жашоочулары биоинженериянын продуктуларынан коркпой деле койсо болот. 24.12-2007 12:28, Бишкек – «24.kg»МА.

## *Талкаланган жайыт аймактарын колдонууда тосмолор*

Өзгөчө жакын жайгашкан (айлдын четиндеги) жайыттарды ашкере колдонуунун, ал жакта малды өтө көп жаюунун жана системага салбастан колдонуунун натыйжасында жайыт жерлери дефляцияга дуушар болгон, ушул жер участокторунда интенсивдүү бузулуу байкалууда. Бул болсо жер ресурстарын айыл чарба өндүрүшүндөгү объект катары болбой калышына алып келиши мүмкүн жана эмитеден эле стихиялык жаратылыш кырсыктарынын булагы (сел, көчкү ж.б.) боло баштады. Анткен менен ушул тапта мыйзам талкаланган жайыттарды жеке жактардын аз керектүү жер катары өздөштүрүүсүнө тыюу салат. Себеби:

- жайыттар жеке менчикке өткөрүлбөйт;
- жайыттар аз өндүрүмдүү деп таанылган жер тизмегине кошулган эмес.

Жергиликтүү инвесторлорду кызыктыруу үчүн жерлердин кайсы бир бөлүгүн өтө баалуу эмес категориядан (бузулган жайыттар) дагы да баалууга (айдоо жерлери же көп жылдык тигүүлөр) өткөрүү зарыл. Мында толугу менен өздөштүргөндөн кийин жеке менчикке өткөрүү мүмкүнчүлүгүн караштырыш керек.

Бул маселелерди чечүү бюджетке кирешелерди арттырмак. Болжол менен жергиликтүү бюджетке жер салыгынан төлөмдөр 15 эсе көбөймөк. Эгерде жайыттын 1 гектарына жер салыгынын орточо ставкасы 14 сом болсо (текшерүүгө алынган 30 АА), анда көп жылдык тигүүлөрү бар 1 гектар үчүн ал 205 сомго барабар. Ошол эле учурда бардык текшерүүгө алынган текшерүүгө алынган (мындан ары – пилоттук) 30 АА 2011-жыл үчүн айылга жакын жайгашкан жайыттар үчүн жергиликтүү бюджетке ижара акысы алынган эмес.

Айылга жакын айрым жайыттарды көп жылдык тигүүлөрү бар деген категорияга которуу менен жайыт участокторун деградациядан гана сактап калбастан, ошону менен бирге аймактардагы социалдык чыңалууну жарым-жартылай азайтууга да болот. Ошол эле учурда жер колдонуучу көп жылдык жүзүмдү өстүрүүгө жалпысынан 108 миң сом өлчөмүндө чыгашага учурап, түшүмдү жыйнаган алгачкы жылы болжол менен 67 миң сомдон (4 жылдан кийин) жана кийинки жылдары 175 миң сомдон (жүзүмдүн түшүмдүүлүгү гектарынан 70 центнерден болгондо жана 1 кг жүзүм болжол менен 25 сомго бааланганда) киреше тапмак.

**Сунуштар:**

- айыл четиндеги жайыт участокторун жеке менчикке өткөрүү анын ыйгарым укугуна кире турган башкаруу органын аныктоо;
- Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 1-беренесинде каралган "аз өндүрүмдүү жерлер" дегенге жайыттарды кошуу менен бул түшүнүктү кеңейтүү.

## *Өздөштүрүү үчүн аз продуктивдүү жерлерди берүүнүн жол-жоболору*

Аз продуктивдүү жер үлүшүн алуунун жол-жоболорун сүрөттөгөн учурдагы ченемдер абдан татаал жана чыгашалуу. Мында калктын аз жарамдуу жерлерди артыкчылыктуу өздөштүрүүсү аркылуу сапаттуу айыл чарба жерлеринин үлүшүн көбөйтүү зарылдыгы курч турат. Аз продуктивдүү жер участокторун натыйжалуу башкаруу жана алардын жарандарга жеткиликтүү болушунун иштиктүү механизмдеринин болгону – өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыздаган зарыл багыттардын бири. Мында жерлерди кайра иштетүүчү абалга жеткирүү, же жерлердин сапатын калыбына келтирүү үчүн жоопкерчилик бул жерди менчикке алгандын мойнуна жүктөлөт.

**Сунуштар:**

- жеке менчикке аз продуктивдүү жер участокторун берүү жол-жобосун жөнөкөйлөштүрүү;
- бул процессте "Киргизпрозем" (бул уюм долбоордук-сметалык документтерди даярдоого да, ошондой эле экспертизага да, атүгүл кабыл алууга да катышат, бул болсо аз продуктивдүү участокторду өздөштүрүүгө уруксат алуунун баасын көбөйтөт) уюмунун тоталдык катышуусунун зарылчылыгын текшерүү.

**1-таблица. Көп жылдык жүзүм өстүрүүчү жерди өстүрүү боюнча шарттуу чыгымдар**

| Чыгымдын түрлөрү | Өлчөө биримдиги | Саны | Бирдик үчүн баа, сом менен | Баасы, сом менен |
|---|---|---|---|---|
| Көчөттөр | даана | 3000 | 15 | 45 000 |
| Кеткен эмгек (багуу иштери) | | | | 15 000 |
| Жердин ижарасы | жыл | 4 | 2000 | 8 000 |
| Түшүмдү жыйноо | кг | 7000 | 5 | 35 000 |
| Түшүмдү кайтаруу | ай | 3 | 100 | 3 000 |
| Транспорт менен ташуу | | | | 2 000 |
| Ошону менен чыгашалар: | | | | 108 000 |

### *АЖМФ жерлерине инвестициялык сынактарга катышууга стимулдар*

АЖМФ экономикалык жактан жагымдуу болбогон жерлери толугу менен бузулуунун чегинде турат. Бул болсо жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарына оор экономикалык (жер салыгы) жана экологиялык (жаратылыш кырсыктары) кедергесин тийгизип жатат.

Экономикалык жактан жагымсыз болгон жана инвестицияны талап кылган АЖМФ жерлери топурактын ашкере нымдуулугунан, суу түйүндөрүнүн иштебегенинен, сугат суунун жетишсиздигинен, алыста жайгашканынан, таштак болгондуктан, суугарылбаганынан, бийик тоолуу аймакта жайгашканынан улам колдонулбай жатканы туруктуу тенденцияга айланды. Сапаттуу үрүндүн, жеткиликтүү күйүүчү майдын жетишсиздиги жана техника менен камсыздалбаганы кырдаалды ого бетер курчутту. Андан тышкары ыктымал инвесторлор үчүн стимулдаштыруучу факторлор (узак мөөнөттүү ижарага берүү боюнча бекем кепилдик өңдүү) жок. Кызыкдар жер колдонуучу үчүн иштелип чыккан инвестициялык долбоордук сунуштар жок.

АЖМФ суугарылган айдоо жер участоктору кыска мөөнөттүү ижарага 5тен 7 жылга чейин гана берилет. Анткен менен иш жүзүндө суугарылган айдоо жерлер ашкере нымдуулуктун айынан жок болуу коркунучунун алдында калган да окуялар болуп жүрөт. Ал эми дренаждык иштерди жүргүзүү жана толугу менен өздөштүрүү үчүн көп убакыт жана инвестиция кетип калышы мүмкүн.

ЖӨБ органдары кандай болгон күндө да жер салыгын төлөшү керек болгон АЖМФ колдонулбаган бир топ жерлери жана жайыттары бар. Бул болсо ашкере административдик иштерге (төлөмдөрдү бир чөнтөктөн экинчи чөнтөккө өткөрүү) жана банк кызматтарын төлөө үчүн өзүн актабаган чыгашага алып келүүдө. Ошол эле учурда мамлекеттик жерлердин башка категориясын колдонбогону үчүн мамлекет өзүнө өзү жер салыгын төлөгөн жок, бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу ушул өзүн актабаган чыгашаларды көтөрүүгө мажбур.

**Сунуштар:**

- АЖМФ экономикалык жактан жагымсыз болгон жерлерин узак мөөнөттүү колдонууга ижарага алгандардын укуктарын коргоо кепилдигин мыйзам жагынан камсыздоо;
- ЖӨБ органдарына АЖМФ экономикалык жактан жагымсыз болгон конкреттүү жерлери боюнча кызыкдар жер колдонуучулар үчүн инвестициялык долбоордук сунуштарды иштеп чыгуу;
- инвестициялык салымдарды баалоо боюнча критерийлерди жана жерлерди жакшыртуу индикаторлорун иштеп чыгуу;
- инвестициялык салымдарды жана жерлерди жакшыртууну баалоо боюнча Комиссиянын ыйгарым укуктарын аныктоо;
- бузулган сугат участокторун орто мөөнөттүү же 50 жылга чейин узак мөөнөттүү ижарага өткөрүүнү караштыруу;
- мамлекеттик айыл чарба жерлери колдонулбаса жер салыгын төлөөнү жокко чыгаруу боюнча КР Салык кодексинин 334-беренесинин 4-пунктуна өзгөртүү киргизүү; ошол эле учурда ЖӨБ органдарынын башчылары тарабынан кыянаттык менен пайдалануу болбошу үчүн мамлекеттик жана коомдук көзөмөлдү күчөтүү.

### *Бузулуп бараткан жайыттарга короолордун курулушу үчүн тоскоолдуктар*

Ушул тапта мыйзам жараксыз жайыт участокторуна жеке короолордун курулушуна тыюу салып келет.

Зарыл болгон инфраструктуранын, короолордун жана чабандар үчүн үйлөрдүн жоктугунан калк жайгашкан пункттардан алыста орун алган жайыт жерлери колдонулбай калууда. Мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө байланыштуу короолорду мамлекеттик жайыт жерлеринде куруу керек. Анткен менен кызыкдар тараптар өз инвестицияларынан кооптонушууда, анткени”Жайыттар жөнүндө” мыйзамдын 3-беренсине ылайык, короо үчүн жайыт участокторун жеке менчикке алуу мүмкүн эмес, бул мыйзамда жайыттар мамлекеттик менчикте деп аныкталган.

Бул тоскоолдукту жеңүү өндүрүш базасын, насыя каражатын алуу үчүн күрөө мүлкүн, мүлк үчүн салыкты, жер салыгын алууга, айыл четиндеги жайыттарга жүктү азайтып, алыскы жайыт жерлерин колдонууга мүмкүнчүлүк бермек.

**Сунуш:**

- “Жайыттар жөнүндө” КР мыйзамында жараксыз жайыт участокторунда короо куруунун тартыбин карап чыгуу.

## Жер чатактарын чечүүгө жана тартип бузуулар үчүн кимди жана кантип жоопкерчиликке тартыш керек?

### *Айыл чарба багытындагы жерлерге залакасын тийгизгени үчүн административдик жоопкерчиликке тартуу үчүн чыныгы мүмкүнчүлүк ЖӨБ органдарында жокко эсе*

Калк отурукташкан пункттарга жакын жайгашкан көпчүлүк жер үлүштөрүн дыйкандар айыл чарба өсүмдүктөрүн мал жандык жок кылып салат деп корккондуктан колдонбой келет. Мында айыл өкмөтү мыйзам бузуучуларды – малдын ээлерин жоопкер-

чиликке тартуунун натыйжалуу аспабына ээ эмес. Формалдуу түрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары административдик тартип бузуулардын 40тан ашуун түрлөрүн кароого укуктуу, анткен менен иш жүзүндө муниципалитеттер административдик тартип бузуулар жөнүндө иштерде укук колдонуу жана өндүрүш механизмдерин аныктаган документтердин жоктугунан аларды карай албайт. Иш жүзүндө ЖӨБ органы да, АА жер комиссиясы да, Жайыт комитети да практикада көп кездешкен тартип бузууларды кароого жана төмөнкү учурларда административдик жазага тартууга укугу жок:

Айыл чарба жерлерин жана башка жерлерди бузуу же күрдүү катмарды жок кылуу, аларды химиялык жана радиоактивдүү заттар, жаныбарларда учуроочу бактериялуу-мите же карантиндик жан өсүмдүктөрдө учуроочу организмдер, өндүрүштүк жана башка таштандылар жана булганган суулар менен булгоо (КР АЖКо, 184-беренеси);

Менчигинин таризине карабастан, табигый жана эгилме жайыт жерлерди зыянга учуратып, жайыттарды которуштуруп пайдалануу талабына ылайык тыныктырууга бөлүнгөн жайыттарга мөөнөтүнөн мурда мал жайуу, ошондой эле тийиштүү уруксат албастан, табигый жана эгилме жайыттар аркылуу мал айдап өтүү (КР АЖКо, 186-беренеси).

**Сунуштар:**

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына административдик иштердин өндүрүшүн аныктаган документти иштеп чыгуу; LBD (ЛАРК) компаниясы бул документти иштеп чыгууга жана жеринде киргизүүгө ар тараптуу көмөктөшүүгө даяр.
- жер мыйзамдары айыл чарба багытындагы жерлердин артыкчылыктуусунун принциптерине негизделет2; буга байланыштуу мамлекеттик жана коомдук чаралардын бардык системасы жер ээлеринин жана жер колдонуучуларынын жер мыйзамдарынын талаптарын жана жер участокторун алардын максаттуу багыттарына ылайык рационалдуу колдонуунун орнотулган режиминде сактоосун камсыздоого багытталыш керек.

## ЖӨБ органдарында мыйзамды бузгандардан жер участокторун тартып алууда чыныгы мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу

Жерге байланыштуу көпчүлүк тартип бузуулардын себептерин анализдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, алар адегенде жер колдонуучулардын өз милдеттемелерин сактабаганы, ошондой эле маморгандарда жана ЖӨБ органдарында мыйзам бузуучуларды жоопкерчиликке тартуу үчүн натыйжалуу инструменттин болбогону менен байланыштуу. Натыйжада жер маселелери боюнча, анын ичинде жерге укуктун бузулушуна, жерди максаттуу пайдаланууга, келишимдик мамилелерди аткарууга ж.б. байланыштуу жеринде бир топ жаңжалдар чыгууда. Учурдагы экономикалык шарттарда жерди колдонуу чөйрөсүндөгү тартип бузуулар адатта ЖӨБ органдарынын башчыларынын да, дыйкандардын да мыйзамдарды билбегенинен улам чыгат. Анткен менен адамдар мыйзамды билип туруп, же жоопкерчиликке тартылбайм деп үмүттөнүп, атайын карасантай ой менен бузган учурлар да кездешет. мындай учурларда ЖӨБ органдары жерди тартып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуш керек. Бирок айыл өкмөтү жер участогун тартып ала албайт, анткени бюджетте анын баасы боюнча төлөп берүүгө каражат жок. Андан тышкары тартып алынган жерди мыйзамдаштырууда маселелер жаралат, анткени буга байланыштуу нормативдик жоболор жок.

**Сунуш:**

- мыйзамда каралган учурларда жер участогун тартып алуу жол-жобосу боюнча ченемдик укуктук документти иштеп чыгуу.

## ЖӨБ органдары жер чатактарын чечүүдө чыныгы мүмкүнчүлүккө ээ эмес

Жерге байланыштуу чатактар көнүмүш көрүнүшкө айланды, анткен менен алар көп учурда зордук-зомбулук менен коштолгон жаңжал үчүн себепчи болууда. Жер кодексинин 119-беренесине ылайык, "Жерге байланыштуу укуктук мамилелерден келип чыгуучу талаштар жер участогун берген ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан чечилет. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен макул болбогон учурда жер талаштары сот тартибинде каралат". Көпчүлүк жер чатактарынын себептерин анализдөө көрсөткөндөй, адегенде жер колдонуучу мыйзамдарды сактабайт, ошондой эле ЖӨБ органдарында жергиликтүү деңгээлде чатакты мыйзамдуу чечүү үчүн натыйжалуу механизм жок. КР Жер кодексинин көпчүлүк нормалары мыйзам алдындагы акттардын процедуралык "колдоосун" талап кылган принципиалдуу учурларды гана белгилейт.

**Сунуш:**

- Жергиликтүү деңгээлде жер чатактарын чечүү боюнча ЖӨБ органдарына ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү зарыл.

## ЖӨБ органдарында жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги

Көпчүлүк ЖӨБ органдары жогорку квалификациялуу адистердин – юристтердин, агрономдордун,

[2] КР ЖКнин, 3-беренеси

ветеринарлардын жетишсизинен кыйналып келишет. Көбүрөөк кесипкөй кадрлар ЖӨБ мамлекеттик башкаруу системасындагы эң төмөнкү чынжырча катары эсептеп, бизнеске, райондук, облустук мамлекеттик администрацияларга кетүүнү туура көрүшөт. Мындан тышкары документтик камсыздоону башкаруу да чабал жүрүүдө. Белгилей кетчү жагдай, айыл өкмөт башчысы алмашканда эреже боюнча документтерди өткөрүп алуу жокко эсе, ушундан улам алар боюнча жоопкерчилик да жок. Жер комиссияларынын мүчөлөрү бузулган жана аз продуктивдүү жерлерге инвестицияларды баалоодо кыйналып келишет. Негизинен көпчүлүк учурларда АЖМФ жерлерин берүү үчүн жооптуу болгон адамдар аны берүүнүн жол-жоболорун билбейт жана тооруукту олуттуу процедуралык тартип бузуулар менен өткөрүшөт.

**Сунуштар:**

- учурдагы маселени чечүү боюнча түшүндүрүү иштерин жана биргелешип талкуулоо жана иш-чараларды жүргүзүү аркылуу жарандык коом менен өнөктөштүк мамилелерди орнотуунун эсебинен ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин аброюн арттыруу;
- архивди, учурдагы документтерди кабыл алуу жана өткөрүү, ошондой эле өндүрүштүк иштин сапаты үчүн кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу;
- жер комиссияларынын мүчөлөрүнүн квалификациясын арттыруу, анын ичинде зарыл болгон инвестициялык иштерди баалоону жана бузула баштаган жана аз продуктивдүү жерлерге инвестициялардын баасын так эсептөөгө үйрөтүү.

## *ЖӨБ органдарынын карамагына мамлекеттик жерлерди (АЖМФ жана жайыттарды) берүү боюнча өткөрүлүп берилген функцияларды ишке ашыруунун легитимсиздиги*

Мамлекеттик жерлерди колдонуу укугун ошондой укук берген документтерди каттабастан (Жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөстөн) колдонуу укугу тууралуу Мамлекеттик акт) берүү. Иш жүзүндө айылдык аймактардын башчылары АЖМФна мамактты документалдык түрдө (донорлордун жардамы менен же өз эсебинен) каттоого мажбур. Ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарымынан көбү укукту аныктоочу документ – Мөөнөтсүз пайдалануу укугу тууралуу Мамактка ээ болбостон АЖМФ жерлерин берүү функциясын ишке ашырып, муну менен КР Жер кодексинин 25-беренесин бузушууда. Анда мындай деп айтылган: "Жер участогун менчикке же пайдаланууга берүүдө жер участогуна укугун күбөлөндүргөн документ берилип, анын чеги аныкталмайынча жер участогун пайдаланууга киришүүгө тыюу салынат".

Жайыт комитетинин жайыт жерлерин башкаруу боюнча өткөрүлүп берилген функцияларды аткаруусу да мыйзамды бузуу менен ишке ашырылып жатат. Бул жерде кырдаал бир топ оор. Юридикалык жактан жайыттарды башкаруу боюнча функцияларды өткөрүп берүү болгон эмес, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөстөн) колдонуу укугу тууралуу Мамлекеттик акт жана жайыттар боюнча картографиялык материалдар өткөрүлүп берилген эмес. Бул болсо ЖӨБ органдарынын, айыл чарбачылыгынын жана башка жер колдонуучулардын аймактары ортосундагы чек арага байланыштуу бир топ талаштарды жаратып келүүдө. Бул маселелер мамлекеттик деңгээлде мыйзамдар жана Өкмөттүн токтомдору түрүндө чечилиш керек.

Жерге укукту мамлекеттик каттоо тууралуу талаптар сакталбаганы көзгө урунат, бул болсо КР ЖК 181-беренесине ылайык, ушул укуктардын анык эместигин айгинелейт. Мамлекет картаны, мамккаттоону түзүү үчүн акы төлөө жана Жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөстөн) колдонуу укугу тууралуу Мамлекеттик актты расмийлештирүү маселелерин ЖӨБ органдарынын мойнуна жүктөп келет[3].

**Сунуштар:**

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жерлерге мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн мыйзамдуулугун камсыздоо үчүн өткөрүп берүү төмөнкү жолдор менен ишке ашуусу зарыл:
- министрликтер жана ведомстволор ортосундагы ыйгарым укуктарды, функцияларды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү боюнча функционалдык анализдин илимий-негизделген жыйынтыгы боюнча;
- тиешелүү ченемдик укуктук актынын негизинде;
- мамлекеттик ыйгарым укуктарды/функцияларды өткөрүп берүү жана ишке ашыруу тартибин регламенттештирген зарыл болгон ченемдик укуктук жана ченемдик-техникалык документтерди иштеп чыккандан кийин;
- берилип жаткан кыймылсыз мүлккө расмийлештирилген укукту орноткон жана укукту аныктаган документтерди берүү менен;
- тиешелүү келишимди түзүү менен;
- материалдык, финансы каражаттарын өткөрүп берүү менен;
- өткөрүлүп берилген кызматтардын сапаты үчүн кошумча (субсидиардык) жоопкерчиликти аныктоо менен;
- мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү сапатына натыйжалуу мамлекеттик жана коомдук көзөмөл механизмин түзүү менен;
- мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү бо-

[3] "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 20-беренеси

юнча ыйгарым укуктуу органдардын ишмердүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгүн жана айкындуулугун камсыздоо менен.


### *“Жерлерди рационалдуу колдонуу” түшүнүгү чечмеленбей келет*

Жерди колдонууга жана жерлерди коргоого тиешелүү дээрлик бардык ченемдик-укуктук акттарда жер ресурстарын рационалдуу колдонуу милдеттемеси тууралуу айтылат. Анткен менен бир дагы ченемдик укуктук акт жерлерди рационалдуу колдонууну чечмелебейт жана ага мүнөздөмө бербейт. Мыйзамда ким жана кайсы ченем менен жерди рационалдуу колдонууну баалай турганы көрсөтүлгөн эмес. Тартип бузуу болгон учурларда бул кырдаал ыйгарым укуктуу жактарга жерлерди рационалдуу же рационалдуу эмес колдонуу маселесин субъективдүү тартипте чечүүгө жол ачат. Бул кырдаал ушул функцияны субъективдүү түшүнүү жана чечмелөө үчүн шарт түзүүдө.

**Сунуш:**

- КР Жер кодексинин 1-беренесинде “жерди рационалдуу пайдалануу” түшүнүгүнө кеңири аныктама берүү зарыл.


**1-диаграмма. 2001-жылдан 2011-жылга чейин АЖМФ жер аянтындагы өзгөрүүлөр, миң гектар**







**2-диаграмма. 2011-жылы АЖФМ жерлерин бөлүштүрүү**




**3-диаграмма. 2011-жылы Кыргызстандын жер фондунун айыл чарба жерлеринин жалпы аянтындагы жайыттардын үлүшү**

# Мамкаттоо жана ЖӨБ: диалог мүмкүн



**2012-жылдын май айынын этегинде КР Президентинин Мамлекеттик Түштүк резиденциясында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы 30 айыл өкмөт башчылары үчүн окутуучу семинар өттү. Семинарга ошондой эле КР МК Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин (ККМУКД) райондук бөлүмдөрүнүн жетекчилери да катышты. Жолугушуу ЕККУ тарабынан каржыланган жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан ишке ашырылган “Ресурстарды натыйжалуу башкаруунун эсебинен жаңжал потенциалын азайтуу максатында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү” долбоорунун алкагында өттү.**



Иш-чара муниципалдык менчиктеги объекттерди мамлекеттик каттоону жүргүзүү жол-жобосун түшүндүрүү жана ЖӨБ органдары менен ККМУКД жергиликтүү каттоо органдары ортосундагы натыйжалуу диалогду орнотуу максатында уюштурулду.

Семинардын натыйжасы боюнча, катышуучулар өз муниципалитеттеринде муниципалдык менчиктеги объекттерди мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча кошумча билимге ээ болушту. ЖӨБ башчыларынын өздөрүнүн айтымында, Мамкаттоонун райондук бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү менен бетме-бет жолугушуу өзгөчө пайдалуу болду. Анткени диалогдун жүрүшүндө алар өздөрүн тынчсыздандырган бир топ суроолорго жооп алышты.

Катышуучулар муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк объектисин мамлекеттик каттоонун укуктук негиздери, анын ичинде Мамкаттоонун кызматкерлери жооп кайтарууга милдеттүү болгон убакыт ченемдери менен да тааныша алышты. Мыйзам боюнча, алгачкы мамлекеттик каттоо муниципалдык мүлк жайгашкан жердеги жергиликтүү каттоо органына арыз бергенден 7 (жети) жумушчу күндүн аралыгында ишке ашырылат. Буга чейин катталган кыймылсыз мүлккө (муниципалдык менчикке) карата мамлекеттик каттоо 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт.

**Майрамбек Калыбаев, ККМУКД өкүлү, семинар-тренингдин лектору:**




«Көп учурларда ЖӨБ органдары жергиликтүү каттоо органдары аткарган иштердин так баасын аныктоодо кыйналышат. Түшүндүрө кетиш керек: жергиликтүү каттоо органдары кыймылсыз мүлккө мамлекеттик укуктарды каттоо боюнча кызматтарды "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин аймактык органдары аткарган иштердин баасы" документине ылайык монополияга каршы орган менен макулдашылган акынын негизинде ишке ашырат. Бул документке ылайык, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча кызматтардын баасы төмөнкүчө:

- физикалык жактар үчүн – 256, 71 сом,
- юридикалык жактар үчүн – салыкты эсептебегенде 641,97 сом,

Кыймылсыз мүлк тууралуу маалыматты алууга келгенде, бул кызматтын баасы төмөнкүчө:

- физикалык жактар үчүн – 78,01 сом,
- юридикалык жактар үчүн – салыкты эсептебегенде 160,79 сом".

**Абдыжапар Жаныбеков, Сузак районундагы Барпы АА башчысы:**



"Менчикти, өзгөчө жерди каттоо боюнча бүгүнкү семинар өз убагында өткөрүлүп жатат. Биз үчүн Мамкаттоо менен биргелешип, тыгыз кызматташышыбыз керек. Каттоо процессинин маанисин баарыбыз түшүнүп турабыз. Анткени анын жүрүшүндө муниципалдык менчиктеги бардык объекттерди эсепке алуу жана алардын ар бирин кылдаат текшерүү зарыл. Бирок азырынча жетишкендиктерге караганда кыйынчылыктар көбүрөөк. Мисалы, биздин айылда жылчык (скважина) бар, ал калкты таза суу менен камсыздайт. Буга чейин туура эмес чечим кабыл алынып, жылчыкты Жалал-Абад шаардык суу каналына өткөрүп коюшкан. Биз бул маселени чечүүгө катуу киришип, ал мыйзамсыз өткөрүлгөнүн аныктадык. Өткөрүп берүү тууралуу жергиликтүү кеңештин чечими талап кылынат, бирок биз аны таппай койдук. Ушул тапта сот аркылуу жылчыкты өзүбүздүн АА балансына өткөрүп алуу ниетибиз бар. Сот үчүн да жылчыкка менчик укугун каттоо маселеси маанилүү жүйө болуп берет.

Жер маселелери актуалдуу болчу, ошол бойдон кала берүүдө. Өткөн жылы мен Оштун "Гипрозем" уюмуна жерлердин инвентаризациясын өткөрүүнү – тактап, өлчөп, картага канча жерди киргизүү керектигин өтүнүп, атайын кайрылгам. Биз келишим түздүк, анын негизинде иштер жүрүп жатат жана ушул күндөрү алар дээрлик аяктап калды. Биз сугат жерлердин, сугарылбаган, короо алдындагы участоктордун чек араларын аныктап берүүнү өтүндүк. Ушул иш аяктаган соң менчик укугун каттоо маселеси сөзсүз пайда болот.

Муниципалдык менчиктеги башка объекттерди каттоо маселеси актуалдуу бойдон калууда: мектептер, бала бакчалар, медициналык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган башка мекемелер. Каттоо үчүн бир топ эле каражат керек жана аны жергиликтүү бюджеттен табуу оңой эмес. Бирок биз аракет жасап жатабыз. Мисалы, эки бала бакчаны каттоого жалпы жонунан 20 миң сом керек экен. Жыл сайын айылдык кеңештин сессиясында биз мектеп мекемелерин каттоого (бизде андай 11 объект бар) жергиликтүү бюджеттен 200-300 миң сом бөлөбүз.

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу процессинде жергиликтүү каттоо органдары менен биздин кызматташтыгыбыз чоң мааниге ээ. Мисалы, өткөн жылы АРИСтин жардамы менен биздин айылдык аймак 10 миллион сомдон ашуун суммага долбоорлорду ишке ашырды: айылдын жыйырма жылдан ашуун убакыт бою таза суу болбогон борбордук бөлүгүнө ичүүчү суу өткөрдү; ошондой эле биз объекттерди кайра куруу боюнча долбоорлорду да ишке ашырып жатабыз. Оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү процессинде чоң кыйынчылыкты объекттерге техпаспорттордун жоктугу жаратып жатат. Ушундан улам биз кайрадан Мамкаттоого кайрылып, кошумча каражат чыгымдоого мажбурбуз. Иштер ыкчам тартипте жүргүзүлүшү керектигине карабастан Мамкаттоонун жаңы кызматтарын алууга көп убакыт кеткени да чоң көйгөй.

Мен кыйтыланып, Мамкаттоо менен мамилелерибиз укмуш мыкты деп айтпайм. Түшүнбөстүктөр

да, пикир келишпестиктер да болот. Ал эми азыркы жолугушуу тил табышууга жардам берет».

**Абдимухтар Маматов, ККМУКД Сузак ЖКБ жетекчиси:**



«Муниципалдык менчикти каттоо чөйрөсүндө көйгөйлөр бир топ. Биринчиден, муниципалитеттерде мамкаттоонун кызматтарын төлөө үчүн каражат жетишсиз. Экинчиден, көпчүлүк аймактарда техпаспорт, мамакттар жана укукту аныктаган башка документтер жок. Үчүнчүдөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрү мыйзамды бузган учурлар да жок эмес. Мисалы, менин практикамда айыл өкмөтү өзүмбилемдик менен, өзүнүн токтомунун негизинде, кеңештен уруксат албастан кайсы бир объектти жеке менчикке берип койгон окуя болгон. Бизге ушундай документтер түшкөндө биз аны каттоодон баш тартабыз. Бирок ЖӨБ айрым башчылары ошону менен токтоп калбайт: мисалы, жалган, ачык өңдүү тооруктарды өткөрүп, анын жыйынтыгы боюнча бизге каттоого кайрылышат. Мындай учурда биз мыйзам бузуу жөнүндө билсек да эч нерсени далилдей албайбыз жана каттоодон өткөрүүгө мажбурбуз. Анан жамааттын мүчөлөрү же ЖӨБ органынын жаңы жетекчиси биздин иш бөлмөлөрүбүздөн чыкпай, объектти кайрадан муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнү суранып жүрүшөт. Төртүнчүдөн, бардык эле башчылар өз убагында каттоонун маанисин түшүнө беришпейт жана каттоо менчик ээсине эмес, жергиликтүү каттоо органына керек болгондой мамиле жасашат. Натыйжада алар катталбаган объекттерди жоготуп алышат да, андан соң аны кайтаруу үчүн соттошо башташат.

Негизи эле жергиликтүү өз алдынча башкарууда кадрлардын токтобогону жана мураскерлик принцибинин жоктугу – эң чоң көйгөй. Башчылар өзүнөн кийин келгендерге документтерди – укукту аныктаган документтерди, тизмелерди, объекттердин реестрлерин, инвентаризациянын жыйынтыктарын, карталарды, мамакттарды ж.б. – өткөрбөйт. Бул болсо шалаакылыктын айынан да болот, атайын да жасалат. Менин баамымда, документтерди сактоо жана өткөрүп берүү үчүн жоопкерчиликти каталдаштырыш керек. Бирок кайсы бир документ жоголуп кеткен күндө да ЖӨБ органдары бизге расмий арыз менен кайрыла алат. Ошондон кийин биздин адис документтерди калыбына келтирүү боюнча зарыл болгон аракеттерди көрөт».

**Эмильбек Тарыхчиев, ККМУКД Базар-Коргон ЖКБ жетекчиси:**



«Документтер боюнча белгиленген 15 сотик жердин ордуна иш жүзүндө 30 сотик аныкталып, артык пайда болгон учурлар кездешет. Бул артыкты биз картада башка түс менен белиглеп, ЖӨБ органдарына ушул участокторго укукту мыйзамдаштырып алууну сунуштайбыз. Атүгүл өз кезегинде буга байланыштуу системалык каттоо жүргүзүү процессинде Борбордук аппараттан расмий кат да болгон, аны биз айыл өкмөтүнө жолдодук. Артыктарды өзүнчө участокко бөлүү жана айылдык башка тургундарына берүү зарыл. Мындай кырдаалдар кеңири жайылган. Бир жолу биз артык 2440 гектар жерди аныктаганбыз».

Каттоо процессиндеги кыйынчылыктар тууралуу суроолорго катышуучулар эң кчоң кыйынчылык акча каражатынын жетишсиздигинен экенин белгилешти. **Аскарбек Шерматов, ККМУКД Ноокен ЖКБ жетекчиси:** "Көпчүлүк айыл өкмөтү кыйналып жатканын көрөбүз, алар ансыз деле мүмкүн болушунча үнөмдөп жатышат. Бирок биз да мыйзам боюнча иштешибиз керек. КР Өкмөтүнүн токтому бар, анда "муниципалдык менчиктеги объекттер жергиликтүү бюджеттен, муниципалдык жерлерди ижарага берүүдөн атайын эсепке түшкөн каражаттын эсебинен мамлекеттик каттоодон өтүш керек" деп айтылган. Кырдаалдын татаал болгонун түшүнүү менен биз ар бир жылдын башында ЖӨБ башчыларына өз бюджеттериндеги чыгаша бөлүктөн муниципалдык менчикти каттоого 200-300 миң сомдон бөлүп туруусун эскертебиз. Бүгүн Ноокен районундагы бардык мектептер, ФАПтар жана ооруканалар каттоодон өттү, бардыгында техпаспорттор жана мамакттар бар. Ошондуктан Мамкаттоо жана ЖӨБ органдары натыйжалуу өнөктөш боло алат, биздин тажрыйба муну тастыктоодо".

**Нургүл Жаманкулова,**
Коомдук маалымдоо жана байланыш адиси

# Самыйбек Эсенбеков,
## Логвиненко АА башчысы:
# “Өз айылыңарга кайдыгер карабагыла”



**Самыйбек Эсенбеков айыл өкмөт башчысы болуп 12 жылдан ашуун убакыттан бери иштеп келатат. Ал көптү көргөн – жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформасынын күүлөнүшүн, борбордон алыстатуудан, эркиндиктен баш тартууну жана толук административдик көз карандуулукту. Башчы үчүн айылдаштары менен тил табышуу кээде оңой болгон эмес: ар кимдин кыялы ар кандай эмеспи. Бирок ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул элдик бийликтин жүрөгү жана жашоо оңолушу үчүн, эртеңки күн коркутпастан, үмүт пайда кылып турушу үчүн бул жерде, айылда көп нерсе кылса болот деп ишенген жана ишене берүүдө. Логвиненко АА башчысы бир топ жылдардан бери Өнүктүрүү саясат институту менен түрдүү багыттар, анын ичинде жарандар менен маалымат алмашуу, муниципалдык каржыны жана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча кызматташып келатат. Ал эми жакында эле биз ал мектептеги билим берүүнү каржылоо тууралуу каржы чындыгы үчүн күрөштө жергиликтүү бюджеттин кызыкчылыктарын коргоп калган айылдык муниципалитеттин алгачкы башчысы болуп калганын уктук. Ал жетектеген Логвиненко айылдык аймагы 2013-жылга дефициттик долбоорду кабыл алды. Буга чейин мындай болгон эмес. Андыктан биз Самыйбек мырза менен эски доктугубуздан пайдаланып, буга чейин эч мындай болбогон окуянын чоо-жайын сурадык. Мындан тышкары билимдүү, күч-кубаттуу, сүйкүмдүү, максатына умтулган бул адам Кыргызстанга ушул учурда ушунчалык жетишпей турган жаш муниципалдык саясатчылар үчүн жакшы үлгү болуп бере алат деп ишенебиз. Самыйбек Эсенбеков менен маек менен чындыкты айтуудан жана реформадан коркпогон, жергиликтүү өз алдынча башкаруу кандай иштеш керектигин билген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун лидерлери тууралуу баяндардын сериясын баштайбыз.**

***– Логвиненко АА башчысы кызматында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүндөгү кандай маселелер Сизди өзгөчө тынчсыздандырып келет?***

– Ар бир айылдык аймак үчүн бардык толтура маселелер эки деңгээлге бөлүнөт. Биринчиси, бул жамаат менен өз ара мамилелердеги маселелер, алар эптүү башкаруу болсо кошумча ресурстарсыз деле чечилип калат, башкача айтканда – бул муниципалитеттин ички маселелери. Экинчиси, бул – жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекет ортосундагы өз ара мамилелердеги эбегейсиз көп маселелер. Мамлекет мурдагыдай эле жергиликтүү өз алдынча башкарууну мындайча айтканда “кичүү ини” катары кабыл алып келет, ал жагымсыз же көп эмгекти талап кылган милдеттерди тапшырып, бул милдеттемелерди аткаруу үчүн ресурстар менен камсыздабай деле коёт. 2012-жылдагы кырдаал мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата керектөөчү катары мамилесин абдан даана көрсөтүп койду. Бүгүнкү күндө, атүгүл, бардар айылдык муниципалитеттер да мамлекеттин милдеттемелерин аткарууга мажбур, бул болсо аларды каржылык өз алдынчалуулуктан ажыратып, дотациялык кылууда. Сөз, албетте, билим берүү системасындагы реформа тууралуу жүрүп жатат. Ойлонуштурулбаган кадамдын натыйжасында мамлекет жергиликтүү бюджеттердин мойнуна корголгон да (мугалимдердин маянасы), корголбогон да (мектепти кармоо) беренелери боюнча өз милдеттерин жүктөп койду. Натыйжада бүгүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көпчүлүк лидерлери алаканын жайып отуруп калды. Аларда муниципалдык каржыны дагы да жакшы башкаруу, бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү каалоосу жоголдук. Анткени жергиликтүү бюджет канчалык көп киреше тапса, ошончолук чоң үлүштү билим берүүнү каржылоого берүүгө мажбур болуп калышты.

Мындан тышкары айыл жергесинде эч токтоосуз чечим кабыл алууну талап кылган, өзгөчө жер колдонууга, муниципалдык менчикти башкарууга карата башка дагы толгон-токой маселелер көп. Эч ким үчүн сыр эмес, бүгүн муниципалдык менчиктеги объекттерди каттай албай калган муниципалиттер да бар. Болгондо да алар муну чечилбей келаткан каржы көйгөйлөрүнөн улам ишке ашыра

алышкан жок. Кайсы бир маалыматты алуу үчүн Мамкаттоого кайталап кайрылганда да айыл өкмөтү өз чөнтөгүнөн төлөш керек. Бул мыйзамдын талабы, биз муну түшүнөбүз. Бирок анда эмне үчүн мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата дайыма эле мыйзамдын талаптарын сактабай келет? Берекесиз, дайыма эле дефицит болуп келген жергиликтүү бюджеттин натыйжасында айыл өкмөтү өзүнүн эле объекттерин мыйзамдаштыра албай келатат. Ал эми айыл өкмөт башчылары муниципалитет эмнеге ээ болгонун да айта албайт. Ушунун артынан эле дагы бир маселе чыгат – өз менчигибиздин көлөмүн билбестен, биз өнүгүүбүздү пландаштыра албайбыз, инвестор менен натыйлауу иштебейбиз, бизнестин өнүгүүсү үчүн шарт түзбөйбүз.

***– ЖӨБ лидерлеринен мамлекет билим берүүнү каржылоо боюнча өз милдеттемелеринин бөлүгүн муниципалитеттердин мойнуна жүктөп жатат деген даттануулардын көп угабыз. Бирок силер башка дагы мамлекеттик функцияларды аткарууга мажбурсуңар да. Мамлекеттик өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу жалпы иштин көлөмүнүн кандай үлүшүн түзөт?***

– Техникалык персонал гана – тазалоочу жана кароолчу – мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбайт, ал эми айыл өкмөт аппаратынын калган кызматкерлеринин баары ошолорду аткаруу менен алек. мында мамбийлик менен жергиилктүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктарын так ажырымдоо болгон да эмес, азыр да жок. Эч бир министрлик ЖӨБ менен өткөрүлүп берилген функциялар боюнча макулдашуу же келишим түзгөн эмес. Ошентсе да аларды аткаруу үчүн жоопкерчиликтен эч ким бошоткон эмес.

Мисал катары аскердик-эсепке алуу столун (АЭС) келтире алам. Бул Коргоо министрлигинин түздөн түз милдети болсо да, бүгүнкү күндө аскеркомиссариаттарынан бизге буйруктар түшүүндө. Анда альтернативдик кызмат өтөө үчүн АӨ башчыларын жана АЭС инспекторлорун каражат чогултуу милдеттендирилген. Атүгүл бизди ушул мамлекеттик функцияларды аткарууга мажбурлоо үчүн бизге коркутуп-үркүтүүлөр айтылып, көзөмөл органдары аркылуу чара колдонуу убадаларын берип келатышат. Бирок бул иштер канча тураарын, анын аткарылышына кете турган чыгашалардын ордун ким толуктарын эсептей турган киши жок.

Ошентип биз эч ким эсептебеген каражатка айыл өкмөтүнүн толук курамы менен мамлекет үчүн иштеп, андан да тышкары өзүбүздүн түздөн-түз милдеттемелерибизди да аткарып жатабыз. Башчы жана юрист Юстиция министрлиги үчүн, статистэкономист Статистика боюнча комитет үчүн, жерди түзүү боюнча инспектор Айыл чарба министрлиги

# Пенсионер салган спорт аянтча

**Биздин республикада өтө сейрек окуя катталды – эмгек ардагери өз акчасына жана жеке күчү менен балдарга спорт аянтчасын жабдып жатат. Бул балдарды коргоонун Эл аралык күнүнө анын жеке белеги. 1-июнда өтүүчү майрамды болсо чоң концерт менен белгилешмекчи.**



- Александр Вайнбендер мурда укук коргоо органдарында иштеген, азыр болсо ардактуу эс алууда, - дейт Логвиненко айыл өкмөтүнүн (Новопокровка) башчысы Самыйбек Эсенбеков. – Жерди өз колу менен тосуп, кум салгычты өзү жасады. Ал эми жашыл майсаңга анын жубайы жана эмне иш болбосун көздөй жардамчысы Зинаида Васильевна көз салат. Бул жерде суу чөлмөктөр ачык эле жаткан эле. Александр Карлович эки жээгин көпүрөчө менен бириктирип койду эле туш-туштан балачака жайнап келе баштады. Ата-энелер да, бул тегеректеги жашоочулардын баары бул саамалыкка ыраазы. Эми улуу-кичүү дебей, бош убактысын көңүлдүү өткөрүүгө шарт бар.

Брусчаткага эле 60 миңден ашык сом короду деп жатышат. Башкасы деле арзан болгон жок. Чынында эле мыкты белек болуп калды. Бир чети ушунун өзү эле айылдыктарга эң сонун өрнөк

жана Мамкаттоо үчүн, салык чогултуу боюнча инспектор Мамлекеттик салык кызматы үчүн иштеп жатат. Кээде киреше боюнча планды аткара албай калган үчүн райондук салык кызматынын инспекциясы АӨ башчысына жана инспекторлорго айыпка тартууну демилге кылып чыккан учур да болгон. Эң өкүнүчтүүсү, мындай кырдаал биздин түздөн-түз милдеттерибизге – жергиликтүү маанидеги маселелерге кедергесин тийгизип жатат. Ал эми алар үчүн биз башкы кардарларыбыз – муниципалитеттин тургундары алдында жооп беребиз.

***– Өлкө боюнча сиз алгачкы болуп айылдык аймактын дефициттик бюджетин кабыл ала алдыңыз деген айың кеп тарады. Муну менен Каржы министрлигине билим берүүнү каржылоо боюнча мамлекеттин чыгаша милдеттерин толук өлчөмдө аткара албай турганыңызды далилдеп бердиңиз. Муну кантип ишке ашырдыңыз?***

– Каржы министрлигинин райондук каржы бөлүмү бизге "контролдук сандарды"– кийинки, 2013-жылга бюджет боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү "түшүрдү". Биз аларды жергиликтүү кеңештин сессиясында карап чыктык жана бул көрсөткүчтөргө макул болгон жокпуз. Бирок буга жооп катары бизге бюджет долбоорун Райондук каржы бөлүмүнүн пландарына ылайык кабыл алууну көшөрүп сунушташты. Биз караманча каршы болуп, жергиликтүү кеңштин сессиясынын чечимин сот гана жокко чыгара аларын айттык.

Ошентип кысымга каршы туруу менен биз дефициттик бюджетти кабыл алдык. Туруштук бердик. Бирок бизге оңой болгон жок. Башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде, адегенде райондук деңгээлде көпкө чейин өз чындыгыбызды далилдөөгө туура келди. Мында мени атүгүл кесиптештерим – коңшу аймактардын башчылары да түшүнбөй жатышты: кантип эле дефициттик бюджетти кабыл алууга болсун деп таң калып турушту. ошентип маселе чечилди! Бул Каржы министрлигинин турумуна жараша да ишке ашты, алар биздин жүйөлөрүбүзгө макул болууга аргасыз калышты. Эн негизги көйгөй категориалдык грантта "отурду". Биз мектептерди, социалдык объекттерди, саламаттык сактоо объекттерин колдоого каршы эмеспиз. Ал жакта биздин балдар, үй-бүлөбүздүн башка мүчөлөрү билим алат жана дарыланат. Тескерисинче жергиликтүү бюджеттин берекесиз мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан биз дайыма жол таап, мектептерге ремонт жагынан, кандайдыр бир керектүү буюм сатып алуу жагынан кол кабыш кылып келебиз. Бирок жергиликтүү кеңеш өзүнө мамлекеттин түз конституциялык чыгаша милдеттерин алууга каршы болду. Ошентип депутаттар өз

болгону канча. Алар да колунан келишинче чын ниетинен кошумчасын беришти. Ашык тыйын чыкпаган күндө да, кимиси болбосун өз колу менен бирдеме жасай алат. Мисалы, бири отургуч жасайт, бири машине кум же таш алып келет, бири роза гүлдөрдү сугарат дегендей. Мындай караганда андай деле оор жумуш эмес, бирок пайдасы көзгө көрүнүп турат.

Кыргызстанда басымдуу көпчүлүк айылдыктардын жылдык бюджети анча чоң эмес. Логвиненко айыл өкмөтүнүкү деле башкалардай. Бардык конуштарда балдардын ойноочу аян чаларын жабдуу сыяктуу майда-баратты жасай албай жаткандары капа кылат. Жергиликтүү ишкерлерден чыккан ыктыярчылар кол кабыш кылгандарына ыраазыбыз. Айыл өкмөтү болсо жер тилкесин бөлүштүрүп, ыктыярчылардын демилгесин колдоого алып келет. Азыр эле айтылган Вайнбендерлердин үй-бүлөсүн колдогондой иш.

- Жергиликтүү бюджеттин төрттөн үчү, бул болсо жылына миллион сомго барабар, билим берүү мекемелерин кармоого жумшалат, - дейт айыл өкмөт башчысы Эсенбеков. - Биздин муниципалдык менчикте мурдагы колхоздун бала бакчасы бар. Бүт Новопокровка боюнча жалгыз бирөө. Биз аны колдон чыгарган жокпуз. Себеби, бакчага кезекке турган бөбөктөрдүн аягы суюлбайт. Жаман жери: тынбай өсүп жаткан чыгымдарды жабуу кыйын болуп жатат. Ал аз келгенсип жогорку инстанцияларды каржылык тартыштык басты.

Айыл өкмөт башчысын Финансы жана Билим берүү министрликтери кабатыр кылууда. Эки министрлик бала бакча тарбиячыларынын айлыгына бөлүнгөн категориялык гранттар боюнча акчанын бир бөлүгүн кайтарууга мажбурлоодо. Мурда алардын айлыгы жалпы республикалык бюджеттен каржыланып келген эле. Быйылтан тарта каржылык жоопкерчиликтин кайсы бир үлүшүн кедей айыл өкмөттөрүнө жүктөп коюшту. Билим берүү министрлиги жылдырып жаткан жан башын каржылоо боюнча долбоордун алкагында ушундай каралган деген имиш бар. Жергиликтүү башкаруу органдары эмне болорун болжоо кыйын эмес. Аларды экинчи чыккыс кылып карызга белчесинен батырып коюшчудай. Ошентип, жергиликтүү башкаруу системасынын чалдыбары чыгат десек да болот.

- Александр жана Зинаида Вайнбендер сыяктуу тургундардын ыктыярдуу көмөгүнө гана таянууга болбойт да, - деп ой толгойт Самыйбек Эсенбеков. – Калктуу конуштарды өнүктүрүп жакшыртуу үчүн жергиликтүү бийликтин жетиштүү кирешеси болууга тийиш. Эмне дегенде аймактарда адамдар майнаптуу иштеп жатканына жараша бүт мамлекеттин жөндөмүн билишет эмеспи.

**Зинаида Сорокина,**
«Вечерний Бишкек», 2012-жылдын 10-июлу
http://www.vb.kg/paper/2012/05/30/190193_sportploshadka_ot_pensionera.html

көз карашын коргой алды. Анткени маселе мектептер зарыл каражатты албашы дегенде эмес. Маселе мамлекет республикалык бюджеттин каражаттарын натыйжалуу башкарыш керек дегенде жатат. Мамлекет каржылоо маселесин жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен чечүүгө аракет жасабаш керек, анткени ал каражат жергиликтүү маанидеги маселелерди нормалдуу чечүүгө да жетишпейт.

***– Сиздин баамыңызда, мектептеги билим берүүнү каржылоо боюнча милдеттерин аткаруу үчүн мамлекет эмне кылыш керек?***

– Мектептеги билим берүү системасын каржылоонун реформасы – азыр ишке ашырыла баштагандыктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын толугу менен талкалоодо. Анткени бүгүн эле белгилүү болуп калды – мектепти киши башына бюджеттик каржылоонун стандартын "жабуу" үчүн айыл өкмөтүнүн бардык кирешеси жетпейт. Акыркы бир нече жылдан бери биз мектептеги билим берүүгө жергиликтүү бюджеттин жалпы көлөмүнөн 70-80% бөлүп келатабыз. Эми бул 100 же 150 пайыз болуп калабы? Ал эми жергиликтүү маанидеги башка маселелерди эмне кылабыз? Жолдорчу? Суу менен камсыздоочу? Таштанды чыгаруучу? Маданият? Спорт? Жаштар?

Дагы бир жолу кайталап коеюн: биз мектепке жардам берүүдөн баш тарткан эмеспиз жана мындан ары да баш тартпайбыз. Бирок биздин өкмөт ушул маселеге карата өз мамилесин кайра карап чыгышын жана ушул реформанын алкагында ал колдонуп келаткан "жоопкерчиликти оодаруу" ыкмасынан баш тартышын өтүнөбүз. Бул менин гана жеке каалоом эмес, муну менин көптөгөн кесиптештерим – коңшу айыл өкмөттөрдүн башчылары колдойт. Азыркы кырдаалда жергиликтүү өз алдынча башкаруу иш жүзүндө мектептер менен чекеси сүзүшүп калгандан кийин мектепти каржылоо маселесин жергиликтүү бюджеттен такыр эле алыстатып салган туура болот. Эң жакшысы, Райондук каржы бөлүмүндө мамлекет атынан жана республикалык бюджеттеги каражаттын эсебинен ушул маселелер менен алектене турган бухгалтер, же бухгалтерия болсун. Бул баарыбыздын жашообузду бир кыйла жеңилдетип коймок.

Мен 2007-2008-жылдардагы эки тепкичтүү бюджет иштеп турган кыска аралыкта башчы кызматында иштеп калдым. Ошол мезгил бардык айылдык муниципалитеттер үчүн гүлдөгөн учур болду деп толук жоопкерчилик менен айта алам. Дал ошол маалда баарыбыздын көздөрүбүз жарк эте түштү; биз Кыргызстандагы айылдарды өнүктүрүү үчүн көп нерсе жасай алаарыбызды түшүндүк. Кыска убакыттын ичинде жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн бир нече эсе көбөйтө алдык. Өз каражатыбызга мектептин чатырын жаап, көчөнү жарыктандырууну калыбына келтирдик, ошонун өзүндө жыл этегинде бизде дагы 1-1,5 миллион сом артып калды. Бирок биздин өзгөрүүлөр тез эле соңуна чыкты жана пландарыбызды унутууга туура келди – биз үч тепкичтүү бюджетке кайтып келдик, салык мыйзамдарында өзгөрүүлөр болду, анын натыйжасында жергиликтүү бюджеттер кайрадан эле кайыр сураган абалга кайтып келди. Ошентип бир жылдан кийин эле өзүн өзү камсыздаган муниципалитеттен биз дотациялык деген категорияга түшүп калдык.

***– Сиз Логвиненко айыл өкмөтүнүн башчысы болуп үчүнчү мөөнөт иштеп жатасыз. Мунун себебин эмнеден көрөсүз?***

– Логвиненко АА башчысы болуп иштегениме туура 12 жыл болду. Бул жашоонун толук бир баскычы. Жакшы иштедимби, же жокпу – муну мен баалабайм, бааны жердештерим берет. Бирок мен өз ишимди жакшы көрөм. Мен ар бир үй-бүлөнүн, жамааттын ар бир мүчөсүнүн көйгөйүн жеке өзүмдүкү катары кабыл алам, ар бирине көңүл буруп, жардам берүүгө аракет жасайм. Албетте баарынын эле көңүлүн таба албайсың. Ошондуктан көпчүлүктүн пайдасы үчүн аракеттенүү үчүн чечим кабыл алууда мүмкүн болушунча ийкемдүү жана жыйнактуу болуш керек. Бул жерде депуттардын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин жамаат мүчөлөрүнүн – активисттердин жана карапайым жердештердин колдоосуз эч нерсе мүмкүн эмес. Анын үстүнө башка структуралардын, өзгөчө райондук мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү менен тил табышуу маанилүү.

Бүгүн айыл өкмөт башчынын кызматы жоопкерчиликтүү жана тыкан болуунду талап кылат; башчынын иши бир караганда жөнөкөй көрүнгөнү менен эмгекти көп талап кылат. Ошон үчүн кээде жаңы шайланган кесиптештериме – ушундай оор мезгилде жамаатты жетектөөгө кадам таштаган жаш башчыларга боорум да ооруп кетет. Мен аларга биринчи кезекте сабырдуулукту каалап кетем. Ким чыдаса, ошол утат. Сабырдын түбү сары алтын.

Бирок жыйынтыктардын көбү объективдүү факторлордон да көз каранды. Мисалы муниципалитеттин жайгашканынан, табигый, адам потенциалынан. Эгерде потенциал болсо, аны арттыруу жана өз мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү ыгы болсо, анда кырдаалды, жашоо шартын жакшыртса болот.

Учурдан пайдаланып, силердин окурмандарыңарга кайрылгым келет.

"Муниципалитет" журналынын ардактуу окурмандары! Биз баарыбыз – өз муниципалитеттерибиздин тургундарыбыз. Биз күн сайын пайда болуп турчу көйгөйлөргө; биз баарыбыз жашаган өз айылдарыбызга көңүл кош мамиле жасабашыбыз керек. Биздин муниципалитеттер – бул биздин үйүбүз, биздин мектебибиз, биздин көчөлөрүбүз, биздин мугалимдерибиз, биздин ата-энелерибиз жана биздин балдарыбыз. Өз муниципалитеттериңиздеги жашоого кайдыгер мамиле жасабаңыз! Анын ар бир күнүнө активдүү катышып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жакшы иштерин колдоого алып, кыйынчылыктарды жеңүүдө бири-бириңиздерге жардам бериңиз!

Маектешкен
**Нургүл Жаманкулова**

# Муниципалдык менчик укугу боюнча юристтер кеңеш берет

Суроолорду муниципалитеттердин тургундары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана ЖӨБ органдарынын кызматкерлери беришкен

Жооптор ЭУЖӨБОЖ ӨСИ долбоорунун юристтери **Асель Мамбетова** жана **Нурдин Кумушбеков** тарабынан берилди

## ЖӨБ менен Каржы министрлигинин өз ара мамилелери тууралуу

### Суроону ЖӨБ башчысы узатат

**- КР Каржы министрлигинин аймактык бөлүм алдынын жетекчиси айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчисин кызматтан ала алабы?**

- Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттешүүсүнө байланышкан маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. 113-беренеге ылайык, мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз.

2011-жылдын 15-июлундагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптер менен жүзөгө ашырылары бекитилген: мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин жана ыйгарым укуктарынын ажырымдоонун; өзүнүн компетенциясындагы маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештердин көз карандысыздыгы.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштен кетирилген кызматкерлери, анын ичинде каржы экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери боюнча мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары каралган эмес. Мисалы, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктары бекитилген; 2012-жылдын 20-февралында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 114 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жөнүндө" Жободо Каржы министрлигинин функциялары жана укуктары аныкталган.

Айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлерин ишке алуу жана бошотуу маселелери "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 50-беренесинин 7-пункту менен жөнгө салынат. Ага ылайык, айыл өкмөт башчы өз орун басарын, айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке алат жана иштен бошотот. 2003-жылдын 25-сентябрындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 15-беренесинин 4-бөлүгүндө конкреттүү каржы-экономикалык бөлүмдүн жетекчисине карата жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каржы-экономикалык бөлүм алдынын жетекчисин иштен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы же тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен мэр иштен бошотот деп аныкталган.

Белгилей кетчү жагдай, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 15-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каржы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчисин кызматка аларда гана жогору жактагы каржы органынын макулдугу талап кылынат.

Анткен менен 2011-жылдын 5-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 451 токтому менен бекитилген Айыл өкмөтүнүн типтүү структурасы жана штаттык түзүмүнүн тиркемесиндеги (**) Эскертүүдө каржы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси – айылдык аймактын башкы бухгалтери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы тарабынан жергиликтүү кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин аймактык органынын макулдугу менен кызматка дайындалат же ээлеген ордунан бошотулат.

Ошондой эле 2004-жылдын 23-февралында Кыргыз Республикасынын № 91 токтомунда бекитилген Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселокторунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин типтүү кызматтык көрсөтмөсүнө ылайык (Кызматтык инструкциянын 1-пункту: каржы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси – башкы бухгалтер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы тарабынан айылдык, поселкалык кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн жана райондук каржы бөлүмдүн башчысынын макулдугу менен ишке алынат жана иштен бошотулат), каржы

бөлүмүнүн жетекчисин кызматтан алууда Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин аймактык органдарынын макулдугу да талап кылынат.

Ошентип айтылган жоболордо бекитилген нормалар 2003-жылдын 25-сентябрындагы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 15-беренесине карама каршы келет.

Натыйжада Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин райондук бөлүмдөрүнүн кызматтык адамдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каржы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчисин кызматтан бошотууга байланыштуу бардык аракеттери мыйзамсыз деп эсептелет жана аткарылбаш керек.

## ЖӨБ текшерүүчү менен мамилелери тууралуу

### Суроону ЖӨБ башчысы узатат

**- Прокуратура жана Эсеп палатасы ЖӨБ органдарына карата кандай ыйгарым укуктарга ээ?**

- 2004-жылдын 13-августундагы "Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 41-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик орган, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана алардын ведомстволук бөлүмдөрү, башка мамлекеттик органдар Эсептөө палатасынын ишине көмөк көрсөтүүгө милдеттүү, ал эми Эсеп палатасы жогоруда көрсөтүлгөн уюмдар менен кызматташууга, ошондой эле мыйзам бузуу аныкталганда ал тууралуу тартип коргоо органдарына же сотко маалымат берип, өз тыянагын берүүгө милдеттүү.

Мыйзамга ылайык, Эсеп палатасы ыктымал мыйзам бузуу тууралуу прокуратура органына кабарлай алат. 2009-жылдын 17-июлундагы "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1 жана 3-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын прокуратурасы – бийликтин аткаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызматтык адамдарынын мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актtарды так жана бир түрдүү сактоосуна көзөмөлдү жүргүзгөн мамлекеттик бийликтин органы.

"Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 6-беренесине ылайык, прокуратура органдарында алардын ыйгарым укуктарына ылайык, мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылардын бузулганы тууралуу маалыматты камтыган кайрылууларга уруксат берилет. Ошондой эле "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 4-беренсине ылайык, прокуратура органдары мыйзам бузууларды алдын алууга, бузулган укукту калыбына келтирүүгө жана ушул мыйзам бузууларга жол бергендерди мыйзамда каралаган жоопкерчиликке тартууга чара көрөт.

"Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 32-беренесинде мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актtардын аткарылышына көзөмөлдү жүргүзүү менен прокурор төмөнкүлөргө укуктуу: 1) ... жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймагына жана имаратына кызматтык күбөлүктү көрсөтүү менен тоскоолдуксуз киргүүгө, алар чыгарган укуктук актыларды, ошондой эле аларды кабыл алууга негиз болуп берген документтерди жана материалдарды алууга; 2) көрсөтүлгөн органдардын башчыларынан жана башка кызматтык жактардан зарыл болгон документтерди, материалдарды, статистикалык жана башка маалыматтарды; пайда болгон маселелерди чечүү үчүн адисти бөлдүрүп алууга; көзөмөл алдындагы жана ведомстволор алдындагы ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, аларга баш ийген кызматтык жактардын ишмердүүлүгүн текшерүүгө жана ревизия жүргүзүүгө; прокуратурага түшкөн материалдар, маалыматтар, кайрылуулар боюнча текшерүү жүргүзүүгө жана алардын жыйынтыгы боюнча маалымдоого милдеттендирүүгө; 3) кызматтагы жактарды, көрсөтүлгөн органдардын башка жактарын, ошондой эле жарандарды мыйзам бузуунун себеби боюнча түшүндүрмө үчүн чакыртууга.

Ушундан улам прокуратура органы мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруу үчүн текшерүү жүргүзүүгө укугу бар.

## Аскер кызматкерлерин каттоого алуу жөнүндө

### Суроону ЖӨБ башчысынын орун басары узатат

**- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган башчысынын орун басары суроо салат: Биздин айылдык аймакта аскерге милдеттүүлөр саны 1500. Штаттык жадыбалга жараша мындайда аскерге каттоо столунун эки инспектору талап кылынат, бизде болсо бирөө эле. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы бул укук так бөлүнбөгөн деген маалыматка таянуу менен экинчи инспекторду алгысы келбейт. Бул боюнча үстүңөн прокуратурага арыз жазабыз деп аны коркутуп жатышат. Башчыныкы туурабы?**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдей аскердик милдеттүүлүгү, аскер жана альтернативдүү кызматтар жөнүндө» 2009-жылы 9- февралда кабыл алган Мыйзамынын (мындан ары – «Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө» Мыйзам) 12-беренесине ылайык аскерге милдеттүүлөрдү жана аскерге чакырылуучуларды аскердик каттоого алуу алардын туулган жери боюнча райондук (шаардык) аскер комиссариаттары тарабынан, ал эми комиссариаттар жок калктуу конуштарда аскерге каттоо жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылат.

Аскерге каттоо столунун (мындан ары – АКС) инспектору айыл өкмөтүнүн штатына кирет, бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө» (5-август, 2011-жыл, № 451) токтому менен тастыкталган. «Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө» Мыйзамдын 41-беренесинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жалпыга бирдей аскердик милдеттүүлүк талаптарын жарандар тарабынан аткарылышын камсыз кылуу үчүн жүгүнө жараша аскердик каттоо персоналын кармоого милдеттүү деп белгиленген. Бул беренеге ылайык аскердик каттоо персоналынынын так саны айыл өкмөтүндөгү аскерге милдеттүүлөрдүн санына жараша аныкталат: эгер каттоодо 300дөн 1000ге чейин аскерге милдеттүүлөр жана чакырылуучулар турса – бошотулган эки кызматкер алынып жана кийинки ар бир 1000 аскерге милдеттүүлөр жана чакырылуучуларга – дагы бирден бошотулган кызмткер талап кылынат. Ошентип, аталган айыл өкмөтүндө Мыйзам боюнча аскерге каттоо столунун эки инспектору болууга тийиш.

Бирок жарандарды аскердик каттоого алуу жергиликтүү маанидеги маселелерге кирбейт, бул «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 18-беренесинде белгиленген. Аталган Мыйзамдын 6-беренесинин 7-пунктуна ылайык аскерге милдеттүүлөрдү жана чакырылуучуларды биринчи каттоо, аларды аскердик каттоого тургузуу жана чыгаруу негизги мамлекеттик укуктарга кирет да, ал укук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарылышы мүмкүн. Бирок азыркы кезде мамлекеттик укуктарды ыйгаруу боюнча мыйзам да, келишим да жок.

Мындан тышкары, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзам 2011-жылдын 11-июлунда кабыл алынганын, б.а., 2009-жылдын 9-февралында кабыл алынган "Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө" Мыйзамдан кийин кабыл алынганын белгилөө керек. 2009-жылдын 20-июлунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык нормативдик укуктук акт төмөнкү учурларда аракетин токтотот: жаңы нормативдик укуктук акт кабыл алынып, мурда кабыл алынган нормативдик укуктук актынын жоболору кайчы келсе же жаңы акт мурдагысын сиңирип алса. Ошондой эле ушул эле Мыйзамдын 17-беренесинин 4-пунктуна ылайык нормативдик укуктук акт кабыл алынганына байланыштуу, ошондой же андан азырак юридикалык күчү бар бардык актылар же алардын түзүмдүк элементтери эгер жаңы нормтивдик укуктук актыдагы нормативдик укуктук эрежелерге кайчы келсе же жаңысы сиңирип алганда, же иш жүзүндө маанисинен ажыраганда күчүн жоготот деп эсептелет. Ошентип, "Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө» Мыйзам «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга шайкеш келтирилүүгө тийиш.

Демек, "Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө» Мыйзамдын 41-беренесинин аскерге каттоо персоналын жергиликтүү бюджеттин эсебинен кармоо керек деген нормалары аракетин токтотту. Ошентип, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары аскерге милдеттүүлөрдү биринчи каттоого алып, аскерге каттоо столун жергиликтүү бюджеттин эсебинен кармоого милдеттүү эмес.

Жогоруда биздин кеп-кеңештер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын көз карашынан келтирилди. Иш жүзүндө болсо айыл өкмөттөрү өзүн өзү бага алаарына же багууда отурганына жараша болот. Өзүн өзү бага алса, анда аскерге каттоо столуна экинчи инспектордун чыгымын келерки жылдын бюджетине киргизүү мүмкүн. Мында аны штатка киргизүү зарылдыгы мыйзамга ылайык негизделип, ал чыгымдар теңдеме гранттын эсебинен жабылат. Экинчи учурда болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттен каражат табууга тийиш болот. Же болбосо прокуратура органдарынын актылары келген учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 113-беренесине ылайык укуктарынын бузулушуна байланыштуу сотко кайрылса болот.

## Альтернативдик кызмат үчүн жыйымдар жөнүндө

### Суроону ЖӨБ башчысынын орун басары узатат

**- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысы суроо салат: аскерге каттоо столунун инспектору альтернативдик кызмат үчүн жыйымдарды чогултпайт деп жергиликтүү өз алдынча башкаруу башчысынын үстүнөн прокуратурага арыз түштү.**

Биз журналдын өткөн санында бул маселе боюнча кеңештерди бергенбиз. "Жалпыга бирдей аскерге милдеттүүлүк жөнүндө» Мыйзамдын 32-беренесинин 4-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы Токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан альтернативдик кызмат өтөө тартиби жөнүндө" Жобонун 9-пунктуна ылайык альтернативдик кызмат өтөө үчүн бул кызматка өткөн кызматчылар тарабынан акчалай салым киргизүү каралган. Бул салымдар аскерге чакырылган жери боюнча райондук (шаардык) аскер комиссариаттары тарабынан Коргоо министрлигинин атайын эсебине которулат. Аталган Жобонун 5-пунктунда акчаларды которуу жүргүшүнө көзөмөл жүргүзүү Куралдуу Күчтөрдүн Башкы штабы тарабынан аскер комиссариаттары аркылуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери менен биргеликте жүргүзүлөт деп белгиленген. Жобонун 6- жана 16-пунктунда акчаларды которуу жүрүшүн көзөмөлдөө жоопкерчилиги аскер комиссарларына жана аскер комиссариатынын тийиштүү кызмат адамына жүктөлгөн.

Демек, айыл өкмөт башчысы же аскерге каттоо столунун инспектору болсун, альтернативдик кызмат боюнча акча которууга жоопкер эмес.

## Текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгү жөнүндө

**Суроону ЖӨБ башчысынын орун басары узатат**

**- Айыл аймагынын башчысынын орун басары суроо салат: Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын Эсеп палатасы тарабынан текшерүү өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү мыйзамда кандай каралган?**

- 2004-жылдын 13-августунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзам) 2-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын ишмердигин уюштуруу жана тартиби Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары жана ченемдик укуктук актылары тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренесине жана «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзамдын 8-беренесине ылайык, Эсеп палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына, бюджеттерден тышкары каражаттарга, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт. «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзамдын 5-беренеси боюнча Эсеп палатасы Кыргыз Республикасындагы бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин мамлекеттик аудитору болуп саналат.

«Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзамдын 11-беренесине ылайык Эсеп палатасы өз ишин стратегиялык, жылдык жана азыркы пландарга негиздеп жүргүзөт, анын баары Эсеп палатасынын Кеңешинде бекитилет, пландан тышкары текшерүү иш чаралары Президенттин, Жогорку Кеңештин тапшыруусу, Өкмөттүн тапшыруусу жана укук коргоо органдарынын жетекчилеринин козголгон кылмыш иштери боюнча суроо-талабы боюнча өткөрүлөт. «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзамдын 12-беренесинде Эсеп палатасынын жогорку органы – Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан жөнгө салынбаган өз ишмердигинин ички маселелери боюнча Кеңеш Эсеп палатасынын Регламентин кабыл алууга акылуу деп айтылган.

Эсеп палатасынын Кеңеши 2009-жыл 6-октябрда кабыл алган токтому (№ 01-9/83) менен бекитилген Регламентинин 1.1-беренесине ылайык, Регламент Эсеп палатасынын бардык кызматкерлери тарабынан аткарылууга милдеттүү болуп саналат жана Эсеп палатасынын аудиттик иш-чараларды өткөрүү боюнча ички ишмердигинин маселелерин жөнгө салат, ошондой эле Эсеп палатасынын, анын кызмат адамдарынын жана аппарат кызматкерлеринин укуктарын ишке ашыруу тартибин аныктайт. Б.а., Регламент – Кыргыз Республикасынын «Ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамына ылайык ченемдик укуктук акт болуп саналбайт, демек, бардык адамдар аткарууга милдеттүү эмес. Бирок Эсеп палатасынын кызматкерлери, анын ичинде аудитти жүргүзгөн кызматкерлери үчүн аткарууга милдеттүү болуп саналат.

Регламенттин 4.1.-беренесинде текшерүүлөрдү өткөрүү жагынан төмөнкүлөр белгиленген: 1) Эсеп палатасы тарабынан аудитордук иш чаралар жылдык жана азыркы пландарга ылайык жүргүзүлөт; 2) аудит өткөрүү укугу төраганын буйругу менен берилип, анда объект, предмет, аудиттин убактысы жана мөөнөтү, аны өткөрчү кызматкерлер көрсөтүлөт; 3) аудит мөөнөтү адатта үч айга чейин белгиленип, «Эсеп палатасы жөнүндө» Мыйзамга жана регламентке ылайык ал мөөнөт аудиттин көлөмүнө жана татаалдыгына жараша Эсеп палатасынын төрагасынын буйругу менен узак убакытка узартылышы мүмкүн; 4) Эсеп палатасынын кызматкерлеринин аудит өткөрүүсүнө уруксат берген, ошондой эле аудитке тышкы адистерди тартууга уруксат берген тиешелүү үлгүдөгү күбөлүк документ болуп саналат; 5) аудитти өткөрүү үчүн Эсеп палатасынын төрагасы бекиткен аудитти өткөрүү планынын жана объектилер программаларынын болушу милдеттүү шарт болуп саналат.

Ошентип, аудитти өткөрүү мезгилдүүлүгү Эсеп палатасынын Кеңеши бекиткен План менен аныкталат. Б.а., кайсы бир айыл өкмөтүнүн аудити бул Планга киргени менен аныкталат. Аудит өткөрүү мөөнөтү мыйзам тарабынан жөнгө салынбастан, Регламент тарабынан үч айга же аны узартуу мүмкүнчүлүгү Регламент тарабынан аныкталат.

Аудит өтүүчү объекттин кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттери «Эсеп палатасы жөнүндө» мыйзамдын 29-беренесинде каралган. Мисалы, аудит объектисинин кызмат адамы, айталык, айыл өкмөтүнүн башчысы аудиттин убактысын жана мөөнөтүн, анын жыйынтыктарын, корутундусун жана кеңештерин билүүгө, тийиштүү документти көргөзбөгөн Эсеп палатасынын аудиторлорун жана кызматкерлерин киргизбөөгө, аудит мөөнөтүнүн узартылышы тууралу кат жүзүндөгү негиздемени талап кылууга, эгер аудит мөөнөтү негизсиз узартылды деп эсептесе, сотко кайрылууга, аудиторлор жана Эсеп палатасынын кызматкерлери тарабынан укук бузуулар болгондо укук коргоо органдарына кайрылууга акылуу.

Долбоор атынан биз да бул суроо менен кат жөнөтөбүз жана жооп алынаары менен журналга жарыялайбыз.

## Мамэкотехинспекция тууралуу

**Суроону ЖӨБ башчысы узатат**

**- Бардык инспекциялар – өрт, жер, экология, эмгек, техникалык – азыр бир болуп бирикти. Ушул инспекциянын ишмердүүлүгү жөнүндө жобо барбы, анын ыйгарым укуктары кандай?**

- 2012-жылдын 20-февралындагы Кыргыз Республикасынын № 136 токтомунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө Жобо бекитилген. Аталган Жобонун 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык

коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция (Мамэкотехинспекция) экологиялык жана техникалык маселелер боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду ишке ашырган мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу аткаруу органы болуп эсептелет. Бул Жобонун 3-П. Мамэкотехинспекциянын тапшырмалары аныкталган:

- продукцияга (объекттерге) жана/же алар менен байланышкан өндүрүш, курулуш, монтаж, оңдоо, колдонуу, сактоо, ташуу, колдонуу, ишке ашыруу, көмүү, жайгаштыруу жана утилизациялоо процесстерине карата механикалык, сейсмикалык, өрт, экология, өндүрүш, энергетикалык, биологиялык, химиялык жана радиациялык коопсуздук боюнча ченемдик укуктук акттардын, техникалык регламенттердин талаптарынын аткарылышына мамлекеттик көзөмөл жана контроль;
- жарандардын эмгек укуктарын сактоого, ошондой эле эмгекти коргоо талаптарын камсыздоого көзөмөл;
- өз компетенциясынын чегинде эл аралык келишимдер боюнча милдеттемелерди аткаруу;
- учурдагы жер мыйзамдарына ылайык, мамлекеттин жана жарандык-укуктук жер мамилелеринин бардык катышуучуларынын кызыкчылыктарын коргоо.

Бул Жободо ошондой эле Мамэкотехинспекциянын максаттары, функциялары, укуктары, ишти уюштуруусу жана жоопкерчилиги бекитилген жана регламенттештирилген. Токтомдун жана Жобонун тексти менен "Муниципалитет" журналынын ушул санында таанышсаңыз болот.

**Бишкек шаары 2012-жылдын 20-февралы № 136**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы N 12 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн карамагындагы башка уюмдар жөнүндө" жана 2012-жылдын 10-февралындагы N 87 "Кыргыз Республикасынын аткаруучу бийлик органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө" токтомдоруна ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө жобо, 1-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын башкаруу схемасы, 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция:

- штаттык бирдиктерди, документтерди жана финансылык ресурстарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы N 87 "Кыргыз Республикасынын аткаруучу бийлик органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө" токтомуна ылайык белгиленген тартипте кабыл алсын;
- товардык-материалдык баалуулуктарды кабыл алуу боюнча башка маселелерди чечсин;
- ушул токтомдон келип чыгуучу нормативдик укуктук актылардын долбоорлорун эки айлык мөөнөттө иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп эсептелсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 15-августундагы N 334 "Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигине караштуу Энергетика жана газ боюнча мамлекеттик инспекциянын маселелери" жөнүндө токтому, 2012-жылдын 1-июлунан баштап;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 9-февралындагы N 82 "Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин алдындагы Мамлекеттик эмгек инспекциясы жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-февралындагы N 108 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар министрлигине караштуу Өнөр жай коопсуздугу жана кен көзөмөлү боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-августундагы N 443 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстар министрлигинин алдындагы Жерди пайдаланууну жана коргоону мамлекеттик контролдоо боюнча жер инспекциясы жөнүндө" токтому.

(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-июнундагы N 410 токтомунун редакциясына ылайык)

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри Ө.Бабанов**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы N 136 токтому менен бекитилген**

# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жөнүндө ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-майындагы N 291 токтомунун редакциясына ылайык) (үзүндүлөр)*

## 4. Мамэкотехинспекциянын функциялары

7. Мамэкотехинспекция ишинин белгиленген чөйрөсүндө төмөнкү функцияларды аткарат:

1) көзөмөлдөө жана контролдоо функциялары:

Төмөнкүлөрдүн сакталышына көзөмөлдүктү белгиленген тартипте ишке ашырат:

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын жана эмгекти коргоо маселелери боюнча башка ченемдик укуктук актылардын;
- курчап турган чөйрөнү коргоонун жана жаратылыш ресурстарынын пайдаланылышынын;
- жаратылыш коргоо мыйзамынын, жаратылыш пайдалануунун белгиленген эрежелеринин, лимиттеринин, квоталарынын жана ченемдеринин, булгоочу заттардын ыргытылышынын жана бүркүлүп чыгышынын жана курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө калдыктарды жайгаштыруунун ченемдеринин;
- курчап турган чөйрөнү коргоо, жардыруу иштерин жүргүзүү, топтогучтарды, шлам калдыгын сактоо жайларын, терриконддорду, жараксыз катмарларды, таштандыларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо, ошондой эле геологиялык чалгындоо иштерин, мал айдоону жана жаратылыш комплекстерине таасир тийгизүү менен байланыштуу болгон башка иштерди жүзөгө ашыруу; өсүмдүктөрдү коргоо каражаттарын, алардын өсүшүнүн стимуляторлорун, минералдык жер семирткичтерди, башка химиялык заттарды, препараттарды, анын ичинде экономиканын айрым тармактарында колдонууга уруксат берилген радиоактивдүү заттарды ташуу, сактоо жана колдонуу; жаратылыш коргоо курулмаларын эксплуатациялоодо жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча талаптардын;
- кооптуу өндүрүш объекттерин курууда, кеңейтүүдө, реконструкциялоодо, техникалык жактан кайра жабдууда, эксплуатациялоодо, консервациялоодо жана жоюуда, кооптуу өндүрүш объекттеринде колдонулуучу техникалык түзүлүштөрдү даярдоодо, монтаждоодо, жөндөөдө, тейлөөдө жана оңдоодо, кооптуу өндүрүш объекттеринде кооптуу заттарды ташууда өнөр жай коопсуздугунун талаптарынын;
- жер участокторун өзүм билемдик менен ээлеп алууга, жер участокторун өзүм билемдик менен алмашууга жана жер участокторун аларга белгиленген укук белгилөөчү жана укук ырастоочу документтерди жол-жоболоштуруусуз, ошондой эле чарбалык иштерди жүзөгө ашырууга уруксат берген документтерсиз пайдаланууга жол берилбестиги жөнүндө жер мыйзамдарынын талаптарынын;
- жерлерди максаттуу багыттары боюнча пайдалануу (шаарлардын, калктуу конуштардын негизги пландарына ылайык) тууралуу жер мыйзамдарынын жана шаар курулуш ченемдеринин аткарылышына жана жерлерди максаттуу багыттары боюнча пайдалануу үчүн жарактуу абалга келтирүү боюнча милдеттенмелердин;
- жер участокторунун чек белгилеринин болушу жана сакталышы боюнча талаптардын;
- жер казынасын пайдалануу менен байланышкан иштерди коопсуз жүргүзүүнүн талаптарынын;
- пайдалуу кендерге чалгындоо жүргүзүүдө жана иштеп чыгууда жана иштелип чыккан жер алдындагы казмалардын жана табигый жер алдындагы боштуктарды чарбалык муктаждыктар үчүн пайдаланууда маркшейдердик жана геологиялык иштерди (коопсуздукту камсыз кылуу бөлүгүндө) жүргүзүүнүн эрежелеринин;
- басым алдында иштеген буу казандарын (а.и.электроддук буу казандардын) жана идиштерди, суу ысыткыч казандарын, газдаштырылган казандарын, буу жана ысык суу өтүүчү I, II, III категориядагы түтүктөрдү, мунайпродукттары менен газдарды сактоочу жана берүүчү техникалык каражаттар менен жабдууларды, шаарлардагы, шаар тибиндеги поселкалардагы жана айыл жерлериндеги газ менен камсыздоочу системаларды, ошондой эле аммиак, суюк хлор, табигый жана суюлтулган (пропан-бутан) газдарды сактоого, ташып-жеткирүүгө жана пайдаланууга байланышы бар объектилерде иш жүргүзүүлөрдү, баллондорду кычкылтек, көмүр кислотасы, аргон, ацетилен менен толтуруучу станцияларды, суутек станцияларын, металлдарды газ жалыны менен иштетүүчү постторду, жүк көтөргүч крандарды, көтөргүчтөрдү, лифттерди (аз жүк көтөрүүчүлөрдөн башкасын), эскалаторду, фуникулерду, жүргүнчүлөрдү жана жүк ташуучу асма жолдорду долбоорлоодо, жасап чыгарууда, курууда, диагностикалоодо, реконструкциялоодо, монтаждоодо, ишке киргизүү - жөнгө салууда, оңдоодо жана пайдаланууда коопсуздук боюнча талаптардын;

- электр түйүндөрүнүн жана электр жабдууларынын курулушунда, монтаждоодо жана жөнгө салууда коопсуз эксплуатациялоо эрежелеринин талаптарынын;
- электр орнотмолорунун түзүлүшүнүн эрежелеринин, газ, электр жана жылуулук пайдалануучу орнотмолордун техникалык эксплуатациясынын жана аларды коопсуз пайдалануунун эрежелеринин, жаратылыш газын, электр жана жылуулук энергиясын пайдалануунун жана эсепке алуунун эрежелеринин талаптарын, техникалык талаптардын жана башка ченемдик укуктук актылардын энергия жабдуучу уюмдар, өнөр жай жана башка ишканалар, уюмдар, мекемелер жана турмуш-тиричилик керектөөчүлөр тарабынан;
- турак жай, коомдук жана өндүрүш имараттарында жол берилген ызы-чууга, термелүү кыймылына жана үн изоляциясына коюлган талаптардын;
- объекттердин курулуш-монтаждоо иштеринде, реконструкциялоодо, жарнак-маалыматтык такталарын орнотууда ведомстволук таандыктыгына, менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар колдонушкан курулуш материалдарынын, конструкциялардын жана буюмдардын сапаты боюнча, ошондой эле курулушу бүткөн обьекттерди пайдаланууга кабыл алууну уюштурууда долбоордук чечимдердин, техникалык регламенттердин, курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин, мамлекеттик стандарттардын, техникалык шарттардын талаптарынын.

Төмөнкүлөргө контролдукту белгиленген тартипте ишке ашырат:

- курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө булгоочу заттардын ыргытылышын жана бүркүлүп чыгышын тазалоо үчүн курулмалардын, жабдуунун жана аппаратуранын курулушу жана аны эксплуатациялоого киргизүү, булгануу булактарын ыргытууларды жана бүркүлүп чыгууларды контролдоочу жана жөнгө салуучу приборлор менен жабдуу; жерлерди рекультивациялоо жана аларды арналышы боюнча пайдалануу үчүн өз учурунда өткөрүп берүү, кыртышты өндүрүш калдыктарынан, уулуу химикаттардан жана башка химиялык (анын ичинде радиоактивдүү) заттардан булгануусунан, курулуш учурунда, пайдалуу кендерди иштетүүдө, изилдөө иштерди жүргүзүүдө жердин башка булгануусунан коргоо; жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн, анын ичинде жоголуу коркунучу астында турган жана Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген баалуу объекттерди коргоо, кайра өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча чаралардын аткарылышына;
- жаратылыш коргоо курулмаларынын жана түзүлүштөрүнүн абалына жана ишинин натыйжалуулугуна;
- өндүрүш жана башка муктаждыктар үчүн атмосфера абасын, жаратылыш объекттерин кайра түзүү жана ландшафттарды түзүү менен байланышкан чарбалык иштерде жер жана токой ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга;
- өндүрүш жана керектөө калдыктарын жайгаштырууга;
- мунай продукттарынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча милдеттүү талаптарды аткарууга;
- Кыргыз Республикасына алып келүү жана анын чегинен сыртка ташып чыгуу бөлүгүндө, жоголуу коркунучу астында турган, жапайы фаунанын жана флоранын түрлөрүн эл аралык сатуу боюнча конвенциянын (CITES) талаптарын аткарууга;
- жер балансынын, жерлерди пайдалануу тууралуу, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан берилүүчү бош жер фондунун болушу жөнүндө маалыматтардын аныктыгына;
- жерди жакшыртуу, кыртыштын бузулуу, шор басуу, саз каптоо, суу басуу, чөлгө айлануу, кургакчылык, катып калуу, булгануу жана жердин бузулушуна алып келүүчү башка процесстердин кесепеттерин болтурбоо жана жоюу боюнча иш чаралардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышына;
- рекультивация долбоорун даярдоо жана долбоорго жерди калыбына келтирүүгө финансы чыгымдарын киргизүү боюнча жер кыртышы бузулган жер участокторун рекультивациялоонун аткарылышына;
- жер курулуш долбоорлорунун, жерлерди пайдалануу жана коргоо, жерлердин булганышына жана бузулушуна алып келүүчү процесстердин алдын алуу жана жоюу боюнча башка долбоорлордун жана иш-чаралардын аткарылышына;
- жерлердин сандык жана сапаттык абалынын өзгөрүүлөрүнө;
- убактылуу пайдаланууга берилген жерлердин өз учурунда кайтарылып берилишине;
- аңчылык жерлерин реконструкциялоо, аңчылык жаныбарларынын жашоо шарттарын жакшыртуу, куштарды жасалма өстүрүү боюнча иш-чараларды кошо алганда, биотехникалык иш-чараларды аткарууга;
- уюмдардын, тоодогу куткаруучу, газдан сактоочу жана оргумаларга каршы түзүлүштөрдүн, кырсыктан сактоо кызматтардын мүмкүн боло турган кырсыктардын кесепеттерин жоюуга даярдыгына;
- жардыруу иштеринде пайдаланылуучу өнөр жайлык жардыргыч материалдарды, жөнөкөй жардыргыч заттарды, жабдууну жана приборлорду иштеп чыгууга, даярдоого, сыноого, сактоого, эсепке алууга, пайдаланууга жана жок кылууга;
- жер алдындагы транспорттук жана гидротехникалык объекттердин курулушуна жана эксплуатациясына, калдык, гидроташтанды жана шлам чарбасынын эксплуатациясына;
- иштелип чыккан кен казылмаларынын жана табигый жер алдындагы боштуктарды чарбалык муктаждыктар үчүн пайдаланууга;
- өндүрүштөрдү жарылуу, жарылуу өрт кооптуулук боюнча тиешелүү категорияларга келтирүүнүн ту-

уралыгына жана өндүрүштөрдү бир категориядан башкасына өткөрүүнүн тууралыгына, колдонулуп жаткан жабдуусунун жарылуу коркунучу бар аралашмалардын категорияларына жана тобуна, жарылуу коопттуулугу бар зоналардын классына туура келээрин текшерет, уюмдардын сунуштары менен газ боюнча кооптуулугу бар шахталардын (кендердин) категорияларын аныктайт, аларды чаңы боюнча, тоо тектердин, кендердин, көмүрдүн жана газдын бүркүлүп чыгуулары боюнча, жер астындагы кыртыштардын урашы боюнча кооптууларга киргизет жана шахталардын (кендердин) бир категориядан экинчисине которулушун бекитет;

- өнөр жай коопсуздугу боюнча ведомстволук кызматтарды туура уюштурууга (өндүрүштүк контролдоо), ушул кызматтардагы кызматкерлердин (квалификациялык талаптарга ылайык келишине, ошондой эле алардын ишти бардык жагынан жетишерлик алып барышына;
- техникалык регламенттерди сактоо бөлүгүндө геологиялык чалгындоо, кен жана бургулоо жумуштарынын бардык түрлөрүнүн туура жүргүзүлүшүнө жана жер астындагы казылмалардын урап түшүшүн болтурбоо жана коопсуздукту камсыздоо менен байланыштуу болгон атайын калтырылган жер катмарынын бузулбаган бөлүкчөлөрүнүн бардык түрлөрүнүн параметрлерин аныктоого;
- лицензиялардын, уруксат берүүлөрдүн, күбөлүктөрдүн жана макулдашуулардын иштөө шарттарынын аткарылышына;
- отунду, газды, электр жана жылуулук энергиясын өндүрүүдө, берүүдө, бөлүштүрүүдө жана керектөөдө аларды сарамжалдуу пайдаланууга;
- жаңы даярдалуучу, реконструкцияланууучу, оңдолуп чыккан жана жеткирилүүчү энергия жабдуунун натыйжалуулугу жана эксплуатациялоо коопсуздугу бөлүгүндө ченемдерге, техникалык регламенттерге жана башка ченемдик укуктук актыларга туура келүүсүнө, ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан колдонуудагы жана колдонууга киргизилип жаткан, ошондой эле реконструкцияланып жана модернизацияланып жаткан энергия сыйымдуу орнотмолордун жана жабдуунун энергетикалык сыноолорун жүргүзүүгө;
- укуктук документтердин ченемдерине ылайык техникалык шарттарда көрсөтүлгөн иш-чаралардын аткарылышына, жаңыдан киргизилген жана реконструкцияланган электр түзүлүштөрүн пайдаланууга уруксат берүүгө;
- курулушу бүткөн объекттердин долбоорлоруунун жана ченемдик укуктук актылардын туура келүүсүнө;
- стандарттардын жана техникалык шарттардын долбоорлору боюнча өрт коопсуздугунун талаптары бөлүгүндө корутундуларды берүүнүн туура келүүсүнө;
- аңчылык эрежелерин, мөөнөттөрүн жана ыкмаларын бузуу, аңчылык продукциясын жана жаныбарлар менен өсүмдүк дүйнөсүнө зыян келтирүүчү башка укукка жат аракеттерди колдонуу фактыларын аныктоого, бөгөт коюуга жана алдын алууга;
- балдар эмгегин пайдаланууга;
- менчигинин түрүнө, ведомстволук таандыгына карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, ошондой эле кызмат адамдарынын, жеке адамдардын өрт коопсуздугунун ченемдерин жана эрежелерин аткарышына;
- товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өрт коопсуздугунун талаптарына туура келишине.

2) колдоо функциялары:

- ыйгарым укуктуу органдар менен биргеликте атомдук жана радиациялык коопсуздук жаатында контролдоо жана көзөмөл жүргүзүү маселелери боюнча Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттик (МАГАТЭ) менен техникалык кызматташтыкты жүзөгө ашырат;
- экологиялык жана техникалык коопсуздукка тиешелүү маселелер боюнча комиссиялардын ишине катышуу үчүн Мамэкотехинспекциянын өкүлдөрүн дайындайт;
- жерлерди бир категориядан башкасына жана жерди бир түрдөн экинчисине өткөрүүдө (трансформациялоодо) тиешелүү документтерди макулдашууга катышат;
- жер маселелери боюнча талаштарды кароого катышат.
- системалар аралык, системалык, жергиликтүү авариялардын жана энергосистемалардын ишинде технологиялык бузуулардын, андан ары ушул өңдүү бузуулардын алдын алуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу менен анын себептерин жана кесепеттерин дароо иликтөө жана четтетүүгө, ошондой эле энергия жабдууларды, энергетикалык ишканалардын жана керектөөчүлөрдүн электр берүү линияларын эксплуатациялоого берүүгө катышат;
- аныкталган бузуулардын жагдайларын, себептерин талдайт, аларды жоюу жана жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча контролдукту жүргүзөт;
- өндүрүш жаракаттарынын жана кесиптик оорулардын абалын жана себептерин талдоого катышат, алардын алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
- кызматчылардын эмгек укуктары жөнүндө түшүндүрүү ишин жүргүзөт, эмгекти коргоо боюнча жумуш берүүчүлөрдү жана кызматчыларды окутууга көмөк көрсөтөт;
- менчигинин түрүнө, ведомстволук таандыктыгына карабастан коопсуздук жана энергиялык коопсуздук маселелери боюнча кооптуу өндүрүш объектисинин жана энергия үнөмдөөчү уюмдардын жетекчилеринин, персоналдарынын жана керектөөчүлөрдүн билимин текшерүүнү жүргүзөт;
- электр жана жылуулук энергиясын өндүрүүдө, берүүдө жана керектөөдө кырсыктардын, бөөдө

кырсыктардын себептерине жана жагдайларына белгиленген тартипте техникалык иликтөө жүргүзөт;
- электр коопсуздугу боюнча жогорулатылган талаптар менен байланышкан жана персоналдын атайын даярдыгын талап кылуучу бардык маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат;
- көзөмөлдөө жана контролдоо функцияларын ишке ашырууда ыргытууларды, чыгарууларды, топурактын булгануулары, радиацияны аспаптык өлчөөгө ыйгарым укуктуу органдар менен өз ара аракеттенет жана тартат;
- төмөнкүлөрдүн реестрин жүргүзөт:
  - техникалык регламенттер менен аныкталган кооптуу өндүрүштүк обьектте колдонулуучу техникалык түзүлүштөрдүн;
  - курулуш обьекттеринин жана колдонуудагы кыймылсыз мүлк обьекттерине өзгөртүүлөрдү, кийин аларды пайдаланууга кабыл алуу менен реестрге киргизилген обьекттерге, колдонулуучу курулуш материалдарынын, конструкциялардын жана буюмдардын чыгарылышына жана сапатына, мыйзамдык жана ченемдик документтердин, шаарлардын жана калктуу конуштардын бекитилген негизги пландарынын, обьекттерди куруу үчүн иштелип чыккан документтердин талаптарынын сакталышына, курулуш-монтаждоо иштеринин сапатын инспекциялык контролдоону ишке ашырат;
  - берилген лицензиялардын, корутундулардын жана экологиялык жана техникалык коопсуздук жаатындагы мамлекеттик органдар берген уруксат берүүчү документтердин.

## 5. Мамэкотехинспекциянын укуктары

8. Мамэкотехинспекция төмөнкү укуктарга ээ:
- адамдардын өмүрүн жана ден соолугун камсыз кылуу менен байланышкан шашылыш учурларда (экологиялык жана техногендик мүнөздөгү авария же коркунуч пайда болгондо) сутканын убактысына көз карандысыз калктын ден соолугуна жана курчап турган чөйрөнүн абалына жол берилбес таасирлердин себебин жана булагын аныктоо жана аларды жоюуга чараларды көрүү максатында, жазуу жүзүндөгү жолдомосуз дароо текшерүү жүргүзүүгө;
- текшерүүдө экологиялык жана техникалык коопсуздуктун талаптарынын аныкталган бузууларын жоюу тууралуу милдеттүү түрдө аткарууга тийиштүү болгон жазма буйрукту (билдирүүнү, көрсөтмөнү) мамлекеттик органдарга, менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактарга жана жеке адамдарга берүүгө;
- мыйзам бузуунун мүнөзүн эске алуу менен негизделген мөөнөттө мыйзам бузууларды жоюуну талап кылууга;
- административдик укук бузуулар туурасында материалдарды кароого, юридикалык жана жеке жактарга, кызмат адамдарына жана кызматкерлерге айыптарды жана өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде административдик башка түрдөгү жаза төлөөлөрдү салууга;
- бузууга жол берген адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени кароо үчүн көзөмөл, сот жана укук коргоо органдарына материалдарды берүүгө;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде маселелерди кароо үчүн эксперттерден жана адистерден турган жумушчу топторун белгиленген тартипте түзүүгө;
- зарыл учурларда мамлекеттик башкаруу органдары, жабдууларды жана материалдарды контролдук сыноо жүргүзгөн уюмдар тарабынан жумушту жана айлана-чөйрөнү контролдоо анализдерин өткөрүүнү уюштурууга, ошондой эле колдонуудагы эрежелер чегинде жабдууларды карап текшерүүгө;
- республиканын мамлекеттик башкаруу органдарынын, уюмдардын, илимий-изилдөө жана конструктордук-долбоорлоо институттарынын макулдугу менен алардын адистеринин текшерүүлөрдү жүргүзүү, өндүрүштүн, объекттердин жана жумуштардын коопсуздугуна байланышкан көз карандысыз экспертизаны жана иштеп чыгууларды жүргүзүүгө тартууга;
- башка мамлекеттик башкаруу органдарынын жетекчилеринен жана кызмат адамдарынан, юридикалык жана жеке жактардан экологиялык жана техникалык коопсуздуктун абалы жөнүндө маалыматты, өндүрүштүк мертинүүлөрдүн себептери, жарылуучу материалдар менен химиялык заттардын чыгымдалышы жана алардын сакталышын камсыздоо жөнүндө маалыматтарды суроого жана акысыз алууга;
- мамлекеттик органдарга (лицензияларга) лицензиянын жарактуулугун токтотуу жөнүндө, же аларды кайрып алуу, уруксат берүүнүн (күбөлүктүн) колдонулуу шарттарын аткарбаган, же болбосо экологиялык жана техникалык коопсуздуктун талаптарын одоно бузуу аныкталган учурда, эгер бул кылмыштык жоопкерчиликке кириптер кылбаса, ошондой эле күбөлүктөрдүн колдонулуусун токтотуу сунуштарын белгиленген тартипте киргизүүгө;
- мыйзамда белгиленген тартипте төмөнкүлөргө тыюу салат:
  - адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна, курчап турган чөйрөгө коркунуч жаратуучу, экологиялык жана техникалык коопсуздуктун талаптарын бузууда объекттерди (жумуштарды), өндүрүштүк бөлүмдөрдү жана юридикалык жана жеке адамдардын жабдууларын эксплуатациялоого;
  - кабыл алуунун бекитилген актысы болбогон обьекттерди өз алдынча курууга, ошондой эле мыйзамдык жана башка ченемдик документтердин талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн курулуштарга, реконструкцияларга кеңейтүүлөргө, техникалык жабдуулар менен кайра жабдууга жана обьектти эксплуатациялo-

ого жана башка жумуштарга;
- экологиялык ченемдерди жана эрежелерди бузуу менен экологиялык жактан кооптуу жүктөрдү (буюмдарды), чийки зат ресурстарын ташууга, ошондой эле алардын транзитине (андан ары транспорттоого), мыйзамдарга ылайык аларды колдонуу табигый чөйрөнүн булгануусуна же жакырланышына алып келген, адамдардын жана жаныбарлардын ден соолугуна зыян келтирген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган продукцияны, заттарды жана материалдарды өндүрүүгө жана колдонууга;
- илимий уюмдар менен макулдашуу боюнча республиканын аймагында жашаган (өсүп келе жаткан) жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерине зыян келтирүүчү же адамдардын ден соолугуна зыян келтире турган жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү алып келүүгө, алып чыгууга, чыгарууга, жайгаштырууга жана климатташуусуна;

- жаратылышты коргоо мыйзамдарындагы, транспорт каражаттары, жаратылыштын мыйзамсыз табылган обьекттерин, анын ичинде жаныбар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү укук бузуу документтерин, куралдарын (предметтерин) мыйзамдарда белгиленген тартипте текшерүүгө, кароого, кармоого жана документтерди алууга;
- мамлекеттик органдардан, коомдук уюмдардан жана бирикмелерден, ошондой эле жеке адамдардан кармалган, алынган же мыйзамда белгиленген тартипте конфискацияланган, мыйзамсыз жол менен алынган объекттерди же жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн (анын ичинде токой, аңчылык жана башка) продукциясын, ошондой эле алардан алынган буюмдарды сактоого жана транспорттоого жана белгиленген тартипте сатуу үчүн кабыл алууга;
- министрликтердин, административдик ведомстволордун, чарбакер субъекттердин жетекчилерине ведомстволук объекттерде курчап турган чөйрөгө булгоочу заттардын чыгарылышын (ыргытылышын) контролдоо пункттарын (көчмө) (постторун) түзүү жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;
- чарбакер субъекттерде өндүрүлгөн төмөнкүлөр үчүн акы төлөө суммасынын эсебинин тууралыгына контролдук жүргүзүүгө:
  - айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу;
  - жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жаратылыш ресурстарын пайдалануу, чет өлкөлүк мергенчилер үчүн жапайы жаныбарлардын олжолору, булгоочу заттардын чыгарылышы, ыргытылышы;
  - иш жүзүндө жана ченемдик-уруксат берүү документтерге ылайык курчап турган чөйрөдө калдыктарды жайгаштыруу;
- өндүрүштөн натыйжалуу жана ишенимдүү эксплуатациялоонун, ошондой эле кызмат көрсөтүүнүн коопсуздугун талаптарын канааттандырбаган электрдик жана жылуулук чыгаруучу жабдууларды алып салууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарын бузуу менен же максаттуу багытында эмес пайдаланылган жер участокторунун мажбурлап алынгандыгы жөнүндө сотко билдирүүгө;
- экологиялык жана техникалык коопсуздуктун бузулушу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн уюмдардын жетекчилерин жана башка кызмат адамдарын, ошондой эле жарандарды чакырууга;
- экологиялык жана техникалык коопсуздуктун талаптарын системалуу түрдө бузуп жаткан кызмат адамдарын тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунушту министрликтердин, ведомстволордун жана уюмдардын жетекчилерине киргизүүгө;
- мыйзамда белгиленген тартипте айырмалоо белгилери бар бекитилген үлгүдөгү форманы кийип жүрүүгө, ок атуучу куралды жана атайын каражаттарды мыйзам чегинде сактоого, алып жүрүүгө жана колдонууга;
- экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча коомдук (штаттан тышкары) инспекторлор тармагын түзүүгө;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде эл аралык кызматташууну ишке ашырууга жана эл аралык уюмдарда катышуучу (мүчө) катарында белгиленген тартипте чыгууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкү сунуштарды киргизүүгө:
  - экологиялык жана техникалык коопсуздук чөйрөсүндө контролдоо көзөмөлдөө иштерин өркүндөтүү боюнча;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жыйындарында министрликтердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, чарбакер субъекттердин жетекчилеринин экологиялык жана техникалык коопсуздук маселелери боюнча отчетторун угуу жөнүндө;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, министрликтердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын экологиялык жана техникалык коопсуздук жаатындагы мыйзамга каршы келген чечимдерин токтотуу тууралуу.

## 7. Жоопкерчилик

20. Мамэкотехинспекциянын кызмат адамдары аларга жүктөлгөн кызматтык милдеттерин аткарбаган же тиешелүү түрдө аткарбаган, мыйзамга каршы аракеттерди жасаган (аракет кылбаган) учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартип, административдик, материалдык жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышат.

21. Мамэкотехинспекциянын кызматкерлеринин аракеттерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.



# Кыргыз Республикасында “жашыл салыктарды” киргизүү потенциалы

**Бакыт Сатыбеков, Аида Каптагаева**
Борбор Азиянын аймактык Экологиялык Борбору

Экологиялык же “жашыл” салыктар тиги же бул формасында экономикалык жактан өнүккөн бардык өлкөлөрдө бар. Бул айлана чөйрөнү коргоого байланыштуу салыктар жана алар “бардык салыктар, аларды алуу базасы айлана чөйрөгө спецификалык терс таасирин тийгизет” деп аныкталышы мүмкүн.

Экологиялык салыктарды колдонуу зарылчылыгы алгачкы жолу Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча Европа биримдигинин 1-Аракет программасында расмий деңгээлде тастыкталган жана “булгаган төлөйт” принцибин ишке ашыруу менен байланышкан.

Ушул тапта “жашыл” салыктар Евробиримдиктин көпчүлүк өлкөлөрүндөгү салык системаларында олуттуу орунду ээлеп келет. Экономикасы трансформацияланып жаткан өлкөлөрдүн арасында Польша, Венгрия жана Эстониянын тажрыйбасы көңүлдү бурдурат. Бул чөйрөдөгү прогресске бир катар жаңы индустриалдык мамлекеттер, анын ичинде Тайвань, Корея, Малайзия, Таиланд, Сингапур да жетишти.

“Жашыл” салыктар төмөнкү топторго бөлүнөт:

- энергетикалык салыктар;
- транспорттук салыктар;
- булгаган үчүн төлөмдөр;
- калдыктарды орноштурган үчүн төлөмдөр;
- глобалдык өзгөрүүлөргө алып келген заттарды таштаганы үчүн салык;
- шуулдоо таасири үчүн салык;
- жаратылыш ресурстарын колдонуу үчүн төлөмдөр.

Ушул топтогу салыктардын айрымдары Кыргыз Республикасында да колдонулат. Мисалы, булгаган үчүн жана калдыктарды жайгаштырган үчүн төлөмдөр, роялти – жер кыртышын иштетүү максатында колдонуу үчүн учурдагы төлөмдөр, бонустар –геологиялык чалгындоо жана пайдалуу казып алуулар кендерин иштетүү максатында жер кыртышын колдонуу укугу үчүн төлөмдор, ошондой эле транспорттук салык деп да эсептесе боло турган кыймылсыз мүлк салыгы.

Бул макалада биз ушул салыкты транспорт үчүн салыкка алмаштыруунун келечегин карадык, антккени бул жыйноо жана башкаруу жагынан алып караганда дагы да оптималдуу деп саналат.

Бардык авто колдонуучуларга белгилүү болгон жана 2009-жылы киргизилип жатканда бир топ сын пикирлерди туудурган “4 топ: транспорттук каражат, өзү жүргөн машинелер жана механизмдер” боюнча мүлккө салык чогултуу механизми убактысы, нерв жана акча чыгымдары жагынан чыгашалуу жана оор. Ошондо бардык автоколдонуучулар катталган жери боюнча салык органдарына келип, ал жерден папке сатып алыш керек болуп, ага салык боюнча маалыматтык эсептер, техпаспорттордун көчүрмөлөрү ж.б. тиркелген. Бул салык инспекцияларынын өзүндө укмуштуудай чоң ресурстарды алып, салык инспекцияларында да, ыйгарым укуктуу банктарда да, албетте техникалык кароо пункттарында да узун кезектерди жаратты.

Бул мехнизмдин кемчилиги – автотранспорт



анткени ким көп колдонсо, ошол ошончолук көп төлөйт; ким чоң көлөмдөгү жана ошондон улам күйүүчү майды көп сарптаган транспортту колдонсо, ал ошончолук көп төлөйт; ким чөйрөнү кирдетсе, ошол төлөйт. Сыр эмес, Кыргызстанда кээде гана өз транспорттук каражатын колдонгон да айдоочулар бар (мисалы, пенсионерлер), бирок алар башкалар менен тең эле салык төлөйт.

Салыкты чогултуу методикасын өзгөртүү мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнө таасирин тийгизе алабы?

Ушул макаланын авторлору муну расмий статистикалык маалыматтар аркылуу текшерүүнү чечишти. 2011-жыл үчүн маалыматтар азырынча чыга элек. Андыктан эсептөө үчүн Улуттук статистикалык комитеттин “КР Тышкы соодасы. 2005-2010-ж.ж”, “Өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүнүн өндүрүшү. 1994-2010-ж.ж.” басылмаларын колдонду.

Бул басылмалардагы маалыматтар автомобиль бензининин же дизелдик күйүүчү майдын тоннасы менен чагылдырылгандыктан оор эмес эсептөөлөрдүн жолу менен күйүүчү майдын бул түрүнүн тыгыздыгы тууралуу маалыматты колдонуу менен 2009 жана 2010-жылдар үчүн Кыргызстанда колдонулган күйүүчү майдын болжолдуу эсеби чыгарылды.

Белгилей кетчү жагдай, статистикалык маалыматтарда мүнөздөмөсү, б.а. бензин үчүн октан саны (А-72, А-80, АИ-92, АИ-95, АИ-98) жана дизелдик майдын түрү (жайкы, кышкы, арктикалык) боюнча

каражаты техникалык кароодон өтүп жатканда салык жыйналып жаткан. Болбосо эч ким эч качан төлөбөйт болчу. Андыктан техникалык кароону жокко чыгаруу менен ушул салыкты чогултуу кескин азаят деген коркунуч бар. Ал эми баарына белгилүү болгондой, кийинки жылдан тарта коммерциялыктан башка бардык транспорт милдеттүү техникалык каттоодон өтпөй калат.

Грузиянын мисалы: бул өлкөдө салык күйүүчү майдын баасына кошулган – бул авто, мототранспорт каражаттарынан салык чогултуу боюнча эң жөнөкөй жана акыйкат механизм.

- Биринчиден, салыкты жыйноо АЗСте күйүүчү майды куюп жатканда, же киргизип жатканда, же өндүрүштө ишке ашырылат. Аны салык органдары оңой эле тескей алат.
- Экинчиден, салык органдарында эч ким катталбай деле койсо болот, анткени салыкты төлөө жансыздандырылып, күйүүчү майдын баасына кошулган.
- Үчүнчүдөн, бул механизм социалдык жактан акыйкат,

**1-таблица. 2009 жана 2010-жылдар ичинде Кыргыз Республикасында КММ ички керектөөсүн эсептөө.**

| КР КММ ӨНДҮРҮШҮ | 2009-ж, | 2010-ж, |
|---|---|---|
| Автомобиль бензини, миң тонна | 9,91 | 15,28 |
| Автомобиль бензини, миң литр | 13 464,67 | 20 760,87 |
| Дизель майы, миң тонна | 47,96 | 38,16 |
| Дизель майы, миң литр | 56 871,70 | 45 266,90 |
| **Жалпысы, миң литр:** | **70 336,37** | **66 027,77** |
| **КР КММ ИМПОРТУ** | | |
| Автомобиль бензини, миң тонна | 523,3 | 423,8 |
| Автомобиль бензини, миң литр | 711 005,43 | 575 815,22 |
| Дизель майы, миң тонна | 220,0 | 247,9 |
| Дизель майы, миң литр | 260 869,57 | 294 068,80 |
| **Жалпысы, миң литр:** | **972 095,00** | **869 884,02** |
| **ЭКСПОРТ ГСМ ИЗ КР** | | |
| Автомобиль бензини, миң тонна | 8,7 | 1,8 |
| Автомобиль бензини, миң литр | 11 864,27 | 2 445,65 |
| Дизель майы, миң тонна | 47,2 | 23,4 |
| Дизель майы, миң литр | 55 950,71 | 27 758,01 |
| **Жалпысы, миң литр:** | **67 862,16** | **30 203,66** |
| **ОШОНУ МЕНЕН КММ ИЧКИ КОЛДОНУЛУШУ** | | |
| Автомобиль бензини, миң литр | 712 605,84 | 594 130,44 |
| Дизель майы, миң литр | 261 790,55 | 311 577,70 |
| **Жалпысы, миң литр:** | **974 396,40** | **905 708,13** |

маалымат жокко эсе. Андыктан арифметикалык орточо тыгыздыкты колдонууга туура келди: автомобиль бензини үчүн - – 0,736 г/см3 , дизелдик май үчүн 0,843 г/см3.

Күйүүчү-майлоочу май (КММ) ички колдонуусунун эсеби Кыргызстанда өндүрүлгөн КММ турат, буга кошумча КММ импорту, минус КММ экспорту жана төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

Эгерде майдын бир литри үчүн салык 50 тыйынга барабар болуш керек деп божомолдосок, анда натыйжада 2009-жыл үчүн салыктын суммасы 487,198.20 миң сомго жана 2010-жыл үчүн 452,854 миң сомго тете болот. Улуттук статистикалык комитеттин кыймылдуу мүлккө салык боюнча маалыматтарына ылайык, 2009-жылы 455,2 млн. сом, ал эми 2010-жылы 400,6 млн. сом чогултулган.

Жогорудагы эсептерден улам, КР МСК азыркыдан да көп салык чогулта алмак деген тыянак чыгарса болот.

Бул салыктын экинчи бети – ал учурда эмнеге сарпталып жатат деген суроо. Буга байланыштуу маалымат жок, болгону ушул салык жергиликтүү деп эсептелери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) бюджетине кетери белгилүү.

Ушул макаланын авторлорунун баамында, бул жол көңүл бурууну талап кылат, анткени транспорттук каражаттар негизинен калк отурукташкан аймактар боюнча жүрөт жана ушул калктуу пункттардын жолуна, ошондой эле дал ушул калктуу пункттардын экологиясына зыян келтирип жатышат.

Калктуу пункттардагы абанын булганганын жана жолдордун сапатын эске алганда, ушул салыкты дагы да көбүрөөк экологиялык, "дагы да "жашыл" кылса жакшы болмок, б.а. жергиликтүү бюджеттерде транспорттук каражат үчүн салыкты топтоодон түшкөн каражатты колдонуу максатын кууш кылуу. Мисалы, 50 пайызы жолду оңдоп-түзөөгө же кайра калыбына келтирүүгө, ал эми 50 пайызын түрдүү эко багыттагы максаттарга.

Баса жолдордун сапаты ошондой эле транспорттук каражаттардын кыймылдаткычында күйүүчү майдаын чыгашасына да таасирин тийгизет, абага иштетилген газдар ташталат, бул да калктуу пункттардын экологиясына таасирин тийгизет.

Энергочыгымдарды азайтуу боюнча заманбап технологиялык чечимдерди киргизүүгө; энергиянын башка булактарын колдонуу үчүн жабдуу сатып алууга; ЖӨБ өзүнүн имаратттарында, ошондой эле ЖӨБ социалдык инфраструктурасынын объекттерине энергиянын натыйжалуулугун арттыруу максатында калыбына келтирүүгө ЖӨБ органдарынын чыгашалары абага парник газдарынын ташталышын азайтпастан гана, ошону менен бирге келечекте ушул объекттерди кармоого кеткен чыгашаларды да азайтууга, мындан улам ЖӨБ органдарынын каржы туруктуулугун арттырууга жол ачат.

ЖӨБ аймактарын жашылдандыруу; ЖӨБ аймагында катуу тиричилик калдыктарын чогултуу, кайра иштетүү жана утилизациялоо экологияга гана




салым кошпостон, ошону менен бирге аймактын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө да жардам берет. Мисалы, бул иштер үчүн жумушсуздарды тартса болот.

Эко-багытталган чыгашалардын дагы бир, маанилүү аспектиси – бул биздин жарандардын айлана чөйрөгө аяр мамиле жасап, аң-сезиминин өзгөрүүсү. Анткени ЖӨБ ушул өңдүү чыгашалары дайыма ЖӨБ органдарынын отчетторунда жана ММКда айтылып турат. Бул болсо коомдун ушул маселеге карата кызыкдар болгон мамилесин калыптандырат.

Ушундан улам Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөрдү ишке ашыруу сунушталат:

- 4 топ (транспорттук каражат, өзү жүргөн машинелер жана механизмдер) боюнча мүлккө салыкты чогултуу жол-жобосун салыкты күйүүчү майдын баасына кошуу менен алмаштыруу.
- Жергиликтүү бюджеттердин алкагында максаттуу фонддорду түзүү, ал жакка ушул салык которулмак.
- Ушул фонддун каражаттарын айлана чөйрөнү жакшыртууга түз же кыйыр түрдө таасир эте турган максаттарга гана колдонуу.

Сүрөттү тарткан **Долгополова Дарья,**
«Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде» сүрөттөр жана плакаттар сынагынын катышуучусу (БУУӨП, ӨСИ, КСФ).

# ЖАШАСЫН ЖАРЫК!



## Ивановканын тургундары кантип караңгылыкты жеңгени тууралуу баян

**Гуляим Шамшидинова**

**Садовое – 500 калкы бар, негизги трассадан оолак жайгашкан чакан айыл. Кыргызстанда мындай айылдар жүздөп саналат да, алардын бир азы гана жакшы шарттары, анын ичинде көчө жарыгы менен мактана алат. Бирок Садовоенин тургундары кечки көчөлөрдүн түбөлүк караңгылыгынын чыгуу амалын таап, жарык менен камсыздай алышты. Болгондо да ӨЗДӨРҮ жасашты.**

Эки жыл мурда айылдын бир тургуну ишинде көпкө кармалып, үйүнө кеч кайтат. Жолдон чыккан машина аны үйүнөн алыс жерге таштап кетет, көчөдө болсо бир шамчырак жок, көзгө сайса көрүнгүс караңгы эле. Садовоеде туулуп өскөндүктөн адашпасы анык эле, бирок аркы имерилиштен эмне болорун күтүп болобу? Ошентип, ага капыстан кол салган бейбаштар чөнтөгүн тазалап тим болбостон, өзүн да жанчып кетишет. Ким урду деген суроого бечара караңгыда көрбөсө, кайдан билмек. Бул сыяктуу окуя жалгыз эле Садовоеде эмес, Кыргызстандын башка да бир айылында болушу ыктымал (бул окуяны автор өз оюнан чыгарган).

Тилекке каршы, Кыргызстандын кайсы айылын алба, мындай окуя ар бирине тааныш болсо керек. СССР ыдырагандан бери алыскы айылдын инфраструктурасын колго алган эч ким жок. Суусуз жашай албагандыктан суу жагына арга жок көңүл бурушса, көчө жарыгына кол тийген да эмес. Ошондой эле айылдыктарга азыраак муктаждай көрүнгөн жолдорго, клубдарга, спорт аянтчаларына да кол жетпейт. Эгер жакшылап ойлонсо, көчө жарыгы менен клубдун ортосундагы байланыш бар. Мунун баары адамды адам кылган, анын телегейин тегиз кылган шарттар эмеспи. Турмуш деген маданият менен тарбиянын көзгө көрүнбөс жиптери менен чырмалышкан. Эгер айылда жаштар бош убактысын өткөрө турган жай болбосо, күндүн батышы менен үйлөр тумалак бекитилсе, жарыктын жогунан турмуш токтоп калса, адамдар өздөрүн цивилизациялуу коомдо жашайм деп сезе албаса керек.

Кайсы гана башкаруу органы болбосун жарыкты калыбына келтирүүгө аракети узак убакытка созуларын түшүнгөн айылдын тургундары көйгөйдү өздөрү чечүүгө киришти. 2011-жылы айылдык жыйында калк 11 көчө чырагын орнотууну чечти. Чогуулап Ивановка айылдык аймакка ырасмий кат жазып, көчө жарыгы жергиликтүү маанидеги маселе болгондуктан, жергиликтүү башкаруу органынын компетенциясында турат деп эсептешти. Андан соң Швейцария Өкмөтү каржылап, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоорунун колдоосу менен 2011-жылдын соңунда артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча демилгелүү топ түзүшөт. Ал көйгөйлөрдүн бири айылдын көчө жарыгын камсыз кылуу болгон.

Айыл башчысы Кубат Супатаевдин айтымында, Садовое айылынын жети тургунунан турган демилгелүү топ дароо ишке киришти: шамчырактарды орнотуучу жерлерди аныкташты, көрсө мурдагыдай 11 эмес, 15 шамчырак алыш зарылдыгын билишти, бардык чыгымды эсептеп чыгышты. 2012-жылдын июнунда жергиликтүү кеңештин чечими менен Садовое айылынын бардык төрт көчөсүнө 15 көчө шамчырак орнотулду.

Мында жарыкты туруктуу кармоо проблемасын чечүүгө туура келди, анткени жергиликтүү бюджетте көчө жарыгынын акысын төлөө жана күйүп кеткен лампаларды алмаштыруу каралган эмес. Ошондо ойго келбеген чечим алып, ар бир шамчыракты жакын отурукташкан үйгө байлап, үй ээлери жарыктын өз маалында күйүп жана өчүп турушуна көзөмөл кылуу тапшырылган. Лампаларды

сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 75 миң сом бөлүнгөн (башка материалдарды жана иштерди – түтүктөрдү, кабелдерди жана орнотуу акысын эске алуу менен ар бир лампага 5 миңден сом).

Кубат Супатаев негизги максатка жеттик деп эсептейт: «Биз айыл өкмөтүнөн көчө шамдарын сатып алып жана орнотууга каржылык жардам сураганбыз, андан кийин бардык 15 шамчыракты кармоо жагына жоопкерчиликти калк өз мойнуна алган. Ар бир түтүн электр кубаты үчүн айына 10 сомдон төлөйт, бардык техникалык бузуктарды да өзүбүз оңдойбуз. Лампаларды алмаштырганга, майда-чүйдөсүн оңдогонго айылда өз электриктерибиз бар. Бул үчүн биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына ыраазыбыз жана мындан ары айылдын башка жактарына да жарык киргизебиз».

Айыл жашоочулары да ыраазы: эми күн батаары менен балдарды үйгө кубалап кириш кажет эмес, алар көчө жарыгында ойной беришсе болот. Чоңдор да шамчырактын алдына өз кызыкчылыктарына жараша чогулуп алып, турмуш, сүйүү жана саясат тууралу баарлашат…

Пенсионер Александра Александровна Сычкова мындай дейт: «Биздин көчөдө шам күйгөнүнө эки эле күн болсо да, өзгөрүштөр дароо байкалды: көңүл ачылып, карылар камырабай ары-бери басышат, балдар караңгыга чейин коркпой ойношот». Дагы бир пенсионер Өмүрбек Мухамедович Сурантаев болсо пайдалуу жагын белгиледи: «Биэрде баарыбыз мал кармайбыз, караңгыда качан малыбызды айдап кетет деп коркуп жашачу элек, эми шам күйгөнү эчтемеден коркпой калдык. Анан да коңшулар эки жакты карап элеңдебей сүйлөшөбүз. Карыялар эле эмес, жаштар да жарыкка кубанууда».

Мындан башка айыл тургундары арыктарды өз демилгеси жана күчү менен тазалап ирээтке келтирип алганына ыраазы. Арыктын баары узак жылдар бою акыр-чикирге толуп, агын суу көчөлөрдө чөлмөк болуп, жолдун баары ылайга батып талканалып турган эле. Элдин өтүнүчү менен айыл өкмөтү айылга акыр-чикир чыгарган техника алып келди, эл болсо чогулуп, арыктын баарын тазалап чыкты. Акыр-чикирдин ушунча толгонун көрүңүз, аны чыгарганга 5 машина талап кылынды. Эми суу арык менен агып, айдоолорго кетүүдө.

Ивановка айылдык аймактын башчысынын орун басары Канатбек Алиев төмөнкүнү белгиледи: «Айылдын турмуш-тиричилик көйгөйлөрүн элдин демилгеси менен жергиликтүү бийликтин биргелешип чечкени алгылыктуу иш экен. Албетте, жарыкты киргизүү сыяктуу муниципалдык кызматтарды көргөзүү жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын милдети. Бирок биз элдин азыр каалаганы эмне экенин, биринчи кезекте кайсы маселени чечүү керектигин, адамдар кайсы жагын өзү көтөрөрүн дайыма эле биле бербейбиз. Садовое айылынын тургундарынын көчө жарыгын андан ары өздөрү көзөмөлдөп көтөрөбүз деген демилгеси биздин мындан аркы иштерибизге дем берди. Бул саамалык айыл аймагынын башка конуштарына үлгү болду. Бул да болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жамааттардын проблемаларды биргелешип чечүү боюнча жаңы ыкмасы болуп калды. Садовое айылынын мисалында айылдык аймактын жана башка айылдардын борбордук көчөлөрүн электр жарыгы менен жекече камсыздоо жана тейлөө жагын көздөп жатабыз. Башка жактарда да адамдар аң-сезимдүүлүгүн көрсөтүп, жарыкты өз маалында күйгүзүү жана өчүрүү жагын көтөрөт деп үмүт артабыз. Электр кубаты тартыш болуп, бир аз эле карызы үчүн электр сатуучу компаниялар электр жарыгын өчүрө салган азыркы шартта мунун мааниси бийик. Бул багытта иштер жүрүп жатат, салымдардын жана иштин көлөмү эсептелип-чоттолууда. Бул жагынан РЭСтин адистери бизге жардам берип жатат, жакын арада жарыктандыруу проблемасын биротоло чечебиз.

Бирок айыл көчөлөрүндө жагымдуу шарт түзүү жагы эле ишибиздин негизги жыйынтыгы жана сабагы эмес. Биз негизги багыттарды аныктоодо калк менен тыгыз иштөө канчалык маанилүү экенин жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүүдө пикирлеш болуу жагына оогонун байкадык – баарынан маанилүүсү ушул. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү биринчи аткарыла турган иштер калктын өзүнөн чыгып, аны ишке ашыруу боюнча чечим биргелешип кабыл алыныш керек деген чындыкка көзүбүз жетти».



# Үч-Коргон айыл аймагындагы бала бакча балдарга коопсуз болуп калды





Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу Үч-Коргон жана Масалиев айыл аймактарынын 60 баласы бир бала бакчага барат. Бакчаны айланта коргон болбогондуктан, кечээ эле ата-энелер балдарыбыз бирдеме болбойбу деп кабатыр болуп келишкен. Бакчанын бир ыптасы автожолго чыкса, бир жагы сайга чыгат. Сейилдеп жүргөн кезде тарбиячылар жаны тынбаган бөбөктөрдүн кайда кирип кетерин билбей бушайман боло турган; балдар капыстан кырсыкка кабыларын баары билишчү.

Жалпы көйгөй эки коңшу айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башын бириктирип, акыры алар ЕККУ долбоору колдоп, Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган муниципалдар аралык кызматташтык порграммасынын алкагында грантка бирге арыз жазышты. Конкурста жеңип, каржылык алган арыздын күчтүү жактары жамааттар үчүн анык көйгөй, балдар өмүрүнө жана коопсуздугуна коркунуч, ошондой эле эки муниципалитеттин биргелешкен аракети болуп калды. Темир дарбазалуу кирпич тосмого деп эки муниципалитет 1000 евро алды. ЕККУнун каржылык колдоосуна жана тосмону өз колу менен орноткон ата-энелердин аракетине жараша 2011-жылдын күзүнө карата тосмо толук ишке берилди. Ата-энелердин салымы долбоордун жалпы наркынын 23 пайызын түздү. Эми балдарын бакчага калтырган ата-энелер да кабатыр болбой калды, тарбиячылар болсо аларды коркпой сейилге чыгарат.

**Камиля Исмаилова, эне:** «Дарбазасы да, тосмосу да жарабай калгандыктан, улуу топто тарбияланып жаткан кызымдын өмүрү дайыма коркунучта болуп келген эле. Анткени, ал кайсы учурда болбосун машина жолго чуркап чыгышы мүмкүн болчу. Жүрөктү өйүткөн көйгөйдү чечкен ЕККУ менен Өнүктүрүү саясат институтуна, андан тышкары колу уста ата-энелер менен бакчанын жамаатына ыраазымын».

**Ширин Касымова, тарбиячы:** «Биздин бала бакчага ар кайсы айылдын, ар кыл улуттун балдары келишет, бирок алардын ата-энелери чогулуп, жаңы тосмону курууга өз салымын кошту. Ата-энелер да, бакчанын жамааты да иштин жыйынтыгына ыраазы – балдары коопсуз, андан артык эчтеме болбойт да».

**Гуляим ШАМШИДИНОВА**

**Солдогу сүрөттө - реконструкцияга чейинки дарбаза жана тосмо, оңдо - ошол эле объекттер оңдоп-түзөө иштеринен кийин.**







**Муниципалитеттердин тургундары айылдын кайсы көйгөйүн биринчи кезекте чечиш керектигин жакшы билишет. Кээ бир жерлерде бул жолдор, айрым жерлерде көчөнү жарыктандыруу, ал эми кээ бирде бала бакчанын тосмосу болот. Бирок адатта адамдар жашоо шартты жакшыртуу боюнча ЖӨБ органдарынын аракеттерин байкашпайт жана өзгөрүүлөр мүмкүн дегенге ишенишпейт. Анткен менен Кыргызстанда жарандар менен ЖӨБ органдары тил табышып, аракеттерин бириктирген мисалдар да аз эмес. Мындай учурларда натыйжасы күткөндөн да мыкты болуп, ишенбестик жоюлуп, көйгөйлүү маселелер чечиле баштайт. "Муниципалитет" журналынын бул санында биз ушундай үч окуя тууралуу баяндап беребиз: жарандар ЖӨБ менен биргелешип бала бакчанын тосмосун куруп, көчөнү жарыктандырып, балдар аянтчасын уюштурушту. Ушул үч окуяда тең калктын аракеттери да, жергиликтүү бюджеттин чыгашалары да байкалат. Мындай окуялар көнүмүш болуп, жарандардын артыкчылыктарынын жергиликтүү бюджеттерде чагылдырылышы система, бузулбаган эреже болуп каларына ишенебиз. Жарандардын артыкчылыктары 2013-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин долбоорлоруна кантип кошулуп жатканы тууралуу "Муниципалитет" журналынын кийинки санында окуңуз.**

**Өнүктүрүү саясат институту "Муниципалитет" журналын өздүк жеке жана, ошондой эле, эл аралык донордук уюмдардын жана долбоорлордун каражаттарынын эсебинен басып чыгарат, жана ошол колдоонун артынан биз бул журналды акысыз таркатканга мүмкүнчүлүгүбүз бар!**

**Биз кызматташтыктын жана координациялоонун жакшы үлгүлөрүн көрсөткөн бардык өнөктөштөрүбүзгө терең ыраазычылык билдиребиз.**

**Бул чыгарылыш ЕККУнун Бишкектеги Кеңсесинин "Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жаңжал потенциалын төмөндөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү" долбоорунун каржылоосунда жарык көрдү.**

ОБСЕ

Европадагы Коопсуздук жана
кызматташтык уюмунун
Бишкектеги Борбору